МАЙ - ИЮНЬ
2009 №3 (20)

ISSN 1694-5719

# Ак Башат

Руханий, маданий жана адабий журнал



## Адамдын табиятына ылайык келген акыркы дин - ИСЛАМ

Акыйкат

**Ислам – адам баласынын табигый муктаждыгын камсыздаган улуу дин**

Төр маек

**Мухтар Атаналиев көркөм тасмага тартылабы?**

Алгы максат

**Куран менен жуурулуша жашоо**

ISSN 1694-5719

Руханий, маданий жана адабий журнал
# Ак Башат
Май - Июнь 2009 №3 (20)




**Журнал ээси:**
**"Bashak" ЖЧК**

**Редакциялык жамаат:**
**Башкы редактор:**
Акылбек Халбеков
**Жооптуу редактор:**
Абдуррахим Молдогазиев
**Дизайнер:**
Руслан Аруунов
**Редакциялык кеңеш:**
Кенжебек Чыйбылов
Шамшидин Маматкулов
Бакыт Жунусалиев

Журнал КР Адилет министрлигинде катталган. Каттоо күбөлүгү №1125.
Журналга келген кол жазмалар кайтарылбайт жана рецензияланбайт.
Журналга жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Журнал редакциянын компьютердик борборунда даярдалды.

Биздин дарек:Бишкек шаары, Шабдан Баатыр көчөсү 4-б 5-кабат

тел.: (312) 531125, 533312
www.akbashat.kg, akbashat@yahoo.com, akbashat@islam.kg

Урматтуу окурмандар!
Ак Башатта аят, хадистер жана Алла Тааланын ыйык ысымдары болгондуктан, журналды ыплас жерлерге таштабооңуздарды өтүнөбүз!

# РЕДАКТОРДОН

## Ассаламу алейкум урматтуу окурмандар!

Жараткан Алла насип кылып табият көркkө бөлөнгөн жаз күнүндө сиздер менен кайрадан жүз көрүшүп турганыбызга абдан кубанычтабыз!

Урматтуу окурмандар, биз бул санда Исламдын адам баласынын бардык муктаждыгына жооп берген улуу дин экенин негизги тема катары козгоп, бул жаатта азыноолак маалымат берүүнү туура көрдүк. Айрым замандаштарыбыз Исламды мечит жана парз кылынган күнүмдүк ибадаттар менен гана чектелүү деп түшүнүп, Исламды ошого жараша тар мааниде түшүндүрүүгө далаалат кылып келишет. Бул кадам туура эмес.Тескерисинче Ислам дини пендезат төрөлгөндөн тарта өлгөнгө чейин баса турган кең алкактуу улуу жол. Ислам дини ыйман келтирүү, намаз окуу, орозо кармоо, зекет, кайыр-садага берүү, ажыга баруу делген негизги парздардан тышкары илим алууну, аны элге жайылтууну, үй-бүлө күтүп, аны маңдай тер, адал ырыскы менен багууну, балдарга таалим-тарбия берүүнү, колунда жокторго жардам берүүнү, коомго болсун, жеке адамга болсун кайлыс, ак ниет менен мамиле кылууну, эл-журтка пайдасы тийе турган кандай гана адал иш болбосун, колдон келишинче салым кошууну, жигердүү катышууну же уюштурууну, иши кылса жалаң гана пайдалуу иш-аракеттердин баарын, ибадат катары эсептеп, алп турмуштун бардык тарабына адал-арам, жакшы-жаман деп мыйзам-эрежелерди койгон. Буйрулган ар бир ишке пенденин күчү да, дарамети да жетет. Анткени Жараткан Алла бизди өзүбүздөн да жакшы билет, тааныйт. Ошону менен катар колдон келишинче адам баласынын табиятын, ички ааламын Курандын, хадистин жана илимдин негизинде түшүндүрүүгө аракет жасадык.

Бул санда элибизге кеңири таанымал болуп калган мурунку эстрада ырчысы, азыркы чыныгы мусулман Мухтар Атаналиев төр маегибизге мейман болуп, өткөн күндөр, келечек максаттар жана кашкайган акыйкат тууралуу сиздер үчүн маек куруп берди.

Булардан тышкары мусулман баласынын турмушунда зарыл болгон кеп-кеңештер, маанилүү макалалар, кызыктуу суроо жооптор камтылды.

Андыктан ылайым ыйман жолунан адашпайлы! Жалаң гана жакшылыктын, бакыттын, ынтымак, биримдиктин кучагында жашап, Жараткан Алланын алдындагы милдеттерибизди орундатып, эл-журтубузга кызмат өтөп жүрө берели!

akbashat@yahoo.com

# МАЗМУНУ

МАЗМУНУ

## Акыйкат



**Ислам – адам баласынын табигый муктаждыгын камсыздаган улуу дин**

**3**

Хидайет Айдар

## Төр маек



**Ыймандуулукка чакыра турган көркөм тасма тартуу боюнча дагы эки сунуш болуп жатат**

**28**

Мухтар Атаналиев

## Алгы максат



**Куран менен жуурулуша жашоо**

**32**

Али Муслу


**5** Ал-Фаттах

**6** Мусулман өз дининин баркын билиши керек
Өмер Пакиш

**9** Ар бир ымыркай табиятынан акыйкатка ийкемдүү болуп төрөлөт
Кубаныч Айдарбеков

**10** САЛИХ алейхис-салам

**12** АБУ ХУРАЙРА Аллах ага ыраазы болсун
Сабыр Боронбаев

**13** Ислам - тынчтыктын дини
Бакыт Мурзараимов

**14** АКЫРКЫ ПАЙГАМБАРДЫН (саллаллаху алейхи васаллам) КЕҢЕШИ
Садык Гавай

**15** КУРАНДА анатомия
Кенжебек Чыйбылов

**18** Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» аттуу эмгегиндеги Куран аяттарынан жана хадистерден алынган мотивдер
Армияс Кусматов

**21** Акыйкат диндин өзгөчөлүгү
Октай Четин

**23** Бир суроо
Алмаз Жусупов

**24** Напсини тескe салуу
Осман Нури Топбаш

**27** «Бисмиллаах» – бул касиеттүү сөз
Рахматулла Бекмуратов

**31** Жетимдин мал-мүлкүн пайдалануу
Абдуррахман Хачкалы

**35** Адам баласынын негизги максаты ага ар тараптан жооп бере алабы?
Фархат Юсупов

**38** Сурооңузга жооп
Чубак Жалилов

**39** Чындык издөө
Иман Кыдыралиев

**40** Жасалма жаназык жандүйнө жарпын жаза алабы?
Нурлан Багышов

**42** Кургак үчүк оорусу
Тургунаалы Бокешов

**43** Коён менен арстан
Шумкар Масаралиев

**44** Адам ааламы
Али Жамалбеков

**46** Ош Мамлекеттик Университети Арашан гуманитардык институтунун теология факультети
Хидает Айдар

**48** Кабарлар


www.akbashat.kg

Бул - Алланын «фытраты» (мыйзамы). Ал адамдарды ошого жараша (Исламга ийкемдүү кылып) жараткан»

**(Рум сүрөсү, 30-аят).**



# Ислам

# – адам баласынын табигый муктаждыгын камсыздаган улуу дин

**Хидайет Айдар**
Теология илимдеринин доктору, профессор

**Акыркы Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) Ислам динин «Адам баласынын табигый өзгөчөлүгүнө ылайык негизделген дин» катары мүнөздөп, бизге мусулман баласы катары ага карама-каршы келген аң-түшүнүктөрдөн жана жашоо ыңгайынан алыс болушубузду буйруган. Бул эреже ошол эле учурда ибадаттар үчүн да өз күчүн сактайт".**

Алла Таала жаамы жандуу-жансызды белгилүү мыйзам-эреженин негизинде жараткан. Ар бир жандуу-жансыздын өзүнө тиешелүү максаты, аткарган кызматы бар. Алардын ар бири Жараткан Кудурет тарабынан белгиленген өзгөрбөс мыйзамдын негизинде өз кызматын өтөп келет. Аяттардын биринде **«(Алла Таала) асманды көтөрүп, таразасын орнотуп койгон»** (Рахман сүрөсү, 7-аят) делип, асман мейкиндиги үчүн белгилүү бир мыйзам белгиленгендиги маалымдалат. Бул дүйнөдө жашаган жандуу-жансыздар, алардын ичинен биз адам баласы үчүн өзгөчө маанилүү Күн, Ай баш болгон асман телолорунун баары дал ушул өзгөрбөс мыйзамдын алкагында айланып жүрөт. Бул багытта Куран аяттарында: **«Күн жана Ай белгилүү бир эсептин (эреженин) негизинде (айланат)»** (Рахман сүрөсү, 5-аят) **«Күндүн Айга жетиши мүмкүн эмес. Ошондой эле түн дагы күндүздөн өтүп кете албайт. Алардын ар бири өздөрү үчүн белгиленген мыйзам боюнча өз огунда сүзүп жүрөт»** (Ясин сүрөсү, 40-аят) деп буюрулат. Мындан сырткары Ыйык Куранда ар бир нерсе белгилүү бир тартиптин, белгилүү бир эреженин, белгилүү бир мыйзамдын чегинде болгондугу жөнүндө дагы көптөгөн аяттар бар. **«...Ага ар бир жалбырактын түшүүсү да белгилүү...»** (Анам сүрөсү, 59-аят).

Бул мыйзам Куранда **«суннатуллах»** (Жараткан Алланын мыйзамы) деп аталып, анын өзгөрбөс болгондугу тууралуу: **«Бул илгери эле (жаамы жандуу-жансыз үчүн) белгиленген суннатуллах! Сен Жараткандын мыйзамында кандайдыр бир өзгөрүш болгондугун байкай албайсың (андан эч качан кемчилик таба албайсың!)»** (Ахзаб сүрөсү, 62-аят) делет.

Алла Таала адам баласын ушул **«суннатуллахтын»** алкагында жаратып, ошого жараша жууруп ийге келтирген. Ошондуктан ааламдагы мыйзам менен адамдын турган турпатынын ортосунда бири-бири менен айкалышкан окшоштук бар. Куранда бул **«фытратуллах»** делип, адам баласы

akbashat@yahoo.com

ошого жараша жаратылгандыгы маалымдалат: **«... Бул - Алланын «фытраты» (мыйзамы). Ал адамдарды ошого жараша (Исламга ийкемдүү кылып) жараткан»** (Рум сүрөсү, 30-аят).

Жараткан Алла бизге өзүбүздүн табигый өзгөчөлүгүбүзгө жараша туура жолдун багытын көрсөтүп берген. Бул жол биздин табигый бардык муктаждыктарыбызга толук кандуу түрдө жооп бере тургандай таризде белгиленген. Жогорудагы Рум сүрөсүнүн 30-аятынын башында Жараткан Алла Таала Азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбарыбыз аркылуу бүтүндөй инсаниятка кайрылып, аларды өздөрүнүн табигый өзгөчөлүгүнө шайма-шай келген багытка чакырып, адамды туңгуюкка жетелеген жаңылыш ишенимдерден арылышын буюрган.

Ислам дининин эреже-мыйзамдарынын баары ааламдагы тартипке да, адам баласынын табигый түзүлүшүнө да ылайык келет. Бул жагдай эч кимге өз күчүнөн тышкары жүк жүктөлбөй тургандыгы менен аныкталган. Бакара сүрөсүндө бул багытта: **«Алла Таала эч кимге өз күчүнөн тышкары милдет бербейт»** (Бакара сүрөсү, 286-аят) деп буюрулат. Тагыраак айтканда, Ислам динииндеги эрежелер, бизге милдет катары берилген ибадаттар, тыйуу салынган жагдайлардын баары адамдын табиятына шайма-шай келип, анын күчү жете турган нерселер болуп эсептелет.

Ислам дини негизги эреже катары алгач адам баласынын күнөөсүз болгондугун эске алуу менен кадам шилтейт. Ислам динибиз боюнча, эч ким энесинен «күнөөкөр» болуп төрөлбөйт. Эч бир адам атасынын же энесинин күнөөлөрүнөн жоопту эмес. Азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбарыбыз бир хадисинде **«ар бир наристе Жаратканд ын ошол «фытраты» (адамдын табигый өзгөчөлүгүнө шайма-шай келген эрежеси) боюнча төрөлөөрүн, кийин ата-энеси аны бул ийкемдүүлүгүнөн башка багыттарга жетелөө мүмкүндүгү болгондугун»** баса белгилеген. Бул хадис бизге ар бир наристе энесинен таптаза болуп төрөлгөндүгүн айгинелеп турат. Азирети Пайгамбарыбыз бул хадисинде «фытрат» деген сөзү менен Ислам динин белгилеп, дүйнөнүн кай жеринде, кайсыл үй-бүлөдөн болбосун, ар бир ымыркай «Исламга жатык» болуп төрөлөөрүн, бирок ата-энеси, айлана-чөйрөсү же алган тарбиясы аны жаңылыш ишенимдерге жетелеп, адал жолдон оолак өмүр кечиришине себепкер болоорун маалымдаган.

Пайгамбарыбыз Ислам динин «адам баласынын табигый өзгөчөлүгүнө ылайык негизделген дин» катары мүнөздөп, бизге мусулман баласы катары ага карама-каршы келген аң-түшүнүктөрдөн жана жашоо ыңгайынан алыс болушубузду буйруган. Бул эреже ошол эле учурда ибадаттар үчүн да өз күчүн сактайт. Ислам дини боюнча, Алла Таалага ибадат кылуу өтө соопту иш. Ошондуктан Алла Таала аны бизге милдет катары берген. Ошону менен бирге Ислам дининде ибадат кылууда да ашкереликке жол бербөө керектиги маалымдалган. Себеби ал адамдын табигый түзүлүшүнө карама-каршы келет. Бул багытта мынабул окуя далил боло алат:



Күндөрдүн биринде үч сахаба «канткенде чыныгы толук мусулман боло алабыз?» деген суроонун жообун издегенге аракет кылышат. Бирок так, даана, өздөрүн канааттандыра турган жооп таба албаган соң, акыркы Пайгамбарга барып, жообун алмакка бир чечимге келишет. Ошентип Пайгамбарыбыздын үйүнө барышат. Бирок Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) үйүндө жок болот. Үчөө ээрчишип кетип баратып араларынан бири «мындан кийин күн сайын түнкүсүн уктабай таң атканча намаз окуйм» дейт. Экинчиси «мен дагы мындан кийин күнүгө орозо кармайм» дейт. Ал эми үчүнчүсү мындан кийин жубайы менен жакындашпоого, болгон күч-аракети менен өзүн ибадат кылууга арнаарын айтат. Алардын сөзүн угуп калган азирети Аиша Пайгамбарыбыз

үйгө келгенден кийин баарын төкпөй-чачпай айтып берет. Пайгамбарыбыз буларды угаары менен маңдайындагы тамыры шишип кызарып кетет. Пайгамбарыбыз бир нерсеге ачуусу келгенде ушинтип кызарып кете турган. Дароо мечитке келип, жамаатка мынабуларды айтат: **«Араңарда Аллага жакын кул болуу үчүн мындан кийин күн сайын түнүчүндө уктабай таң атканча намаз окуй тургандыгын, күн сайын орозо кармай тургандыгын жана жубайы менен кошулбай тургандыгын айткандар бар экен. Мен Алланын Элчиси катары түнүчүндө намаз окуйм да, уктайм да. Кээ бир күндөрү орозо кармайм, кээ бир күндөрү кармабайм. Ошондой эле мен жубайым менен да болом. Менин сүннөтүм ушундай! Ким менин сүннөтүмдөн жүз үйрүсө, ал менден эмес!...».**

Азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбарыбыз бул сөзү менен ашкереликке түшүп, табигый өзгөчөлүгүнө карама-каршы мамиле жасай тургандарга туура багытты көрсөтүп, мындай иштерге терс көз карашын билдирген.

Кээ бир диндерде өкүлдөрүнүн баары эмес, өзгөчө дин чөйрөсүндөгү адамдарынын үйлөнүшүнө кескин түрдө тыйуу салынган. Булар эркек болсун, аял болсун, үйлөнбөстөн өмүр бою жалгыз жашайт. Муну менен алар Кудайга дагы да жакын пенде болобуз деп ойлошот. Мындай түшүнүк биздин Ислам динибизге төп келбейт. Себеби ал адамдын табиятына караманча карама-каршы келет. Алла Таала адамдарды үй-бүлө куруулары үчүн «аял» жана «эркек» түрүндө эки топко бөлүп жаратып, алардан никелешип баш кошууларын талап кылган. Бул жупташуу эрежеси жеке эле адам баласы үчүн эмес, жан-жаныбарлар болсун, өсүмдүктөр дүйнөсү болсун, айтоор, бардык жандуу-жансыздар үчүн да жандуулугун сактайт. Ошентип Алла Таала бул өзгөчөлүктү адам баласына да ширетип, үй-бүлө курууларын буйруу менен анын белгилүү эрежелерин кошо белгилеген. Ошондуктан үйлөнбөө – Жараткандын буйругуна каршы чыгуу, дегенди түшүндүрөт. Күнүмдүк турмушта бул топтогу кээ бир адамдардын адамды ирээнжиткен түркүн түстүү жат иштерге барып жүргөндөрүн угуп-окуп жүрөбүз. Ислам дини ар бир мусулман баласынан никеге туруу зарылчылыгын талап кылуу менен бойдокчулуктан улам келип чыга турган көйгөйлөрдүн алдын алган.

Андыктан мусулман баласы катары ашкереликке жол бербей, азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбарыбыздын сүннөт жолу менен жуурулуша жашоого умтулуп, Жараткандын ыраазылыгын табууга жанүрөшүбүз керек.





## АЛ-ФАТТАХ

Алла Тааланын **«Ачуучу»** деген маанини түшүндүргөн **«ал-Фаттах»** ысмы ыйык Куранда ысым иретинде бир аятта эскерилет: **«Жараткан Эгебиз баарыбызды бир жерге топтоп, акыйкат өкүмүн чыгарат. Ал – Ачуучу жана Билүүчү» дегин!»** (Саба сүрөсү, 26-аят).

Бакара сүрөсүнүн 42-аятында ахлу китаб, айрыкча жөөттөр ак менен караны бири-бирине аралаштырып, Исламдын акыйкаттыгын билип туруп, ага ишенишпегендиги жөнүндө маалымдалат. Бул дүйнөдө айрым бир күчтөрдүн сырты бал, ичи уу иш-аракеттеринин, алардын кол алдындагы илим чөйрөсүндөгү айрым бир калемгерлердин акка кара көө жапкан ойундарынын туткунуна айлангандар акыйкатты көрбөй одүйнө салышса, акыретте ак менен каранын ортосун Жараткан Кудурет Өзү ажыратып көрсөтүп берет, бардыгы ачыкка чыгат. Бирок бул дүйнөгө кайтып, жакшылык иштерди кылуу, түбөлүк бакытка себепкер болчу Жараткандын жалгыз Өзүнө ибадат кылуу мүмкүнчүлүгү колдон чыгып калган болот.

Куранда бул ысымга уңгулаш сөздөр да бар. Алар этиш иретинде «ачты», «ачтык» деген тариздерде жети жерде өтөт.

Ошентип ал-Фаттах – бул пенделердин ар түрдүү оор кырдаалдарын жеңилдетүүчү, ар кандай оор жагдайлардан алып чыгуучу, жол көрсөтүп ачып берүүчү деген маанилерди туюндурат. Муну күнүмдүк жашообуздун ар кайсы учурларынан ачык-айкын түрдө байкоого болот. Маселен, ымыркай эненин курсагындагы кезинде ага ырыскы жолун ачуучу, бул дүйнөгө келген соң ага эненин көкүрөгүнөн «эки эшик» ачып берген, бул эки эшик жабылгандан кийин «ачуу-таттуу», «кургак-суу» деген төрт эшикти ачкан Зат – бул Алла Таала гана. Ошондой эле Ал - жандүйнөгө ыйман дарагын кыйыштырган, ак менен каранын айырмасын ажыратып ачып берген, оор кырдаалдардан алып чыгып, кубанычка бөлөгөн, береке-кут, бейпилдик ыроологон Улуу Зат.

**АК БАШАТ казынасынан**

akbashat@yahoo.com

# Мусулман өз дининин баркын билиши керек

**«Ант болсун! Биз инсанды (ар тараптан) эң мыкты келбетте жараттык»**
(Тийн сүрөсү, 4-аят)



**Өмер Пакиш**
Теология илимдеринин доктору

www.akbashat.kg

Алла Таала адам баласын жандуу - жансыздардын эң ардактуусу кылуу менен ага акыл-эс, аң-сезим, рух, жандүйнө сыяктуу көптөгөн баа жеткис өзгөчөлүктөрдү ыроологон. Ошол себептен Жараткан Алла ааламдагы милдет-жоопкерчиликти адамзааданын мойнуна жүктөп, аны Өзүнүн өкүлү катары жараткан.

Рухий артыкчылыгынан тышкары адамзаада физиологиялык өңүтүнөн да башка жандуу-жансыздардын баарынан жогору деңгээлде жаратылган. **«Ант болсун! Биз инсанды (ар тараптан) эң мыкты келбетте жараттык»** (Тийн сүрөсү, 4-аят).

Акыл менен рух адамды башка жандыктардан айырмалап турган өзгөчөлүк болуп эсептелет. Окуу, ойлогон ойдон жыйынтык чыгаруу, аны башкага түшүндүрүү, аңдоо сыяктуу артыкчылыктар адам-пендеге гана тийиштүү. Адамзат мына ушул өңдүү артыкчылыктары менен бүтүндөй жандуу-жансызга салыштырмалуу алда канча жогору турат.

**«Ант болсун! Биз адамбаласын артыкча бааладык. Аларды кургакта жана деңизде жүргүздүк. Аларга көптөгөн ырыскы бердик...»** (Исра сүрөсү, 70-аят). Аятта айтылгандай, кай тарапты карабайлы, эмнени пайдаланбайлы Алланын жакшылыгы көзгө урунат. Асыресе, ошонун баары адамбаласынын кызматы үчүн жаратылганын эске алсак, Алла Тааланын бизге канчалык мээримдүү экенин түшүнгөн болоор элек.

**«Алла Таала жердеги жана көктөгү нечелеген нематты ачык да, жашыруун да силердин өкүмүңөргө (кызматыңарга) бергенин көрбөй турасыңарбы?»** (Лукман сүрөсү, 20-аят).

Ысырапкерчиликтен сактануу шарты менен бизге ыроолонгон бул жакшылыктарды Жараткан Алла Өзү койгон чен-өлчөмдүн негизинде пайдаланып, бул дүйнөнүн да, акыреттин да камын көрүшүбүз керек.

Бүтүндөй жандуу-жансыз адамзаада үчүн жаратылган. Ал эми кулпенде болсо Алланы таануу, Аллага кул болуу, ибадат кылуу, Анын буйруктарын орундатуу үчүн жаратылган. Мындай чексиз жакшылыкка карабай, катардагы жөнөкөй бир макулукту Улуу Жаратканга теңөө, же ал макулукка табынуу, сыйынуу эң чоң күнөө катары «ширк» деп эсептелет. Анткени өзүнүн кызматына жаратылган, өзүнүн эркине ыйгарылган нерсени пайдалануунун ордуна адамдын ага сыйынышы, жардам сурап табынышы акыл-эске караманча каршы келген пастык, а түгүл акмакчылык. Алла Таала ошол себептен тообо кыла турган болсо, адамдын "ширктен" тышкаркы бардык күнөөлөрүн кечирээрин билдирген: **«Акыйкатта, Алла Өзүнө шерик кошкондорду (эч качан) кечирбейт, бирок андан башка күнөөлөрдү эгер кимди (кечирүүнү) кааласа, кечирет. Ким Аллага шерик кошсо, ал чоң күнөө жасоо менен бирге жалаа жапкан болот!»** (Ниса сүрөсү, 48-аят).

Алгачкы инсан, алгачкы пайгамбар Адам Атадан (алейхис салам) акыркы элчи Азирети Мухаммадка (саллаллаху алейхи васаллам) чейин келип кеткен бардык пайгамбарлардын эң баш-

кы, эң негизги милдети Жаратканды даңазалоо, элди жамандыктан кайтарып, жакшы жолго салуу болгон. Ошол себептен адамбаласы ширкке, бузуку жолго түшүп туңгуюкка кептелген кезде Алла Таала пайгамбарларын жиберип турган. Эл Кудайдан алыстап, өз колу менен жасап алган жансыз нерселерге сыйынып, Аллага шерик кошкон, адамдын акы-укугу тебеленген, заалымдык чектен чыккан доордо Жараткан Алла Азирети Мухаммадды бүт ааламга эң акыркы Элчи кылып дайындаган. Эскерте кетчү нерсе, мурунку пайгамбарлар атайын бир коомго, же элге белгилүү бир мөөнөт үчүн жиберилген. Азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи васаллам) болсо кыяматка чейин бүт дүйнөгө Элчи катары жиберилген. Азирети Мухаммад жар салган дин кыяматка чейинки мезгилди кучагына алгандыгы себептүү адамбаласынын рухий жана заттык бүт муктаждыгын камсыздай ала турган өзгөчөлүктө болушу керек. Ошол себептен Ислам дини өзүнөн мурунку Кудайы диндердин өзөк мазмунун да камтып келет. Бул өңүттөн Ислам дини Алла Тааланын эң акыркы билдирүүсү, эскертүүсү жана мыйзам-жарлыктары болуп саналат. Биз Исламдын, асыресе, ааламдын сыймыгы атанган Азирети Мухаммаддын нускоосу менен туура жолду тапкандыгыбыз үчүн сүйүнүп, сыймыктанышыбыз керек жана ошондой эле мындай улуу мүмкүнчүлүктү бизге ыроологон Алла Таалага чексиз алкыш айтышыбыз керек.

Бизге теңдешсиз пакиза жолду тартуу эткендиги үчүн Алла Таалага карыздар экенибизди унутпайлы. Береги окуя жалпыбызга сабак болсун.

Өз ыктыяры менен мусулман болгонун милдет кылып бир топ инсан Азирети Пайгамбарыбызга келет. Биз башкаларчылап силер менен чабышыпкырылышып олтурбастан өз ыктыярыбыз менен мусулман болдук. Андыктан бизге өзгөчө мамиле кылышыңар керек деген маанини кыйытышат. Буга күбө болгон Алла Таала төмөнкү аятты түшүрөт: **«Алар сага мусулман болгондугун айтышат. (Сен) аларга: Мусулман болгонуңарды мага милдет кылбагыла. Тескерисинче, эгер чынчыл болсоңор, силерди ыйманга келтиргендиги үчүн Алла силерге милдет кылат!» деп айткын»** (Хужурат сүрөсү, 17-аят). Аятта айтылгандай, ар бир мусулман Ислам менен тааныштырып, ыйманды насип кылган Алла Таалага чексиз алкыш айтышы керек. Алкыш демекчи, муну сөз жүзүндө да, иш жүзүндө да өз эреже-усулу менен чын жүрөктөн жүзөгө ашырышыбыз керек. Ошону менен катар Жаратkандын бизге ыроологон нематтарын талаптагыдай коргоого, сактоого милдеттүү экенибизди жадыбыздан чыгарбайлы. Ислам дини адамдын кадыр-баркын, абийирин коргоо багытталган эреже-жоболорду койгон. Коом болобу, жеке инсан болобу динибиз койгон чектен чыкпай өмүр кечире турган болсо, абийир да, ыймандуулук да сакталат, эки дүйнөнүн тең бактылуулугу камсыздалат. Анткени бизди бизден жакшы тааныган Алла Таала дин Ислам аркылуу адамзатты бактылуулукка жеткире турган жолду сунуш кылган. Адамдын акы-укугун, кадыр-баркын коргоо, мунун арты менен коомдун бейпилдигин камсыз кылуу үчүн коюлган негизги эрежелерди төмөнкүчө тизмектөөгө болот:

1. Ислам дини адамды жана анын жашоосунун бейпилдигин, коопсуздугун, саламаттыгын камсыз кылат. Бул үчүн атайын Куран менен сүннөткө таянган жоболор койулган. Динибизде бир жанды куткаруу бүтүндөй адамзатты куткарууга, ошондой эле бир жанды кыйуу бүтүндөй адамзатты жок кылууга барабар. Койулган жоболордун, эрежелердин асылдыгы, изгилиги мына ушунда жатат. Ошондуктан ар бир пенде өзүнө да, башкаларга да сый мамиле кылууга милдеттүү. Көрүлгөн чаралар Алла Таала бүтүндөй макулукка баш-көз кылып жараткан адампенденин өмүрүнүн, жашоосунун коопсуздугун камсыз кылууга гана багытталат. **«Ким адам өлтүрбөгөн, жана жер жүзүнө бузукулук таратпаган бирөөнү өлтүрсө, анда ал бардык адамдарды өлтүргөнгө тете. Ал эми кимде-ким адам өмүрүн сактаса, ал бардык адамдардын өмүрүн сактап калганга тете»** (Маида сүрөсү, 32-аят). Адам өмүрүнүн ыйыктыгына басым жасаган нагыз гумандуулукту ушул сыяктуу аяттарды камгыган Куран-и Каримден гана табууга болот.

Бул аят өз жанын өзү кыйгандарга да ишаарат кылат. Ошондуктан динибизде өзүн өзү өлтүрүү чоң күнөө болуп эсептелет.

2. Ислам дини бизди башка макулуктардан айырмалап турган акылды коргоонун камын көрөт жана акыл-эсти адал жол менен өөрчүтүүгө багытталган иш-чараларга уруксат берет. Адамды акыл-эссиз элестетүү мүмкүн эмес. Арабыздагы акыл-эстен ажырап, карыпчылыкты баштан өткөрүп жашап жаткандар үчүн жашоонун маани-маңызы жок болгону менен алардын абалы биз үчүн чоң сабак. Ошол себептен адампенде айланадагы болуп жаткан окуялар тууралуу ой жүгүртүп, андан сабак алып, кыпындын да максатсыз жаратылбаганын аңдап, окуп, үйрөнүп, акылды жалаң жакшы жана пайдалуу нерселерге иштетиши керек. Ислам дини акылды жалкоолукка, түркөйлүккө, оройлукка, заалымдыкка колдонбоого жана баңгилик, кумарпоздук, аракечтик, кара ниеттик, сойкулук сыяктуу жат иштерге тыю салган. **«Эй, момундар! Арак, кумар, (сыйынуу үчүн) кадалган таштар жана жаанын огу менен төлгө тартуу – шайтандын ыплас иштери. Андан сактангыла! Мүмкүн кутулаарсыңар?! Чындыгында, шайтан**

akbashat@yahoo.com

**аракта, кумарда ортоңорго душмандыкты жайылтып жана кек сактатып, Алланы эскерүүдөн жана намаздан тосууну каалайт. Мындан ары бул ыплас нерселерден баш тартасыңар, туурабы?!»** (Маида сүрөсү, 90-91-аяттар). Бул аят мусулман коомчулугуна кылт этпей баш ийе турган үч эрежени сунуш кылат.

– Биринчиси, ичимдик жана кумарпоздук сыяктуу Алла Таала тыю салган ыплас иштер.

– Экинчиси, жеке адам болсун, коом болсун, шайтанга тийиштүү болгон ыплас иштен оолак болмоюн бул дүйнөдө да, акыретте да жаман кесептен, азаптан кутула албайт.

– Үчүнчүсү, аятта ачык айтылгандай, каргышка калган шайтан бул өңдүү арам жоруктар аркылуу адам менен адамды касташтырып, бири-бирине душман кылат. Андыктан жамандык атпайдан жаа бою качуу керек. Аныгында, дин Исламдын эң улуу максаттарынын бири – элдин биримдигин чыңап, тынчтыкта, бейпилдикте жашаган коомду куруу болуп эсептелет.

3. Мусулман өз дининин буйруктарын кынтыксыз орундатуу аркылуу Исламды коргоого милдеттүү. Бул маселеде эң негизгиси адамдын ыйманы бекем болушу керек. Ошондо гана Алланын буйруктарын чын көңүлдө аткарылып, дин Ислам адамдын бүткүл жашоосуна кыттай уйуйт. Өз динин коргогон мусулман эң негизги максатына ылайык Алланын буйругун аткарып, тыю салган жаман иштерге барбайт. Ишеним намаз, орозо, зекет, кайыр-садака, илим алуу, аны элге жайылтуу, элди жакшылыкка чакырып, жамандыктан кайтаруу, калкка пайдасы тийе турган нерселер менен алектенишибиз керек. Куру сөздүн куту жок демекчи, ишендим, ыйман келтирдим деп, оңой жол менен Алла убада кылган бейишке жетүү мүмкүн эмес. Исламдын башка диндерден айырмасы мына ушунда жатат. Ибадаттардын ичинен айрыкча намаз зор мааниге ээ. Анткени намаз окуган мусулман күнүнө беш жолу Алланын алдына барып эч кимге зулумдук кылбоого, эл менен бейпилдикте жашоого, ыроолонгон материалдык жана рухий дөөлөттү башкалар менен бөлүшүүгө, кыскасы, жакшылык атпайга жанашып, жамандык атпайдан качууга сөз берет. Бул маселе тууралуу Алла Таала мындай дейт: **«Ажалың жеткенге чейин Раббиңе кулчулук (ибадат) кыл!»** (Хижр сүрөсү, 99-аят). Ошол себептен бул буйрукка ылайык, Алла менен болгон байланышыбызды чыңап, Ага үзгүлтүксүз сыйынышыбыз керек. Зикирсиз, ибадатсыз мусулманмын дегендердин ыйманын бекем деп айтууга болбойт. Башкача айтканда аталган рухий дөөлөттөр менен сугарылбаган ыйманды жандуу кармоо мүмкүн эмес.

4. Ислам дини урпакты сактоо үчүн мусулманга маанилүү милдеттерди жүктөгөн. Мунун эң эле башкы жобосу катары ак нике менен баш кошуунун адалдыгын, зина кылууга тыюу салынганын айтууга болот. Ыйык Куранда да, сүннөттө да мүмкүнчүк бар кезде үйлөнүүнүн зарылдыгына басым жасалган. Маселен, Азирети Пайгамбарыбыз үйлөнүүнү өзүнүн сүннөтү катары таанытып, бардык мусулмандарды бул сүннөттү аткарууга чакырган. Ошону менен катар үйлөнүп урпакты көбөйтүүнү сунуш кылган. Анткени бакубат, дени-сак муунду жаратууга зина жана ушул сыяктуу арам иштер тоскоол болоорун Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) жакшы билген. Жараткан Алла Таала бул маселе тууралуу: **«Зинага жакын жолобогула! Анткени ал өтө ыплас, жаман жол»** (Исра сүрөсү, 32-аят) деп буйруган.

5. Ислам дини мал-мүлктү коргоо вазийпасын мусулманга жүктөгөн. Тактап айтканда мусулман ыралды өз мүлкүн напси каалаган тарапка сарптаганга, каржаганга, ысырапка учуратууга акысы жок. Ошону менен катар башка бирөөнүн мүлкүнө көз артууга да, суук колун салып, талап-тоноп, же уурулук жол менен өзүнө ыйгарып алууга да эч кандай акысы жок. Эгер ал көпчүлүктүн акысы болсо, анын жоопкерчилиги дагы да кыйын. Анткени мамлекеттин карамагындагы мал-мүлк бүтүндөй ошол өлкөнүн жарандарынын акысы. Өзүнүн эч кандай акысы жок туруп, мамлекеттин каражатын каалашынча сарптоо элдин акысын жегенге жатат. Кимдин акысы жеген болсо, аны менен адалдашмайын Алла Таала ал пендени кечирбейт. Анүчүн жалпы элдин ыраазылыгын алуу кажет. Тажрыйба жүзүндө бул иштин жүзөгө ашышы мүмкүн эмес. **«Ортоңордогу мал-мүлк, байлыкты өз ара арам жолдор менен жебегиле жана күнөө экенин билип туруп адамдардын байлыгынын бир бөлүгүн акимдерге (пара катары) алып барбагыла!»** (Бакара сүрөсү, 188-аят).

Мухаммад Мустафа (саллаллаху алейхи васаллам): «Мусулмандын каны, мал-мүлкү жана арнамысы башкаларга арам...» деген (Муслим, Бирр, 32).

Баштан бери аят-хадистерде айтылгандай, Ислам дини адамбаласынын кандай гана муктаждыгы болбосун баарын өз жайына коюп, кынтыксыз эреже-жоболорду ишке киргизген. Андыктан тынчтыкта, бейпилдикте жашап, бакубат турмушта ыймандуу муунду тарбиялоо үчүн ар бирибиз Исламдагы асыл баалуулуктарды үйрөнүп чыгышыбыз керек.

www.akbashat.kg

Хадис илиминен

# Ар бир ымыркай табиятынан акыйкатка ийкемдүү болуп төрөлөт



**Адам баласы дүйнөнүн кайсы гана булуң-бурчунда болбосун, өң-түскө, тил айырмачылыгына карабай төрөлгөндөн баштап Жалгыз Жаратуучуга мойун сунуу каныбызда бар.**

Кубаныч Айдарбеков

قَالَ النَّبِيُّ صلى الله عليه وسلم : كُلُّ مَوْلُودٍ يُولَدُ عَلَى الْفِطْرَةِ، فَأَبَوَاهُ يُهَوِّدَانِهِ أَوْ يُنَصِّرَانِهِ أَوْ يُمَجِّسَانِهِ، كَمَثَلِ الْبَهِيمَةِ تُنْتَجُ الْبَهِيمَةَ، هَلْ تَرَى فِيهَا جَدْعَاءَ

Пайгамбарыбыз Азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи васаллам) мындай деген: «Ар бир ымыркай табиятынан акыйкатка (б.а., ишеними Алланын жалгыздыгына) ийкемдүү болуп төрөлөт. Кийин ата-энеси аны же иудей же христиан же болбосо бутпарас кылып тарбиялайт» (Бухарий, Жанаиз, 92).

Темага байланыштуу аяттар:

فَاَقِمْ وَجْهَكَ لِلدِّينِ حَنِيفًا فِطْرَةَ اللهِ الَّتِي فَطَرَ النَّاسَ عَلَيْهَا لَا تَبْدِيلَ لِخَلْقِ اللهِ ذٰلِكَ الدِّينُ الْقَيِّمُ وَلٰكِنَّ اَكْثَرَ النَّاسِ لَا يَعْلَمُونَ

**«(Эй, Мухаммад!) (Аллага) берилген, таза абалда жүзүңдү динге түздө. Алла адамдарды ошого (Ислам динине) арнап жараткан. Алланын жараткан нерселеринде өзгөрүү болбойт. Ошол (Ислам дини) – туура, түз дин. Бирок, адамдардын көбү муну билишпейт»** (Рум сүрөсү, 30-аят).

Алла Таала адамзатты бул дүйнөгө кандай максатта жаратканынын төмөнкү аятта ачык маалымдаган:

وَمَا خَلَقْتُ الْجِنَّ وَالْاِنْسَ اِلَّا لِيَعْبُدُونِ

**«Мен жин жана адамдарды Өзүмө ибадат кылуулары үчүн гана жараттым!»** (Заарийат сүрөсү, 56-аят).

Хадиске түшүндүрмө:

Дүйнөнүн кайсы бурчунда болбосун төрөлгөн ар бир ымыркайдын дене түзүлүшү жана руханий жактан окшош өзгөчөлүктөрү бар. Бул окшоштуктар адам баласынын табиятында жатат.

Адам баласы дүйнөнүн кайсы гана булуң-бурчунда болбосун, өң-түскө, тил айырмачылыгына карабай төрөлгөндөн баштап Жалгыз Жаратуучуга мойун сунуу каныбызда бар. Маселен, Азирети Ибрахим пайгамбар жашаган доордо анын эли бутпарастыкка белчеден баткан. Азирети Ибрахим жаш бала болсо да зиректигинен терең ой-жүгүртүп коомдун бузуку жолуна түшүп кеткен эмес.

Акыйкат дин эч качан адам баласына жамандык алып келген эмес. Тескеринче наристенин руханий жана адеп-ахлак жоопкерчилигин Ислам коргойт.

Ата-эненин эң биринчи милдети жандүйнөсү актай барак сымал баласына бул дүйнөгө келүүнүн өзөк маңызынын негизинде тарбия берүүдө жатат. Баланын табиятын бузуп, коомго зыян келтире турган жагдайлардан сактоо үчүн эң алгач ата-энелер жакшы талим-тарбия алуусу зарыл. Анткени туура эмес тарбия алган баланын адеп-ахлагы төмөн болуп, өзүнө да, коомго да терс таасирин тийгизет.


Ислам дини наристе эненин курсагына түшкөндөн тарта таалим-тарбияны баштоону сунуш кылат. Аалымдардын айтуусуна караганда наристенин ыймандуу болушу үчүн аялзаты боюнда бар кезде көп-көп Куран окушу керек, Куран угушу керек. Намаз окуп, Алла Тааладан ыйман, ырыскы, жакшылык сурап дуба кылышы керек.

Ыйман булагынан даам сызып, тарбия көргөн бала ар качан, ар жерде эл-журтуна пайдалуу болуп, түбөлүк бакыттын жолоочусуна айланат. Баланы ыймандуулукка тарбиялоо ар бир мусулман пенденин эң иридеги милдеттеринин катарынан орун алат.

akbashat@yahoo.com

Пайгамбарлар таржымалы





# САЛИХ

алейхис-салам

**Жараткандын каарына калып, жердин кургуйуна житип кеткен Самуд коомунун пайгамбары**

*(Башы өткөн санда)*

**КЕРЕМЕТТҮҮ МУЖИЗА**

Таза дилдүү Салих пайгамбар коомунун мындай жаман жоругуна көңүлү абдан чөгөт. Алардын жеткен тээжиктиги Салих пайгамбарды жалгыздыкка түртөт. Ошентип, бир канча убакыт бою коомунан оолак жерлерде жашаганга аргасыз болот.

Элге кайткан кезде журт башчысы Азирети Салихти (алейхиссалам) сынап көргүсү келет. Көпчүлүк эл билген «Ал-Катиба» деген аска боло турган. Жанда ушул асканы жаңсап: «Угуп тур! Ошол жакка чогуу барабыз. Сен акыйкат пайгамбар болсоң, сенин Кудайың ошол аскадан желини жетип калган кызыл жүндүү ургаачы төө чыгарсын!... Туула турган тайлак энесине түспөлдөш болсун!..» дейт.

Коомдун жүрөгүн дат баскан түркөйлөрү какшык аралаш: «Төөңдүн сүтү жайкысын муздак, кышында ысык болсун! Анын сүтүнөн ичкен оорулуу адам айыгып, кембагалдар байып кеткидей болсун!» дешет келекелегенсип.

Ошол доорлордо кызыл түстүү төө кымбат баалуу жана касиеттүү деп эсептелгендиктен алар атайын кызыл төө деп дөөрүп жатышкан.

Белгиленген күнү бүтүндөй Самуд коому белгиленген асканын маңдайына келишет. Ал эми пайгамбар болсо намазга туруп, Алла Таалага мунажат кылып, жан дилден Ага жалбарат. Аңгыча аска кычырап, ортосунан ачыла баштайт. Асканын жырыгы бир кыйла чоңойгондо эл күткөн кызыл төө: «Лаа илааха иллаллах, Саалихун Набиюллах» (Алладан өзгө сыйынууга татыктуу зат жок, Саалих Алланын пайгамбары) деп кишиче үн салып чыга келет.

Ушуну эле күтүп тургансып эл башкарган Жанда бир башкача элпек кыймылдап, Салихтин (алейхиссалам) маңдайынан шүйкүм кылып, коомуна кайрылып, толкунданган үн менен:

«Оо, эл-журт! Сокурлуктун да чеги болот! Ушу азыркы акыйкат жетиштүү деп ойлойм! Мен Өзүнөн башка сыйынуучу, теңдеши болбогон Улуу Аллага жана Анын чынчыл пайгамбары Азирети Салихке ыйман келтирдим!» деп, коомунан жүз кишини ээрчитип тавхид акыйдасын кабылдайт. Өзүнө тандык мал-мүлкүн жана баалуу буюм-тайымдарын тавхид ишенимин кабылдаган момундарга калыс бөлүштүрүп берет. Жанда кийиздей катуу кийим кийип, жөнөкөй турмушту тандап, Салих (алейхиссалам) менен бирге тавхид ишенимине чакырык жасап, үгүт-насаат иштеринде пайгамбардын башкы жардамчысына айланат.

Алла Таала Азирети Салихке:

**«Албетте, Биз аларды сыноо үчүн (ургаачы) төө жиберген элек. Сен аларды көзөмөлдөп жана сабыр кылып тура бер!»** (Камар сүрөсү, 27-аят).

Салих (алейхиссалам) Алланын Кудурети менен аскадан чыккан төө үчүн төмөнкү өкүмдү жарыялады.

www.akbashat.kg

**«Оо, эл-журт! Алла жиберген мына бул төө силер үчүн далил катары келди. Ошондуктан ага тийишпегиле, Алланын жеринде (кенен-кесир) оттоп жүрө берсин. Ага жамындык кылбагыла. Болбосо заматта азапка кириптер болосуңар!»** (Худ сүрөсү, 64-аят).

Төө көргөндөрдү суктандырар сулуу жана сымбаттуу жаныбар эле. Тайлагы менен кошо оттоп, өз тили менен Аланы даңазалап, алкыш айтчу. Самуд эли идиштерин толтуруп саап алып жүрүштү. Канча көп суу ичсе, ошончолук көп тасбих айткан төөнүн сүтүн ичкен оорулуу момундар шыпаа таап жатышты.

**КЕСИРЛИК**

Көз көрүп турган мындай укмуш мужизанын алдында алсыз калган каапырлар акыры төөнү өлтүрүп тынышты. Бул жагдай Куранда мындайча баяндалат:

**«Ал шаарда жер үстүнө жакшылыкты эмес, бузукулукту таратып жүргөн тогуз адам бар эле»** (Намл сүрөсү, 48-аят).

**«Ошентип алар: төөнү союп жиберишти жана Жаратkандын буйругунан чыгып кетишти.»** (Аараф сүрөсү, 77-аят).

Энесинен айрылган тайлак байкуш корkконунан тоо тарапты көздөй качат. Башка баяндамаларда, аны да союп, этин жеп коюшкан деген маалыматтар да бар.

Жүрөк титиреткен суук кабарды уккан Салих (алейхиссалам) катуу кайгыга батат. Төөсүнүн жанына барып, көпкө жашып ыйлайт. Коомунун туура жолго түшүшүн тилеп, дуба кылат. Ордунан козголуп, мүңкүрөгөн абалда коомуна кайрылат:

**«Эй, коомум! Силер эмне үчүн жакшылыктын ордуна жамандыкка шашыласыңар?! Силер эмнеге Алладан кечирим сурабайсыңар? Мүмкүн силерге ырайым кылынаар!»** (Намл сүрөсү, 46-аят).

**КААПЫР КООМ:**

**«Эй, Салих! Эгер сен чыныгы пайгамбарлардан болсоң, убада кылган азабыңды алып кел! дешти»** (Аараф сүрөсү, 77-аят).

**«Кийин Салих алардан жүзүн буруп, (өзүнчө) мындай деди: Эй, коомум, мына мен силерге Раббимдин динин жеткиздим жана силерге насааттарды айттым. Бирок силер калыс насаатчыларды сүйбөйт экенсиңер!»** (Аараф сүрөсү, 79-аят).

**КОРКУНУЧТУУ ҮН ЖАНА ЗИЛЗАЛА**

**«Ошондо (Салих) айтты: Үй-жайыңарды үч күн (тиричилик нематынан) пайдалангыла! Мына ушул чындык убада!»** (Худ сүрөсү, 65-аят).

Баяндамаларда ушул үч күн шаршемби, бейшемби жана жума күндөрү деп белгиленет. Алгачкы түндүн таңынан тартып ажайып көрүнүштөр пайда боло баштайт. Төө басып жүргөн жерлерден кан атырылып чыгып, жашыл жалбырактар кызарып, кудуктагы суу канга айланат. Бетбактардын жүзү саргарып кетет.

«Ошондо ант ичишти да: Анны үй-бүлөсү менен кошо тындым кылалы. Анан жакындарына: **«(Салихтин) жана бүлөсүнүн өлүмүнө биздин эч кандай тиешебиз жок. Албетте, биз чындыкты айтып жатабыз дейли»** (Намл сүрөсү, 49-аят).

Ошондо Жабраил периште Жараткан Алланын буйругу менен түшүп келип, аларды ташбараңга алып өлтүрөт.

**«Алар айла-амал кылышты. Биз да айла-амал жасадык. А алар муну сезишпеди»** (Намл сүрөсү, 50-аят).

Ушул окуядан кийин Салих (алейхиссалам) өз үммөттөрү менен (болжолдо 4000 киши) аймакты таштап чыгып кетет.

**«Буйругубуз келген кезде Биз ырайым кылып Салихти жана ага ыйман келтиргендерди ошол күндүн оор азабынан куткарып калдык. Албетте, Эгең – Күчтүү, Ызааттуу!»** (Худ сүрөсү, 66-аят).

Экинчи күнү каапырлардын ирени адам корко тургандай, кыпкызыл, ал эми үчүнчү күнү капкара болуп калат. Азап качан, кай тараптан келээр экен деп, ар кайсы тарапка көз салып, кичинекей эле шырп эткен дабышка жүрөктөрү жарылып кетчүдөй абалга жетет.

**«Мына алар заалымдыгы үчүн үйлөрүнүн таш-талканы чыгып талаада калышты! Албетте, мында сезе турган коом үчүн ибаарат бар»** (Намл сүрөсү, 52-аят).

**«Анан чыны менен аларды (коркунучтуу) кыйкырык алып, биз аларды акыр-чикирге айландырдык! Заалымдар коомунун жаны тозокто!»** (Муминун сүрөсү, 41-аят).

**«Заалымдарды коркунучтуу кыйкырык каптап, кудум ал жерде жашабагандай, турган жеринде тыптыйпыл болушту»** (Худ сүрөсү, 67-аят).

**«Кийин аларга кылган нерселери (тактап айтканда, таштан курган чептери) кыпынчалык да пайда бербеди»** (Хижр сүрөсү, 84-аят).

**АДЕП-АХЛАКТУУЛУКТУН БИЙИКТИГИ**

**«Напсиге жана аны жайгаштырганга ант! Напсиге бузулуу жана такыбаалык өзгөчөлүгүн Ал жайгаштырды. Кимде-ким аны тазаласа (тизгиндесе), ал ийгиликке жетишет. Кимде-ким аны тарбиялабаса, ал зыян тартат!»** (Шам сүрөсү,7-10-аяттар).

Демек мыкты адеп-ахлак жана жакшы кулкмүнөз адамды адам кылат, тескерисинче, напсинин тизгинин бош койо берүү адамды айбандан да төмөн абалга түшүрүп, бушайман кылат. Адам болуп жаралган соң адамча жашоонун жалгыз шарты – бул Алланын акыйкат дини менен жуурулуша жашоо.

**АК БАШАТ казынасынан**

akbashat@yahoo.com

Өрнөк өмүр

# АБУ ХУРАЙРА

Аллах ага ыраазы болсун



**Сабыр Боронбаев**

Сахабалардын арасынан эң көп хадис риваят кылган (Пайгамбарыбыздан угуп бизге айткан) белгилүү сахабанын өз ысмы Абдуррахман бин Сахр болот. Эмне себептен «Абу Хурайра» деп аталып калганын өзү мындайча түшүндүргөн: «Негизи эле мен мышыкты абдан жакшы көрчүмүн. Ошентип жүрүп бир мышык таап алган элем. Аны койнума калып жүрчүмүн. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) ушундан улам «Абу Хурайра– мышыктын атасы» деп лакап койгон».

Абу Хурайра Хайбар согушунда Йеменден Медина шаарына келип, мусулман болгон. Ошондон баштап Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) жанынан чыккан эмес. Өмүрүнүн аягына чейин өзүн Пайгамбардын кызматына арнаган. «Набавий» мечитинде тек гана ибадат жана илим менен алектенген Абу Хурайра сөзмөр, чечен, зээндүү жана ак көңүл эле. Жетекчилик жана акимчилик аны текеберчиликке түртө алган эмес. Тескерисинче, жөнөкөйлүгүн арттырган. Улуу аалымдардын айтымында, Абу Хурайра өз доорундагы хадис риваят кылгандардын арасында эң эле зээндүүсү жана зиреги болгон.

Азирети Пайгамбардын жанында кыска убакыт болгонуна карабастан, көп хадис айтып калтырышынын себептерин төмөнкүчө аныктоого болот:

1. Ал Алланын Элчиси менен тез-тез жолугуп, ар кайсы маселелер тууралуу тартынбай суроо сурап турган. Бухарий менен Муслимдин айтуусуна караганда, Абу Хурайра мындай деген: «Мен кедей кишимин. Тек гана курсакты тойгузуп, Пайгамбарга жан дилден кызмат кылдым. Мухажирлер базарда соодагерчилик менен, ансар мал-мүлкү менен алектенип жүргөндө, мен ар дайым Пайгамбарымдын мечитинде болдум. Алланын Элчиси: «Кимде-ким чепкенин жерге жайып, менин сөзүмдү бүтүргөндөн кийин кайра жыйнап алса, менден укканын эч качан унутпайт» деп айткан. Ошондуктан үстүмдөгү чепкенимди жерге жайдым, Алланын Элчиси сөзүн бүткөндөн кийин, аны кайра кийип алдым. Жараткан Алла Таалага ант болсун! Ошондон кийин андан укканымдын эч бирин унутпадым».

2. Анын илимге болгон кызыгуусу жана Пайгамбарыбыздын ак батасын алгандыгы тууралуу ал-Хаким ан-Нисабури «Мустадрак» аттуу эмгегинде мындай деген: «Бир киши Зайд бин Сабитке келип, андан бир маселенин жандырмагын сурайт. Зайд бин Сабит ага буларды айтат: «Күндөрдүн биринде Абу Хурайра жана башка сахабалар менен мечитте ибадат кылып олтурганбыз. Аңгыча Пайгамбарыбыз келип жаныбызга олтурду. Алланын Элчиси бизге кайрылды:

– Ар бириңер Алла Тааладан каалаган нерсеңерди тилегиле – деди. Досум экөөбүз Абу Хурайрадан мурун дуба кылдык. Алланын Элчиси биздин тилегибизге «Оомийн!» деди. Кезек Абу Хурайрага келди. Ал мындай деп дуба кылды: «Оо, Жараткан Алла Таалам! Сенден эки досумдун тилектери менен бирге, унутулбаган илим сурайм» деди. Алланын Элчиси анын тилегине да «Оомийн!» деди.

Биз да эсибизден чыкпай турган илимге ээ болууну каалай турганыбызды айтканыбызда Пайгамбар:

– Бул жигит силерден мурда сурады – деп буюрду. Ошондуктан бул суроону Абу Хурайрадан барып сурап көр».

3. Абу Хурайра улуу сахабалар менен жолугуп Пайгамбарыбыздын хадистерин алардан да жыйнаган. Айрыкча ыкласынын бекемдигине байланыштуу жалаң илим алууну максат кылган.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) дүйнөдөн кайткандан кийин кырк жети жыл жашаган Абу Хурайра сахабалардын арасында хадисти эң жакшы билген, хадис риваят кылууда башкалардан да жогорку деңгээлге жетишкен. Анын риваят кылган хадистери башка сахабаларга да тараган. Бухарий: «Абу Хурайрадан сегиз жүзгө жакын сахаба жана таабиин аалымдары хадис риваят кылган» деген. Абу Хурайрадан бизге 5374 хадис жеткен. Алардын 325 хадисти Бухарий жана Муслим топтоп жазышкан. 93 хадисти Бухарий, 189 хадисти Муслим жазып калтырган.

Бул залкар хадисчи сахаба тууралуу сахабалар мындайча эскеришкен:

«Абу Хурайра хадисти жакшы, туура жана так айтып жеткирүүнү менден да жакшы билет» (Ибн Умар).

Көзү тирүүсүндө бейишке кирүү сүйүнчүсүн алган Талха бин Убайдуллах: «Абу Хурайра Пайгамбарыбыздан биз укпаган хадистерди уккан, мында шек жок» деп айткан.

Абу Хурайра 676-жылы 78 жашында Медина шаарында дүйнөдөн кайткан.

Ислам дини адамдардын бейпилдигин бузууну эч качан буюрбайт. Ал адамдардан ар дайым тынчтыкты жана бейпилдикти талап кылат.

# Ислам - тынчтыктын дини

**Биз бири-бирибизге жолукканыбызда «Ассаламу алейкум» деп учурашабыз. Мунун мааниси «Сизге Жаратkандын тынчтыгы болсун» дегенди түшүндүрөт.**



**Бакыт Мурзараимов**
Теология илимдеринин доктору

Ислам дини дүйнөдөгү эң ири диндердин бири болуп саналат. Бул дин орто кылымдарда Арап жарым аралында Жараткан Алла Тааланын амири менен Мухаммад Пайгамбар аркылуу бүткүл адамзатка жиберилген. «Ислам» деген сөздүн сөздүк маанисин арап тилинен биздин тилге түздөн-түз которгондо «тынчтык, бейпилдик, моюн сунуучулук, коопсуздукта болуу жана ишеним» деген маанилерди туюнтат. Ал эми терминологиялык мааниде «Жараткан Алла Тааланын азирети Мухаммад Пайгамбарыбыз аркылуу бүткүл адам баласына жиберген мыйзамдарына, буйруктарына кыйшайуусуз ишенүү» дегенди түшүндүрөт. Мына ушундай маанилерди туюндурган Ислам дини бүгүнкү күнү болуп жаткан ар кандай чыр-чатактардын, баш аламандыктардын жана террорчулуктун себеби болушу мүмкүн эмес. Ислам дини эч качан адам баласынын бейпилдигин бузуп, элдин тынчын алган нерселерди буюрган эмес. Тескерисинче, андай нерселерге катуу тыюу салуу менен бирге адамдарга ар дайым бири-бири менен жылуу мамиледе болууларын буюрган. Буга эң жөнөкөй мисал катары «саламдашууну» көрсөтүүгө болот. Биз бири-бирибизге жолукканыбызда «Ассаламу алейкум» деп учурашабыз. Мунун мааниси «Сизге Жараткандын тынчтыгы болсун» дегенди түшүндүрөт. Ошондой эле коштошуп жатканыбызда «Саламатта кал» деп айтабыз. Мына ушундай эң жөнөкөй жерде да «тынчтыкты» эң алдыңкы орунга койгон Ислам дини эч качан дүйнөдө болуп жаткан согуштардын себеби болушу мүмкүн эмес.

Азыркы адамзат коомунда болуп жаткан ар кандай согуштарды жана террордук кол салууларды Ислам менен байланыштыруу Ислам динине жалаа жапкандык болуп эсептелет. Анткени Ислам дини элдин бейпилдигин бузууну эмес, тескерисинче адамзатынын бейпилдикте жашоосуна өбөлгө болууну ар бир мусулмандан талап кылат.

Адам баласын ыйманга, адеп-ахлакка чакырган Ислам дини теңдешсиз үлгүлүү инсан катары Азирети Мухаммад Пайгамбарыбызды көрсөтөт. Бул улук зат Алла Таала жиберген Ислам дининин принциптерин адамдарга жеткирүү менен гана тим болбостон, Ислам дини менен жуурулуша жашоонун эң сонун үлгүсүн өзү көрсөтүп берген. Адам баласынын түбөлүк бактысы үчүн күйүп-жанган Азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбарыбыз адамзат тарыхындагы бирден-бир улуу инсан деген пикирлер ал тууралу көп айтылып келет.

Профессор Майкл Харт ал тууралуу: «Азирети Мухаммад - адамзат тарыхындагы улуу инсан»-

akbashat@yahoo.com

дейт. Пренс Биссмарк: «Мухаммад! Мен сенин замандашың болбой калганыма абдан өкүнөм!... Сага окшогон өзгөчө жанды адамзат өз тарыхында бир гана жолу көрдү, экинчи ирет көрө албайт. Мен сенин улуулугуңа чын ыкласым менен баш ийип таазим кылам!»-дейт. Толстой: «Азирети Мухаммад пайгамбар - элди бейпил турмушка баштаган улуу инсан. Жалпы адамзат үчүн кылган кызматы тоо көтөргүс. Ал элди согуштан куткарып, тынчтыкта өсүп-өнүгүүнүн улуу жолдорун көрсөттү! Ага окшогон кеменгер инсан урмат-сыйга өзгөчө татыктуу» - деп жазса, Француз философу Алекс Логазон: «Адамдардын эркиндиги үчүн Азирети Мухаммадга келген Куран – акыйкаттын жарчысы, ал - Ыйык Китеп. Азирети Мухаммаддын чыныгы пайгамбар болгондугунан күмөн санабайм» - деп жазат. Ал эми еврей илимпозу: «Азирети Мухаммедди изилдедим. Ал керемети күчтүү инсан болгон. Ага «адамзаттын куткаруучусу» деген наам берилүүсү зарыл. Менин оюмча, ал таркаткан дин бүгүнкү күндө Европада кандай кабылданса, келечекте андан ары кулач жаярына шек жок» - деп өз көз карашын билдирген.

Алла Таала Өзү тарбиялаган мына ушундай улук зат эч качан адамдардын көңүлүн ооруткан эмес. Бирок азыркы коомчулукта кээ бир адамдар жана жамааттар «Ислам» деген атты жамынып алып бүткүл коомчулуктун көңүлүн оорутуп жаткандыгы талашсыз. Мына ушул нерсени эң алдыңкы планга коюу менен кээ бир Ислам душмандары Ислам динин коомчулукка «чыр-чатактын, террорчулуктун дини» катары таанытып жаткандыгы да маалым. Бул нерсеге Хизбут- Тахрир, Ваххабизм, Исмаилийия, Ахмадия жана Бахаизм сыяктуу кээ бир агымдар өбөлгө болуп жаткандыгын барыбыз билебиз. Мындай агымдар түнт акылы менен Ислам дининдеги «жихад» түшүнүгүн терс мааниде же тек гана согуштук мааниде жоромолдоп, аны динсиздерге каршы согуш ачуу, башка диндин өкүлдөрүнө душмандык же каапырдык көзү менен кароо деген мааниде түшүндүрүп жүрүшөт. Чындыгында бул сөз өтө кеңири мааниде колдонулат. Тагыраак айтканда «жихад - жакшылыкта жарышуу, илим жаатында күрөшүү, сабатсыздыкты жоюу, башка диндин өкүлдөрү менен толеранттуу мамиле кылуу, элдин жакшылыгы үчүн жанүрөө» деген маанилерди да туюнтат. Акыркы Пайгамбардын айтымында: «чыныгы жихад кылуу ар бир адамдын өзүнүн ичиндеги напсиси менен күрөшүүсү» болуп эсептелет.

Жыйынтыктап айта турган болсок, Ислам дини адамдардын бейпилдигин бузууну эч качан буюрбайт. Ал адамдардан ар дайым тынчтыкты жана бейпилдикти талап кылат. Айтып өтчү нерсе, айрым бир «мен мусулманмын» деген адамдардын кээ бир жоруктары Ислам динине эч дал келбейт. Ислам дини мындай адамдардын жоруктарына карата мүнөздөлбөйт.

Даярдаган
**Садык Гавай**

# АКЫРКЫ ПАЙГАМБАРДЫН (саллаллаху алейхи васаллам) КЕҢЕШИ

## ЫСЫТМАНЫН ДАРЫСЫ

Самура (Алла ага ыраазы болсун) мындай дейт: «Алланын Элчиси (саллаллааху ‘алайхи ва саллам) ооруп калып, ысытмасы күчөгөн учурда, өз башына муздак суу куюуну буюраар эле. Ал мындай дээр эле: «Силерден кимдир бирөө калтырама-безгек (лихорадка) же ысытма чыгарып жиберүүчү башка оорую менен ооруп калса, ал таңга маал үйүнөн чыксын да, муздак суу менен чайканып алсын! Муну үч күн катары менен кайталасын!»

(И. Каййим, Захаби, М. Ладдуния).

## ПЛЕВРИТТИН ШЫПААСЫ

Заид ибн Икрам (Алла ага ыраазы болсун) мындай деген: «Плеврит (өпкөнүн сырткы кабыгынын сезгенип ооруусу) менен ооруган ар бир адамга Алланын Элчиси (саллаллооху ‘алайхи ва саллам) зайтундун жана заапарандын майын дары катары пайдаланууга кеңеш берген».

(Тирмизи, Хаким).

## БАЛДЫН ДАРЫЛЫК КАСИЕТИ

Айша (Алла ага ыраазы болсун) бул багытта: «Алланын Элчиси (саллаллооху ‘алайхи ва саллам) Хафсанын үйүнө киргенде ар дайым балдан жасалган шербет иччү. Ал: «Балдын шербетинен жакшы дары жок. Ушул суусундук гана чарчоону жоготуп, жүрөктү эс алдырып, көздүн көрүүсүн жакшыртат»– дей турган» дейт.

(Сагир, Хаким).

## СУРМАНЫН КӨЗ ҮЧҮН ДАРЫ КАТАРЫ КОЛДОНУЛУШУ

Ибн Аббас (Алла ага ыраазы болсун) минтип айтат: «Көзүнөн шор-жаш аккан жана көзү кызарган адамдарга Алланын Элчиси (саллаллооху ‘алайхи ва саллам): «Көзүңөргө сурманы пайдалангыла. Анткени ал көздү(н шорун) кургатат, кирпикти өстүрөт, көздүн айланасындагы бырыштарды жоготот жана көздүн көрүүсүн жакшыртат»,–деп кеңеш берчү.

(Ж.Сагир, Нихая).



# КУРАНДА анатомия

**«Биз инсанды аралашма бир тамчы суудан жараттык. Аны сыноо үчүн Биз ага көрүү, угуу жөндөмдөрүн бердик»**
**Инсан сүрөсү, 76/2**

Кенжебек Чыйбылов

**Куран адам баласын акыл-көрөңгөсүнө, аң-сезимине жараша ар түрдүү мисалдар менен ыйманга чакырат. Алла Таала бизди асман-жерге жана андагы жан-жаныбарларга, өсүмдүктөр дүйнөсүнө назар салуу аркылуу Өзүнүн чексиз кудуретин, чексиз аруулугун түшүнүп, адал жолдо жүрүү менен түбөлүк бакыттын босогосун аттоого үндөйт. Ошондой эле адам баласынын өз гене-турпатына көз жүгүртүп, терең ойго батуу керектигин баса белгилейт. Адамдын кандайча жаралгандыгы, кандай этаптардан өткөндүгү жана анын негизин эмнелер түзүп турааары байма-бай эскерилет. Маселен, инсандын бел суунун баарынан эмес, бир бөлүкчөсүнөн гана жаралышы, баланын жынысы эркектик урук аркылуу аныкталышы жана анын эне жатынында бир катар этаптарды басып өтүшү сыяктуу маанилүү ачылыштарды белгилеп кетүүгө болот. Эмесе, сөз учугун адам баласынын ушул жаралуу этаптарына бурсак:**

## УРУКТУКТУН КУРАМЫ:

«Бел суусу» деп аталган суюктук жалаң гана уруктуктардан (сперма) түзүлбөйт. Анткени бел суусу бири-биринен айырмалануучу түрдүү суюктуктардын аралашмасынан турат. Айрыкча бул суюктуктардын уруктук талап кылчу энергиянын азыгы болгон кантты камсыздоо, эне жатынынын кире беришиндеги аситтерди (кислота) нейтрализациялоо жана уруктуктун кыймыл-аракетин жеңилдетүүчү жылмакай тайгактыкты камсыздоо сыяктуу бир катар милдеттери бар. Ал эми Куранда бел суусунан сөз кылынган учурда азыркы илим далилдеген бул чындыктарга ишаарат жасап, аны түрдүү аралашмадан турган суюктук катары төмөнкүчө мүнөздөйт: **«Биз инсанды аралашма бир тамчы суудан жараттык. Аны сыноо үчүн Биз ага көрүү, угуу жөндөмдөрүн бердик»** (Инсан сүрөсү, 76/2).

## УРУКТУКТУН ӨСҮШҮ:

Уруктуктар жумурткалыкка жеткенге чейин эненин денесинде узун жолду басып өтөт. Бул жолдо 250 миллион уруктуктун ичинен 1000ге жакыны гана жумурткалыкка жетип барат. Белгилүү бир убакыттан кийин соңуна чыкчу жарыштын

akbashat@yahoo.com

аягында жарым туздун көлөмүнчөлүк жумуртка миңдеген уруктуктардан бирөөнү гана кабылдайт. Тагыраак айтканда, инсан уруктуктардын баарынан эмес, алардын бирөөсүнөн гана пайда болот. Куранда бул багытта мындайча маалымдалат: **«Инсан өзүн кароосуз (эч бир милдет жүктөлбөй эле) жоопкерчиликсиз таштап салынган деп ойлойбу? Ал жатынга агызылган уруктуктар топтомунан бир тамчы гана суу эмес беле?»** (Кыямат сүрөсү, 75/36-37). Бул аяттан да байкалгандай, инсан ошончо уруктуктун барынан эмес, бир тамчысынан гана жаралган. Мындан он төрт кылым илгери түшүрүлгөн бул аяттын заманбап илим тарабынан тастыкталып жатышы Ыйык Курандын Алланын сөзү болгондугун дагы бир ирет ачык-айкын далилдеп турат.

## ТҮЙҮЛДҮКТҮН ӨӨРЧҮШҮ:

Эне жатынындагы түйүлдүктүн өрчүү стадиялары боюнча Куран кабарлаган маалыматтар менен азыркы өнүккөн биология илиминин ачылышытарынын ортосунда толук шайкештикти көрүүгө болот. Ырас, инсандын дене-турпатындагы керемет сырлар жөнүндө томдогон эмгектер жазылса да, жетишсиз. Бирок, Кудай Таала ыйык Куранда бизге бул маселелердин өзөгүн жөнөкөй жана кыска-нуска түрдө түшүндүргөн: **«Адамды Биз топурактан жараттык. Андан соң аны алгач бекем жайдагы (жатындагы) бел суу кылдык. Андан соң бул бел суудан уюган кан (эмбрион) жаратып, уюган кандан (чайналган сыяктуу) бир кесим этти жараттык. Ал эми бул чайналган бир кесим эттен сөөктөрдү жаратып, ал сөөктөргө эт каптадык. Андан соң (ага жан киргизип) такыр башкача калыпта өстүрдүк. Жаратуучулардын эң мыктысы Алла кандай гана Улуу!»** (Муминун сүрөсү, 23/12-14). Бул аяттарда адам баласы алгач топурактан сүзүлүп алынган маңыздан жаралгандыгы, андан соң анын бел суу абалында бекем жана коопсуз жатынга жайгашаары, ошондой эле бел суунун уюган канга айланаары айтылып жатат. Айрыкча бул эмбриондун кийин чайналаган сыяктуу бир үзүм эт абалына айланаары абдан айкын сүрөттөлгөн. Анткени котормодо «чайналган сыяктуу бир үзүм эт» деп берилген мүнөздөмө аяттагы «мудга» сөзүнүн мааниси. Ал эми жаңы жана кадимки эт араб тилинде «лахм» деп айтылат. Курандын мындай ажыратып, айырмалап сүрөттөөсү, албетте, кокусунан эмес. Анткени эмбрион алгач кичинекей эт үймөгү абалында болуп, бул учурда көз менен караганда «чайналган эт сыяктуу» көрүнөт. Андан кийин сөөктөшүү стадиясы башталат. Бул стадия жогорудагы аятта «чайналган бир үзүм эттен сөөктөрдү жараттык» деп белгиленди. Мунун аркасынан «сөөктөрдүн эт менен капталуу» стадиясы келүүдө. Аяттын мына ушул бөлүгү адамды ийне менен сайгандай ордунан козгойт. Себеби бул жерде генетика илими (биологиянын бир тармагы болуп, тукум куучулуктун жана анын өзгөрүшүнүн көрүнүштөрүн изилдеген илим) тарабынан ачылып, толук кандуу түрдө тастыкталган талашсыз бир чындыкка кез келебиз. Тагыраак айтканда, эт менен сөөк клеткаларынын бири-биринен таптакыр башкача таризде болушу... Ошондой эле генетика жана гистология (адамдын жана жаныбарлардын тулку-боюнун түзүлүшүн изилдөөчү анатомиянын бир бөлүмү) илимдери боюнча эне жатынындагы баланын сөөк клеткалары, эт клеткаларынан мурун калыптанат. Сөөк клеткаларынын жана баланын сөөк скелети толук калыптангандан кийин эт клеткаларынын калыптанышы башталат. Бул Курандын **«чайналган бир кесим эттен сөөктөрдү жаратып, ал сөөктөргө эт каптадык»** деген аятында маалымдалган. Айрыкча аяттагы **«андан соң аны такыр башка калыпта өстүрдүк»** деген мүнөздөмө өтө таң калычтуу. Анткени жатындагы түйүлдүктүн алгачкы пайда болуу абалынын көрүнүшү инсанда да, айбанда да бирдей көрүнүштө болгонуна карабастан, Алла Таала кийин инсанды баарыбызга маалым болгон калыпка айландырууда. Ошондой эле Куранда туюм-сезимдердин жана ички оргaндардын пайда болушу жөнүндө: **«Андан соң (Алла Таала) инсандын келбетин келтирип, ага Өз рухунан үйлөдү (жан киргизди). Ал силерге кулак, көз жана жүрөк ыроолоду»** (Сажда сүрөсү, 32/9) делет.

Америкалык биология жана анатомия илимдеринин доктору, профессор Маршал Жонсон бул маселе туурасында: «...жыйынтыктап айтканда, Ыйык Куран түйүлдүктүн өрчүү стадияларынын тышкы формасын гана кылдат сүрөттөбөстөн, анын ички өөрчүү баскычтарына, тагыраак айтканда, азыркы өнүккөн медицина илими тарабынан далилденген түйүлдүктүн пайда болуусуна жана өрчүүсүнө тиешелүү негизги өзгөрүүлөрүнө өзгөчө маани берген» деп айтса, атактуу эмбриолог профессор Кейс Моор: «Бул туурасындагы аят-хадистер Мухаммад пайгамбарга бир гана Алла Таладан келгендиги мен үчүн ачык-айкын көрүнүп турат. Анткени илим бул кабарларга көптөгөн кылымдардан кийин гана жете алды. Бул мен үчүн Мухаммад пайгамбардын Аллахтын элчиси экендигине далил катары жетиштүү» деген. Ынсаптуу илим адамдарынын акыйкатты минтип моюнга алуулары жөнүндө ошол эле Куранда төмөнкүчө маалымдалат: **«(Эй Мухаммед!) Илим берилгендер сага Жаратканың тарабынан түшүрүлгөн Курандын чындык китеп экендигин жана ал (Куран) алкыш-даңазага толук кандуу түрдө**

www.akbashat.kg

**татыктуу болгон чексиз Кудуреттүү Алланын туура жолуна багыттаарын аңдап билишет»** (Саба сүрөсү, 34/6).

## ЖЫНЫСТЫН АНЫКТАЛЫШЫ:

Өткөн кылымдын акыркы жылдарына чейин бул тармактын илимпоздору жатындагы баланын жынысы негизинен эненин клеткалары тарабынан аныктала тургандыгын, же болбосо эне менен атадан келчү клеткалар биргеликте аныкташаарын ойлоп келишкен. Бирок Куранда бул жагдай туурасында өзгөчө маалымат берилген. Анда жыныс маселеси эркектик уруктукка түздөн-түз байланыштуу экендиги маалымдалган: **«Албетте, Ал - эркек жана ургаачы кылып жупту жаратты. Бир тамчы суудан (уруктук) жатынга куюлган кезде»** (Нажм сүрөөсү, 53/45-46), **«...Ушундайча андан (жатынга агызылган бир тамчы суудан) эркек жана ургаачы жупту жаратты»** (Кыямат сүрөсү, 75/37-39). Куранда берилген бул малымат генетика жана микробиология (биология илиминин микроорганизмдерди изилдөөчү бөлүмү) илимдери тарабынан да мындан бир канча жыл илгери эле тастыкталды. Тагыраак айтканда, баланын жынысын толук кандуу түрдө эркектен келчү уруктук клеткалары тарабынан аныкталаары жана аялдын бул багытта эч кандай ролунун жоктугу айкын болду.


Жыныстын аныкталышындагы жалгыз фактор хромосомалар болуп эсептелет. Инсандын түзүлүшүн аныктаган 46 хромосоманын экөөсү жыныстык хромосома. Бул эки хромосома эркекте XY, ал эми аялда XX деп белгиленет. Булардын мындай белгиленишинин себеби аталган хромосомалардын бул тамгаларга окшоштугуна байланыштуу. Y хромосому эркектик, X болсо ургаачылык генди алып жүрөт. Адамдын жаралышы эркек жана аялдагы жуп хромосомалардын бирөөсүнүн кошулушу менен башталат. Натыйжада аялдагы X хромосомасы эркектеги X хромосомасын алып жүргөн уруктук менен кошулса, анда баланын жынысы кыз болот. Ал эми аялдагы ушул эле X хромосомасы эркектеги Y хромосомасын алып жүргөн уруктук менен кошулса, анда төрөлө турган баланын жынысы эркек болот. Чындыгында генетика илими пайда болгонго чейин (т.а., 20-кылымга чейин) булардын эч бири маалым эмес эле. Көптөгөн элдердин түшүнүгүндө төрөлө турган баланын жынысы аялга байланыштуу деген ишеним кеңири жайылган. Кээ бир элдерде кыз төрөгөн аялдар чөйрө тарабынан жемеленип келген. Бул негизсиз ишенимди Куран адам баласына гендин ачылышынан 14 кылым мурун эле четке кагып, ымыркайдын жынысы аял тарабынан эмес, эркектин уруктугу тарабынан аныкталаарын маалымдаган.

**«Адамды Биз топурактан жараттык. Андан соң аны алгач бекем жайдагы (жатындагы) бел суу кылдык. Андан соң бул бел суудан уюган кан (эмбрион) жаратып, уюган кандан (чайналган сыяктуу) бир кесим этти жараттык. Ал эми бул чайналган бир кесим эттен сөөктөрдү жаратып, ал сөөктөргө эт каптадык. Андан соң (ага жан киргизип) такыр башкача калыпта өстүрдүк. Жаратуучулардын эң мыктысы Алла кандай гана Улуу!»**
(Муминун сүрөсү, 23/12-14).



akbashat@yahoo.com

# Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» аттуу эмгегиндеги Куран аяттарынан жана хадистерден алынган мотивдер



**Кыргыздын залкар акыны, орошон ойчулу жана мамлекеттик ишмери Жусуп Баласагын Чүй боорундагы Баласагын (азыркы Токмок шаары) шаарында 1019-1020-жылдары туулган.**

**Армияс Кусматов**

www.akbashat.kg

Ар бир улуттун өзүнүн сыймыктанган тарыхы, ишеними, маданияты, каада-салты жана өздөрүнүн жашоо эрежелери бар. Өз тарыхын унуткан коом же адам өз келечегин коопсуз абалда кармай албайт. Орто Азияда жашаган түрк улуттарынан Караханиттер династиясынын Исламды кабыл алуусунан кийин, өз заманынын көрүнүктүү аалымдарынан болгон Жусуп Баласагындын «Кутадгу Билиг» б.а., «Куттуу Билим» аттуу эмгеги  бул багытта өзүнүн зор салымын кошкон. Негизинен бул чыгарма түрк элдеринин ичинен эң туура, таза, тунук сүйлөгөн нукура тилде жазылган.  Анда Куран аяттарынын, азирети Пайгамбарыбыздын хадистеринин негизинде пенденин Жаратканга болгон ишеними, мамлекет башчысынын элге болгон мамилеси,  адамдардын бири-бири менен болгон мамилесин жакшыртуу, илим-билимге умтулуу, адамдык асыл сапаттарды жогорулатуу сыяктуу аруу максаттар каралып, элге насаат иретинде жазылган. Бул эмгек Ыйык Курандын жана хадистердин алкагында жазылгандыгы менен өзгөчөлөнүп турат.

Кыргыздын залкар акыны, орошон ойчулу жана мамлекеттик ишмери Жусуп Баласагын Чүй боорундагы Баласагын (азыркы Токмок шаары) шаарында 1019-1020-жылдары туулган. Жусуп Баласагын бул эмгегин 1069-1070-жылдары Кашкарда жазган. Кийин аны Чыгыш Карахан каганы Сулайман Арслан Карахандын уулу Тамга Бууракан Абу Али Асанга тартуу кылган. Бул кара кыргыз тилинде жазылган, көөнөрбөс дастаны үчүн Жусуп Баласагынга «Улук Хас Хажиб» деген ордолук чин ыйгарылган. Дастан адабий тилде кыргызча жазылган. Бул китепте сексен пайыз жандуу кыргыз сөзү бар.

Жусуп Баласагын бабабыздын бул эмгегинде Куран аяттарынан байма-бай пайдалангандыгын ачык-айкын баамдай алабыз. Маселен, Алла Тааланын аты менен башташы: Ислам динин кабыл алгандан кийин түрк дүйнөсүндө жазылган эмгектердин бардыгы «Бисмилла» менен башталган. Биз сөз кылып жаткан «Кутадгу Билиг» да Бисмилла менен башталган:

Баштадым Алланын аты менен сөзүм,

Төрөлткөн, өстүргөн, кечирген өзүң. (1-бейит)

Жашыл асман, коңур жер, ай менен күн,

Жараттың жашоо, мезгил, капкара түн. (3-бейит)

Сен жараттың сан санаксыз жандарды,

Ой - тоо, деңиз, андан башка калганды. (21-бейит)

Сен асманды безедиң жылдыз менен,

Кара түндү жараттың күндүз менен. (22-бейит)

Баштадым Кудай аты менен сөзүм,

Төрөлткөн, өстүргөн, кечирген өзүң. (124-бейит)

Теңирим деп баштады айтаар сөзүн,

Жараткансың, өстүргөнсүң, кечир өзүң. (1343-бейит)

Сөз баштадын Кудайдын аты менен,

Кечир деди төрөлтүп баккан эгем. (3715-бейит)

Бул бейиттердин мааниси Курандын мына бул аяттарынан алынгандыгы көрүнүп турат.

Фатиха сүрөөсүнүн эң башкы **«Бисмиллахир-Рахманир-Рахиим»** б.а., **«Мээримдүү жана Ырайымдуу Алланын аты менен»** жана «Ал (кат) Сулаймандан экен. Анда: **«Мээримдүү жана Боорукер Алланын аты менен»** - деп жазылган» (Намл сүрөсү, 30-аят) деген аяттардын негизинен алынган.

Ислам динин кабыл алган адам баласы бир иш баштаардын алдында «Бисмиллахир-Рахманир-Рахиим» деп анан ишине киришет. Анын сыңарындай Жусуп Баласагын бабабыз дагы өзүнүн бул улуу эмгегин «Мээримдүү, Ырайымдуу Алланын аты менен» баштаган.

**Алла Тааланын «Бол!» буйругу:** Алла Таала тигил же бул ишти жүзөгө ашыргысы келсе, ага жөн гана «Бол!» деген буйругу жетиштүү. Бирок Алла Таала Өзүнүн эрк-каалоосунун негизинде айрым бир нерселерди белгилүү себептер аркылуу жүзөгө ашырууну каалаган. Алла Таала бул ааламдын ээси болгондон кийин ар бир иште өзү каалагандай өкүм чыгарат.

Каалады, жаралып ал бүткүл баары,

Болуп калды «Бол» деп анын айткандары. (4-бейит)

Нени каалап жарал десе, жаралат,

Ойдогусун сөзсүз дароо кылалат. (3729-бейит)

Не кааласа аны дароо кылалат,

Жарал десе, ошол замат жаралат. (3901-бейит)

Куттуу билимде жазылган бул бейиттердин маанисин төмөнкү аяттардан да байкоого болот: «Ал бир нерсени каалаганда, Анын иши тек гана **«Бол!» деп айтуу. (Ошол замат) ал болуп калат»** (Ясин сүрөсү, 82-аят)

**«Ал асмандар менен жердин жаратуучусу. Ал бир ишти жүзөгө ашыргысы келсе, «Бол!» дейт, ал (дароо) болуп калат»** (Бакара сүрөсү, 117-аят)

**Ичимдик:** Адам баласы азгырылган терс жосундардын башында спирттик ичимдиктер жана баңги заттар турат. Адамдагы эң кымбат нерсе – бул анын акыл-эси. Ошондуктан адамды мас кылуучу ичимдиктерди ичүү акыл-эске түздөн-түз байланышы бар баалуулуктарга, маселен, адамдын ар-намысына, жанына, ден-соолугуна, мал-мүлкүнө доо кетиргендиги үчүн чоң күнөө болуп эсептелет.

Арак ичпе бузуктукка кабылба,

Бектик ойрон, мунун баары кабылса. (1434-бейит)

Ай зыянкеч, ичимдикке жолобо,

Арак деген тилемчилик жолу ошо. (2096-бейит)

Арак ичип бек оюнга берилсе,

Кантип кирсин элдин иши эсине. (2103-бейит)

Арак ичпе, бузуктуктан оолак бол,

Зынаа кылбай пас кылыктан ыраак бол. (1334-бейит)

Арак ичпе, зынаа жакка баспагын,

Кылсаң аны кедейликке батканың. (1337-бейит)

Арак деген миң күнөөгө чөгөрөт,

Зынаа жактан абийириң төгүлөт. (1338-бейит)
Арак ичпе, ичкен эрден кут качат,

Андан сага жинди деген ат калат. (2655-бейит)

Арак душман илим, билим, акыл менен,

Чыныгы аты болот анын жаңжал деген. (2651 бейит)

Канчалаган илим ээси акылман,

Арак менен иши алардын жаңылган. (2652-бейит)

Арак ичпе, куйтулуктан ыраак бол,

Ордо сарай бузуп чыгар нак ошол. (5263-бейит)

Ойчулубуз бул бейиттерди ыйык Курандын мына бул аяттарынын негизинен алгандыгы ырас:

**«Эй, момундар! Арак, кумар, (сыйынуу үчүн) орнотулган таштар жана жаанын огу менен төлгө тартуу шайтандын ыплас иштери. Андан сактангыла! Мүмкүн кутулаарсыңар»** (Маида сүрөсү, 90-аят)

akbashat@yahoo.com

«Чындыгында, шайтан арак, кумар менен ортоңорго от жагып, бири-бириңе душман-кас кылып, Аллахты зикир кылып даңазалооңорго жана намаз окууңарга бөгөт болгусу келет. Эсиңерге келгиле!»

**Жакшылык кылуу:** Бул дүйнөдө биз мусулман катары мал-мүлк да, мансап-бийлик да өз күчүн жогото турган күн үчүн жалгыз Жаратkandын ыраазылыгын көздөп колдон келген жакшылык иштерди кылуу менен түбөлүк бактыбыздын камын көрүшүбүз керек. Жакшылык ишке жеке эле элге жардам көрсөтүү эмес, ошондой эле үй-бүлөнү адал жол менен багуу, ата-энеге урмат-сый менен жылуу мамиле жасоо, алардын кызматын кылуу, алтургай, маңдайыңдагы адамга кабакты бүркөбөй, Пайгамбарыбыздын тили менен айтканда, «жылмайуу» менен жылуу мамиле жасоо дагы кирет. Эгер адам жаман иш кылса, ал бирөөгө эмес өзүнө кылган болот.

Жакшы болсом, деп тилесең эгерде,

Сөздү коюп, жакшылык кыл сен элге. (227-бейит)

Наамы калат кишинин кетип заты,

Ошол үчүн түбөлүк калды аты. (228-бейит)

Жакшылык кыл өткөрбөй тирүүлүгүң,

А дүйнөдө бул ичмек, кийүүлүгүң. (232-бейит)

Жакшылык кыл, өзүң жары, жакшы киши,

Жакшынын шыдыр болот дайым иши. (345-бейит)

Кулак төшө бул жакшынын сөзүнө,

Эш туткунуң жакшылыкты өзүңө. (914-бейит)

Жамандыкка жакшылык кыл жеңесиң,

Жаман кылса жамандык бушман жесин. (929-бейит)

Кыла көрбө сен бирөөгө кастыкты,

Жакшылык кыл ээрчип кетпей жаштыкты. (1315-бейит)

Дөөлөт бүтсө, чалкалап керилбегиң,

Жакшылык кыл, жаманга берилбегиң. (1330-бейит)

Оолак болуп жолой көрбө жаманга,

Пейлиң түзөп жакшылык кыл адамга. (1508-бейит)

Эй, колу узун, эси жоктук кылбагың,

Бардыгына жакшы пейил ымдагың. (5088-бейит)

Жакшы жүрүп жакшылыктан үрөөн сеп,

Ал жакшылык түбөлүккө дем берет. (5249-бейит)

Өтөт, кетет түк кайрылбайт бул жалган,

Жакшылык кыл жоголбостой сактанган. (5254-бейит)

Сен тозокко жолобоско талаптан,


Жакшылык кыл сактайт өзү Жаратkan. (5306-бейит)

Өзүң баштап көрсөт канун, өрнөгүн,

Эки дүйнө эч жамандык көрбөгүң. (5744-бейит)

Муну ыйык Курандын мына ушул аяттарынан баамдасак болот: «(Мал-мүлкүңөрдү) Аллах жолунда (шарияттын негизинде) сарптагыла! Өзүңөрдү өзүңөр отко таштабагыла! Чындыгында, Аллах – жакшылык кылуучуларды жакшы көрөт».


«Чындыгында, Аллах – такыбаалар жана жакшы иштерди кылуучулар менен бирге!»



www.akbashat.kg

# Акыйкат диндин өзгөчөлүгү

**Алты миллиарддан ашык адам жашап жаткан бүгүнкү күндө түрдүү диндерди тутунган пенделер материалдык жана рухий өңүттөн толук кандуу бейпилдикте жашап жатабы?**



**Октай Четин**

Акыйкат дин – адам баласын эки дүйнөдө тең бакытка жеткирүү максатында Жараткан Алла тарабынан белгиленген жашоо тартиби. Жер жүзүндө жашоо башталганы адам баласы сөзсүз бир Кудайга ишенип, таянгысы келген. Ишенимсиз жашоо адамдын табиятына, психологиясына эч качан шайкеш келбестиги белгилүү. Маалым болгондой, Алла Таала адампендени жаратқандан кийин ар бир доордо Өзүнүн пайгамбарлары аркылуу «тавхид ишенимине» тарбиялап, шерик кошпой Өзүнүн жалгыздыгына ишенип жашоого буйруган. Тээ Адам Атанын заманынан бери айрым коомдор бул улуу ишенимди жээрип, башка нерселерге сыйынып кеткен болсо, айрымдары тавхидден тайган эмес.

Андай болсо алты миллиарддан ашык адам жашап жаткан бүгүнкү күндө түрдүү диндерди тутунган пенделер заттык материалдык жана рухий өңүттөн толук кандуу бейпилдикте жашап жатабы? Албетте, жок! Тутунган диндери эң негизги жана маанилүү талаптарга жооп бере албагандыктан Исламдан башка ишенимди кармангандардын көпчүлүгү же рухий өңүттөн, же материалдык өңүттөн жашоого канааттанбай, бир нерсе жетишпегенсип тынчы жок турмушту кечирип келатышат. Калпыс диндерди тутунгандар түккө арзыбаган ырaазылыкты көздөп өз ырыскысын сыйынган кудайчасынын (идол) же, сыйынган жаныбарынын алдына койуп жүрүшөт. (Буга Индустардын динин мисалга келтирүүгө болот). Абал Исламдан башка китеби бар диндерде деле жарытарлык эмес. Маселен, көп адамдар күнөөдөн арылуу үчүн Кудай Таалага жалынып-жалбаруунун ордуна, бизди кечириңиз деп чиркөөдөгү попторго кайрылып, аларга керектүү өлчөмдөгү каражатты төлөп келишет. Бул көрүнүшкө, чиркөө Кудуреттүү Кудай Тааланы элдин аң-сезиминен алыстатып, динди экономикалык пайда алып келген системага айландырып алган деп баа берүүгө болот. Ошол себептен бүгүнкү күндө айрыкча Англияда жана Францияда рухий өңүттөн да, материалдык жактан да динге купулу толбогон инсандар чиркөөгө анчейин маани беришпейт. Мына ушул нерселерди эске алуу менен адам баласына бейпилдикти тартуулай турган акыйкат диндин негизги өзгөчөлүктөрүн эскерте кетүүнү туура көрдүк:

**1. Тавхид ишеними**

Жараткандын жалгыздыгына чындилден ишенүү, ыйман келтирүү акыйкат диндин эң негизги, нары зарыл шарты болуп эсептелет. Көп кудайлуу жана өзөк тамыры шекке толгон дин ишенимин жактоочуларын ар дайым түйшөлтүп, ар кандай туңгуюк суроолорду жаратып келет. Маселен, христиан дининдеги Теңир ата, бала жана ыйык рух үчилтик ишенимин айтууга болот. Христиан дини Кудайды адам сыпатында таанып, Ага адамдагы айрым алсыз сыпаттарды таңуулоо

akbashat@yahoo.com

менен тавхид ишенимин жокко чыгарып, миллиарддаган адамды чаташкан ишенимге имерүүгө аракет кылып келет.

**2. Акыл-эске, логикага жана илимий ачылыштарга, акыйкаттарга каршы келбеген Китеп**

Китеп – бул бир ишенимдин эреже-жоболорун белгилеген жана динди кармап турган маанилүү булак. Диндин өзөк мазмунун камтыган негизги китеп Алла Таала тарабынан жиберилиши керек. Адамбаласынын калемине таандык, же көрпенденин максат-мүдөөсүнө, напси каалоолоруна ылайыкташтырылып, бурмаланып жазылган китептер өз күчүн эбак жоготкон. Кай жагынан алып карабайлы, мындай китептер акылга, логикалык эрежелерге жана илимий чындыктарга дал келбейт. Бейпилдиктин ордуна өз ичиндеги карама-каршы маалыматтары менен акылды туңгуюкка кептейт.

**3. Пайгамбарга болгон ишеним**

Акыйкат динде Алла Тааланын вахийин (кабарын) адамдарга жеткирип, түшүндүрө турган пайгамбары сөзсүз болушу керек. Пайгамбары, же болбосо пайгамбарга болгон ишеними жок системаны дин катары тутунуу акылга сыйбаган жорук. Мындай диндер акыйкат эмес. Бирөөлөр тарабынан уюштурулган, таратылган жалган дин болуп эсептелет.

**4. Акыретке болгон бекем жана туура ишеним**

Акыл менен таразалай турган болсок, дүйнөдө болгон нерсенин баары такай өзгөрүүдө. Айлана-чөйрөбүзгө карайлы, бүгүнкү жашыл бак-дарак белгилүү убакыттан кийин саргайат, куурайт, наристелер жетилет, улгайган жандар одүйнө салат. Бул көрүнүш бизге бүт нерсенин акыр-аягы бар экендигин кашкайта далилдеп турат. Адам болсун, жан-жаныбар, тоо-таш, өсүмдүктөр дүйнөсү болсун, баары акыркы чекке карай бара жатат. Бул мыйзамды Алла Таала койгон. Ал эми акырет маселесине келе турган болсок, ал адамдын акылынан жогору турган, улуу акыйкат. Акырет маселесин Алла Таала тарабынан жиберилген вахий (кабар) менен гана түшүнүүгө болот. Ошол себептен акыретке болгон ишеними жок дин канчалык көз бойомочулукка салбасын өз өкүлдөрүнүн бактылуулугун камсыз кыла албайт. Мындай система адамды өз кызыкчылыгынан башканы ойлобогон материалист, өзүмчүл жана пайдакеч кылып тарбиялайт. Акыреттин бар экендигине ишенбегендер дүнүйө-мүлктү көп жыйнап, орундата турган башка максат-мүдөөсү калбагандыктан, табиятка төп келбеген жашоого кадам таштап, заманбап турмуш деген түшүнүк аркылуу күн сайын түрдүү бузукулукту, ахлаксыздыкты жайып жатышат.

**5. Адам укугу жана теңчилик**

Элди социалдык катмарга бөлбөй, адамдын акы-укугун камсыз кылган дин акыйкат дин болуп эсептелет. Адамдарды экономикалык деңгээлине же башка өзгөчөлүктөрүнө карата бөлгөн динди зорду-зомбулуктун, заалымдыктын очогу деп айтууга негиз бар. Мындай диндер жалаң гана колунда барлардын жыргалчылыгын көздөп, колунда жокторду, алсыздарды кордоодон башкага жарабайт.

Жогоруда баса белгиленген жагдайларды зарылдык деп эсептей турган болсок, аталган негизги өзгөчөлүктөрдүн баарын Ислам дининен табууга болот. Маселен, Ислам done бар. 

Исламдын негизги далили саналган Куран башка диндердин китептериндегидей чаташкан маалыматтардан таза, акылга, илимий акыйкаттарга төп келген маалыматтар менен мусулмандардын жандүйнөсүн байытып, канааттандырып келет. Асыресе, Ыйык Куран башкалардын ыйык китептериндей болуп ар кайсы доордо, ар кайсы жерде, ар кандай адамдар тарабынан түрдүү варианттарда жазылган эмес. Кайсы мезгилде түшкөндүгү жана жазуу түрүндө кантип сакталгандыгы, Азирети Пайгамбарыбыздын мезгилинен ушу күнгө чейин өзгөртүлбөстөн сакталып келе жаткандыгында эч кандай талаш жок. Курандын ишенимдүү, нары бирдиктүү, бекем тарыхы бар. Ошону менен катар пайгамбарларга жана акыретке болгон ишеними дагы өтө ачык, так жана даана.

Жыйынтыктап айтканда, Ислам дини элди уруусуна, тилине, же байлык, мансабына карата бөлбөйт. Буйрукту баарына тегиз берет. Бүт адамзатка Жараткан Алланын кулу экендигин эскертип, эч кимден эч кимдин артыкчылыгы жок экендигин тажрыйба жүзүндө көрсөтүп келет. Буга эң жөнөкөй мисал катары ак-кара, бай-кедей, жетекчи-кызматкер дебей тегиз бир сапка тизилип намаз окуган мусулмандардын абалын айтууга болот. Анткени Ислам бүт дүйнөгө жиберилген эң акыркы жана бүтүндөй адамзатка кучак жайган акыйкат дин...

# ЖАШООҢУЗДА МЕЧИТТИН КАНДАЙ РОЛУ БАР?

Суроо салган
**Алмаз Жусупов**



**Үсөн Сыдыков**
коомдук саясий ишмер

**Үсөн Сыдыков:**

Ар бир калктын өзүнүн дини бар. Биз кыргыз эли мусулман болгондон кийин ошол жерге барып Жаратканга кайрылып, пенделик вазийпаларды өтөп, рухий муктаждыгыбызды камсыздоо үчүн мечиттин болушу зарыл. Өзүн мусулман деп эсептеген ар бир мусулман мечиттин адам көңүлүн, ыйманын жана адеп-ахлагын аруулай турган касиеттүү жай экенин биле жүрүшү керек.



**Темир Сариев**
коомдук саясий ишмер

**Темир Сариев:**

Мечит – бул ыймандуулуктукту ойгото турган, арууулукка жылоолой турган касиеттүү жай. Ошону менен катар Жаратканга жалбара турган, жандүйнөнү тазарта турган биз мусулмандардын сүйүктүү, нары руханий очогу. Мусулман катары мечитке барышыбыз керек, мечитке өзгөчө мамиле кылышыбыз керек.



**Аскар Салымбеков**
Жогорку кеңештин депутаты

**Аскар Салымбеков:**

Мечит – бул ыймандуулукка чакырган Кудай Тааланын Үйү. Бүткүл дүйнөдө ар бир элдин, ар бир улуттун Жаратканга сыйына турган жайлары бар. Тилеке каршы, өткөн жетимиш жылдык доордо атеисттик жолго түшүрөбүз деп ыйманга залака кетирип, асыл жолубуздан адаштырган, ошондо чоң жаңылыштык кетирилген. Эгемендүүлүк алынгандан тарта элибиз Исламга кайра кайрылып, жалпы болбосо да, орто курактан төмөнкү көпчүлүк жаштар Кудай жолуна түшүп ыйман жолуна багыттап, Кудайга бурулуп жатабыз. Бул деген жакшы жышаан. Ыймандуу инсандын дили да, жүрөгү да, ниети да таза болот. Жаман иштерге барбай, жашоодо инсан катары татыктуу жашасак деген тилек менен ата-бабаларыбыздан бери ыймандык, ахлактык таалим-тарбияны мечиттен алып келгенбиз. Ата-бабаларыбыз бизди мечитке өзгөчө аяр мамиле кылууга үйрөткөн. Ошондуктан бабалардын жолун жолдоп биз да келечек муундун Кудай Таалага ишенип, мусулман болуп, адал менен азыктанып, таза жашашы үчүн мечит тарбиясын да беришибиз керек. Болбосо, дүйнөдөгү азыркы айрыкча адеп-ахлактык өңүттөгү бурулуш, араккечтик, наркомания, сойкулук, уурулук, талап-тоноочулук сыяктуу ар кандай терс аракеттер алакандай болгон элибизди оңой эле жайдактап салат. Руханий, маданий очок катары ар бир айылда көрктүү, кооз түзүлүштө салынган мечиттерибиз болушу керек. Ал жай жогорку билимдүү молдолорубуздун жардамы менен адамгерчилик жана мусулман рухубузду өөрчүтүү үчүн кызмат кылышы керек. А биз өз өлкөбүздүн жараны, мусулман катары кайрымдуу болуп, жакшылык ишке кош колдоп жардам беришибиз керек.

akbashat@yahoo.com

# Напсини теске салуу



**Напси адам баласын жандуу-жансыздын эң ардактуусуна айлантууга да, айбандан да төмөн даражага түшүрүүгө да жөндөмдүү. Ал теске салынса, адамды жакшылыкка, ал эми теске салынбаган учурда жамандыкка жетелеген эки өңүттүү нерсе.**

**Осман Нури Топбаш**

Алла Таала адам баласына башка жандуу-жансыздардан айырмалап карама-каршы эки шык-жөндөм ыроологон. Ар бир адам табигый шык-жөндөмүн жакшылыкка да, жамандыкка да колдонуу мүмкүнчүлүгү менен «бал хум адалл», б.а., «айбандан дагы төмөн» даража менен «периштеден да жогорку» даражанын ортосунда өз ордун табат. Бул пенденин аракетине жараша жүзөгө ашат. Адам баласынын бир катар оң жана терс сапаттарга ээ болушу мына ушул жерде жатат.

Напси адам баласын жандуу-жансыздын эң ардактуусуна айлантууга да, айбандан да төмөн даражага түшүрүүгө да жөндөмдүү. Ал теске салынса, адамды жакшылыкка, ал эми теске салынбаган учурда жамандыкка жетелеген эки өңүттүү нерсе.

Напси өзүнө каршы жүргүзүлгөн күрөш аркылуу түп орду менен жок кылынбайт, ал болгону теске салынат. Ансыз да, Жараткан Алланын талабы напсини жок кылуу эмес, аны ашкереликтен алыс кармап, Жалгыз Өзүнүн ыраазылыгына ылайык тарбияга салууга багытталат. Бул жаатта Имам Газалий адам баласын чабандеске салыштырып:

«Напси адамдын мингич аты. Эгер ал напсинин тизгинин бош коё берип, анын жолу менен кете берсе, бир балээге дуушар болот. Эгер (айрым бир индус диндериндегидей же мистикалык философиялардагыдай) напсини өлтүрүүгө аракет кылса, бу сапар акыйкаттын жолунда атсыз калат. Ошондуктан напсинин тизгинин колго алып, аны туура жолдо колдонуу керек» дейт.

Напсини теске салууда ушул эрежени сактоо ошол эле учурда пайгамбарлык усул-ыкманын талабы болуп эсептелет. Бу багытта Азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбарыбыз: «Ичиңерде Аллага жакын кул болуу үчүн мындан кийин күн сайын түнүчүндө уктабай таң атканча намаз окуй тургандыгын, күн сайын орозо кармай тургандыгын жана жубайы менен кошулбай тургандыгын айткандар бар экен. Мен Алланын Элчиси катары түнүчүндө намаз окуйм да, уктайм да. Кээ бир күндөрү орозо кармайм, кээ бир күндөрү кармабайм. Ошондой эле мен жубайым менен да болом. Менин сүннөтүм ушундай! Ким менин сүннөтүмдөн жүз үйрүсө, ал менден эмес!...» - деп айтуу менен Ислам динине мындай ашкереликтер ылайык келбегендигин баса белгилеп, ашкереликтен алыс руханий тарбиянын үлгүсүн өзү көрсөтүп кеткен.

Адам баласынын мингич атына салыштырылган, ошентсе да, табиятында «азоолук касиети» ар дайым жандуулугун сактаган напсини кантип теске салуу керек?

www.akbashat.kg

Ислам дининин негизги максаттарынын бири - бул напсинин арзуу-каалоолорун азайтып, анын денедеги үстөмдүгүн басаңдатуу аркылуу рухтун үстөмдүгүн орнотуу. Исламда напсини тизгиндөөнүн усул-ыкмасы «аз тамактануу, аз уктоо жана аз сүйлөө» деген түшүнүктөр менен аныкталат. Себеби булар руханий тарбия менен напсиге үстөмдүк кылуунун алгачкы кадамдары болуп эсептелет. Бул жерде эскерте кетчү жагдай, мисалы, тамактануудан бир канча күн баш тартып денеге ашкере азап берүү Пайгамбарыбыз үйрөткөн «орто» жолго каршы келет. Себеби дене – бул Алла Тааланын адамдарга ыроологон өзүнчө аманаты.

Мына ошондуктан пенде напсисин теске салуу учурунда анын ар түрлүү арзуу-каалоолоруна каршы туруштук берүүдө ашкереликтен оолак болушу керек. Андыктан бул багытта да акыркы Пайгамбардын таалими ар бир мусулман баласы үчүн өзгөчө мааниге ээ. Ислам дини ар дайым ошол орто жолду сунуш кылат. Жогоруда маалымдалгандай, Ислам growth дининде напсини түп орду менен жоготуу талап кылынбайт. Ал напсини тарбиялап теске салууну гана талаптайт. Демек, напсини тазалоо – бул анын жаман жолго жетелеген миң бир түрлүү арзуу-каалоолорун Жараткан Алла койгон мыйзамдын алкагында тизгиндеп теске салуу дегенди түшүндүрөт.

Напси адам баласынын түбөлүк бакытка жетишине же азапка дуушар болушуна түздөн-түз таасир этүүчү өзгөчө факторлордун катарына кирет. Напсини теске салуу үчүн эң алгач Жараткан Алланын ыраазылыгын гана көксөп, жат иштерге каршы турууга аракет кылуу кажет. Ар бир мусулман баласы өзүнүн кемтигин, алсыздыгын, наадандыгын аңдап, Жараткан Алланын чексиз кудуретине, чексиз улуулугуна, аруулугуна, чексиз чеберчилигине назар салып, ар бир кадамын ошого жараша ташташы керек. Эгер мына ушул нерсе жүзөгө ашса, анда Курандын тили менен айтканда, «жамандыкка жетелеген» напси терс өңүттүү сапаттарынан арылып, Ислам талап кылган калыпка келет.

Алланын акыркы Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) Табук казатынан кайтып келе жатып кутман сахабаларына:

«Азыр жеңил күрөштөн оор күрөштү көздөй баратабыз» деп айткан эле.

Чынында эле Табук казаты башка казаттарга салыштырмалуу алдаканча оор болгон. Ырас, бул жүрүштү башынан акырына чейин эки жүздүүлөрдүн ар түрдүү оюндары, бузукулугу, бир жагынан шайтандын азгырыгы коштогон. Ошол жылы күн өзгөчө ачуу тийип, кургакчылык өкүм сүрүп турган эле. Табук Медина шаарынан алыс болгондуктан, жөө баруу өтө кыйын болгон. Анын үстүнө бул учурда түшүм жыйноо мезгили да келип калган.

Бул казатта мусулмандар Византия империясы менен беттешүүгө даярдык көрүп жатышкан эле. Мына ушул алп Византия империясы менен кармашуу деген кабардын өзү эле мусулмандарга өтө оор келген. Мында үч түмөн (отуз миң) Ислам колу миң чакырымдык жолду басып өтүп, кайра артка кайткан эле. Мусулмандар Мединага кайтып келгенде кадимкидей өзгөрүп сакал-чачы өсүп жүдөп калышкан болучу.

Мына ушундай узун жолдон кайтып келаткан сахабалар Пайгамбарыбыздын береги сөзүнө таң кала:

- О, Алланын Элчиси! Бизди көрүп турасыз! Мындан да чоң күрөш барбы? - дешет. Анда Азирети Пайгамбарыбыз:

- Ооба! Азыр биз жеңил жихаддан оор жихадка - напсинин азгырыгы менен күрөшүүгө баратабыз! - деген.



Ошону менен катар мурунку казаттарга катышып, Табук казатына гана себепсиз барбай калышкан үч сахаба менен кутман сахабалар жана акыркы Пайгамбар сүйлөшпөй, жүзүн карабай, алтургай саламдарына дагы алик албай калгандыктан бушаймандыкка буулугуп, касырет тартышы Ислам тарыхында өзүнчө орунду ээлейт.

Мына ушундай казат жеңил күрөш катары кабылданып, ага катышпоо адамды бул дүйнөдө эле ушунчалык төмөн даражага түшүрсө, «эң оор күрөш» деп аталган напсинин теске салынышына кайдыгер мамиле жасоо эртең Жараткан Алланын алдында адамды канчалык оор абалга дуушар кылаар болду экен... Жүрөктүн үшүн алган бул акыйкаттын алдында ар бир мусулман адам напсисине карата олуттуу мамиле жасап, аны суракка тартышы керек.

Ошондуктан Улуу Жараткан Алла Тааланын мынабул эскертүүсүн эсибизге түйө жүргөнүбүз абзел:

**«Силерди жөнү жок, эч бир максатсыз жаратканыбызды жана Бизге кайтарылбай турганыңарды ойлоп жатасыңарбы?!»** (Муминуун сүрөсү, 115-аят).

**«Адам баласы эмне өзүн жөн гана, эч максатсыз жаралганын ойлоп жатабы?!»** (Кыямат сүрөсү, 36-аят)

Азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбарыбыз куттуу хадистеринин биринде:

**«Акылдуу адам напсисине ээ болуп, аны суракка тартып өлүмдөн кийинки жашоосунун камын көрөт. Ал эми наадан напсисин бош кое берип, Алладан (жакшылык) күтөт»** (Тирмизий, Кыямат, 25; Ибн Маажа, Зухд, 31) дейт.

Бул өңүттөн ар бир мусулман өз напсисине каршы олуттуу мамиле жасашы керек. Напсини теске салууда анын усул-ыкмалары менен жакындан тааныш болушу абзел. Болбосо, бул жаатта дагы «бөрк ал десе, баш алуучулукка» ыктап кетүү коркунучу бар.

Напсинин азгырыктарына карата Алла Таала төмөнкү эскертүүсүн берет:

**«(Элчим!) Напсинин арзууларын өзүнө кудай кылып алган адамды көрдүңбү? Ага эми сен көзөмөл болмокчусуңбу?»** (Фуркан сүрөсү, 43-аят).

Куттуу хадистердин биринде Пайгамбарыбыздын:

**«Үммөтүмдөн эң көп тынчсызданганым - напсинин (терс жолго жетелеген миң түрлүү) арзууларын ыктап кетиши»** (Суйутий, Жамиус-Сагиир, 1, 12) дегени бар.

Мына ошондуктан напсини теске салуу ар бир мусулман







адам үчүн жоопкерчилиги оор жана өзгөчө мааниге ээ жагдайлардын бири. Бул жоопкерчиликтин маанилүүлүгү жөнүндө Алла Таала:

**«Кимде-ким напсини тазаласа, сөзсүз ал ийгиликке жетет. Ал эми кимде-ким аны жамандыкка агытса, сөзсүз ал зыянга учурайт»** (Шамс сүрөсү, 9-10-аяттар) деп буюрат. Демек, напсисин теске салып тазалаган адам барчу жерине аман-эсен жетсе, анын азгырыгына алданган адам оор жоготууга учурайт. Адам баласы напсиге канчалык баш ийсе, ошончолук касырет тартып азап чегет. Ал эми аны тизгиндеп теске салса, периштелерден дагы жогору даражаларды багындыра алат.

Ошондой эле кайыр - садагалар, кызматтар, жакшылык иштер дагы напсинин туура жолду, акыйкатты табышында өзгөчө мааниге ээ. Себеби жакшылык иштер напсини адалдыктын, жакшылыктын кадыр - баркы менен жакындан тааныштырат. Жакшылык иштер менен катар сөздүн эң көркөмүн, эң улуусун, эң сулуусун т.а., Жаратkандын сөзү ыйык Куранды окуу, андагы жандүйнөнүн чаңкоосун кандыраар насааттарды угуп, аны менен камыр-жумур жуурулуша жашоо – напсини теске салуунун эң мыкты жолу болуп эсептелет. Өмүрүн Ыйык Курандын көрсөтмөсү менен өткөрүүгө бет алган адам напсинин терс жолго жетелеген арзууларынан, акка кара көө жапкан шайтандын ар түрлүү азгырыктарынан алыс болуп, Жараткан Алланын гана ыраазылыгын көксөп жашайт.

Ошондуктан мусулман пенде ыйык Курандагы Жараткан Алланын буйрук-жарлыктарына карата кайдыгер мамиле жасабашы керек. Түбөлүк бактысына өз колу менен балта чаап албашы керек.

Жакшылыктын ачкычы

# «Бисмиллах» – бул касиеттүү сөз



**Рахматулла Бекмуратов**

«Бисмиллаах» – бул ар бир иштин башталышы. Болгондо да ар бир жакшылык сөздүн башталышы. «Бисмиллаах» – Ыйык Курандын башталышы жана ачкычы. Ошол себептен макалабызды «Бисмиллаахир-рохмаанир-рохийм» деп Ырайымдуу жана Мээримдүү Алла Тааланын ысмы менен баштоону туура көрдүк. Себеби Пайгамбарыбыз Азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи васаллам) өз хадисинде: «Алланын ысмы менен башталбаган иштин аягы жок» деп айткан. Бул хадистин маанисин бул касиеттүү сөз менен башталбаган иштин берекеси болбойт деп түшүнсөк болот.

Бир гана биз эмес, жан-жыныбарлар, өсүмдүктөр дүйнөсү, айтоор, баары өз тили менен Алла Тааланы аруулап, Аны даңктап, Анын касиеттүү ысмын даңазалашат. Ошол себептен ийненин көзүндөй болгон данек дагы Алланы такай даңктап зикир кылгандыктан, өнүп олтуруп нары таттуу, нары пайдалуу мөмө-жемиштерди берген чоң даракка айланат. Бул эле эмес Алланы зикир кылган кичинекей гүл ташты жарып өсүп чыгат.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз өз хадистеринде тамакка баштоодо, суу ичүүдө, үйгө кирүүдө, бир нерсени кулпулаганда «биссмиллааны» айтууну буйруп, шайтандын азгырыгынан, жамандыгынан Алла Тааланын ысмы камтылган ушул касиеттүү сөз аркылуу сактанууга болоорун айтып кеткен (Бухарий, Атимма, 2, 3; Муслим, Ашриба 108; Тирмизий, Атима 47; Абу Давуд, Атима 15; Насаий, Ас-Сунанул-Кубра, Аадаабул-акл, 15; Ибн Маажа, Дуа 19).

Тарыхый булактарда айтылгандай, Рим падышасы: – Айыкпас баш ооруга кабылдым. Айыктыра турган дарың болсо жиберчи! – деп өтүнүчүн жолдойт. Азирети Умар болсо, бир баш кийимдин ичине «Биссмиллаахир-рохмаанир-рохийм» деп жаздырып Рим падышасына жиберет. Бир топ убакыт баш кийимди кийип жүргөн падышанын баш оорусу айыгып калат. Баш кийимдин сырына кызыгып калышат. Ары-бери оодарып олтуруп, акырында Алланын ысмы жазылган жазууну көрүшөт.

Бул берекелүү сөз угулушу жагынан алып караганда да, жазылган абалынан караганда да куттуу Ислам дининин эн белгиси болуп эсептелет. «Бисмиллах» сөзүнүн канчалык кудуретке ээ экендигин аны чын дилден айтып, пайдасын көкүрөгү менен туюп жүргөн инсандар гана сезет. Бул улуу сөздүн пайдасына көңүл бурууда жөнөкөй бир мисалга токтоло кетели. Эки адам чөлдө сапар тартып жүрүшкөн эле. Алардын бири чыныгы адамгерчиликтүү, кичипейил, ал эми экинчиси көкүрөгүн көтөргөн текебер адам болот. Кичипейил адам ар дайым ошол жердеги падышага урмат көрсөтүп, анын атын даңазалап жүргөндүктөн ар кайсы тосмолордон, ар кандай оор кыйынчылыктардан жеңил өтүп шыдыр жүрөт. Экинчиси болсо текеберлиги себептүү элдин падышасына баш ийбей, анын эрежелерин көзгө илбей өз алдынча, өз башынча болгондуктан сапардын жүрүшүндө санмиң кыйынчылыкка дуушар болуп, запкы чегет. Ошонун сыңарындай биз жашап жаткан бул сынак дүйнө окуяда айтылган чөлдөн да чоң, чөлдөн да машакаттуу, нары татаал.

Ошол себептен бүткүл ааламдын падышасы болгон Алла Тааланын ысмын кан-жаныбызга сиңирип, бул улук сөздү ар бир иште кайталап өмүр кечире турган болсок алдыдагы машакаттар алда канча жеңилдейт, кармаганыбыз, тутканыбыз алдаканча берекелүү болот. Анткени бул алп турмуштун, чоң сыноонун алдында баарыбыз алсызбыз, алсыз жаратылганбыз. Эскерте кетчү нерсе кескин түрдө арам деп эсептелген арак же чочконун эти сыяктуу нерселерди жеп-ичүүдө «бисмилланы» айтуу адамды динден чыгарат. Эгер буга чейинки турмушубузда ар дайым Алланын атын кошо ала жүрүп «бисмилланы» такай кайталап жүргөнүбүздө жогорудагы кичипейил инсандай болуп көптөгөн жетишкендиктерди багынтмакпыз. Себеби Алланын сүйүктүү Элчиси айткандай, жасаган ар бир ишибиз ийгилик менен коштолмок. Өкмөттүн тапшырмасын так, кынтыксыз аткарган аскер сыяктуу. Карабайсызбы, ал өкмөттүн атынан, анын тапшырмасына ылайык иш жүргүзгөндүктөн койгон максатына жетүүгө мүмкүнчүлүгү чоң. Катардагы жоокердик мартабадан көтөрүлүп олтуруп эң чогорку чин деп саналган генерал, адмирал деген аскердик наамга жеткендер бар. Бул эми жөнөкөй турмуштан алынган чындык. Ал эми бизди жана бүтүндөй ааламды жараткан Алла Тааланын атын алып жүргөндөргө Алла Өзү кепил болот. Алланын алдында пендеге эч ким тоскоол боло албайт, эгер жасалып жаткан иш Алланын ыраазылыгы үчүн жасалып, «бисмиллах» сөзү чын дилден айтылган болсо.

akbashat@yahoo.com



Суроо салган
**Акылбек Халбеков**



# Мухтар Атаналиев: Ыймандуулукка чакыра турган көркөм тасма тартуу боюнча дагы эки сунуш болуп жатат

Бир кездерде жаштарга жаккан ырларды ырдап, элге-журтка таанымал болуп калган эстрада ырчысы Мухтар Атаналиев бүгүнкү күндө Алланын ыраазылыгына татыктуу болууну максат кылып, эркинин кайраттуулугу менен напсини тизгиндеп, өзү айткандай акыйкат үчүн беделин, ырчылык өнөрүн курмандыкк чалып, Ислам динин туу тутуп, элимдин түбөлүк жыргалчылыгы үчүн аз да болсо салымымды кошсом деп чымыркана аракет кылып жүргөн кези. Мусулмандын артыкчылыгын көрсөтүп сунушубузду жерге таштабай редакциябызга келип кызыктуу маек куруп берди. Анда акыйкат кепке кезек берели...

**– Ассаламу алейкум Мухтар аба. Редакциябызга кош келипсиз. Ал-акыбалыңыз кандай, учурда эмне менен алектенип жүрөсүз? Кандай жаңылыктарыңыз бар?**

– Бисмиллахир-рохмаанир-рохийм. Бизди бул дүйнөгө инсан кылып жараткан Аллага чексиз шүгүр келтирем! Алла Таала бизге нерселерди таанып, ой калчай турган акыл-эс, жарык дүйнөнү көрө турган көз берди. Жаамы жандуу-жансызды адамбаласынын пайдасына жаратып, көргүлө, сабак алгыла, акыл жүгүрткүлө деп аларды айлана-чөйрөбүзгө кынтыксыз эрежелери менен жайгаштырып койду. Ошондой эле бизди Өзүнүн эң сүйүктүү Элчиси Азирети Мухаммад Пайгамбарга үммөт кылып койду. Ошол Улуу максатка ылайык учурда Ислам дининен рухий күч-кубат, дем, кайрат алып жашап жатабыз. Жараткан Алланын

ыроологон жакшылыктарына абдан ыраазымын. Мээнетиң катуу болсо тапканың таттуу болот демекчи, бүгүнкү күндө эки дүйнөлүк бакытка жетүү үчүн, б.а., Алланын ыраазылыгын табуу үчүн колдон келишинче аракет, мээнет кылып жатабыз.

**– Көпчүлүктү таң калтырган өзгөрүүнүн себеби эмнеде болду экен?**

– Адам баласы бир нерсени сүйөт, бир нерсени жакшы көрөт. Маселен, ырчы өз ырын, зергер өз колунан чыккан жасалгалуу зер буюмдарын, спортсмен спортту, же бир инсан бир кызды сүйөт. Бул сүйүү качан жокко чыгышы мүмкүн. Албетте, бул андан да жогору, андан да нукура болгон асыл сүйүү келгенде гана жокка чыгат экен. Биз мурда бул дүйнөгө жаралышыбыздын максаты катары ырчылыкты түшүнүп жүргөн болсок, Кудайга шүгүр, бүгүнкү күндө муну бизге Алла Таалам Өзү маалымдап жеткирди. Тактап айтканда, бул дүйнөгө Жараткан Алланы ыраазы кылуу үчүн жаратылганымды толук аңдап түшүнүп олтурам. Алла Таала Куранда: «Мен жин жана адамдарды башка бир максат менен эмес, Өзүмө ибадат кылуулары үчүн гана жараттым» деп улуу максатты ачык айтып жатат. Демек, биздин жашоодогу эң негизги, эң башкы максатыбыз жана аткараар ишибиз Аллага кулчулук кылуу, пенделик вазийпаларыбызды орундатуу болушу керек.

Эми, ошол максатты тааныш үчүн бир нерсени курмандыкка чалуу керек. Эмнени? Албетте, өзүбүз сүйгөн нерсени. Муну Пайгамбарыбыз орундаткан. Алла Элчисинин курмандыгынын жанында биздин курмандыктар эч нерсеге татыбайт. Ошондой болсо да Алла Тааланы ыраазы кылуу үчүн чыгармачылыктан алыстаганга туура келди.

**– Өзүңүз айткандай, улуу максат үчүн чоң тобокелчиликке барыпсыз. Эми сиз Исламдан кандай баалуулуктарды таптыңыз? Ислам дини сизге эмнени берди?**

– Биздин сүйүктүү Пайгамбарыбыз өз хадисинде: «Эгер менин үммөтүм бул дүйнөнү мактай баштаса, анын жүрөгүнөн асыл баалуулук чыгып кетет» деп айткан. Жакшылап акыл калчай турган болсок, ким Исламдан башка нерсеге кызыкпасын, анын жүрөгүн ошо кызыккан нерсеси ээлеп алат. Ислам баалуулугу ээрип олтуруп жок болот. Исламдын баалуулугу деп эмнени түшүнөбүз? Эң башкы баалуулук – бул ыйман, Алла Таалага болгон ишеним. Сиз менен биз ушуга чейин жөнөкөй эле бир адамдарды ыраазы кылуу, алардын көңүлүн алуу, же алардын көңүлүн өзүбүзгө буруу үчүн жашап келиптирбиз да. Бизди мусулман кылып жараткан Алла Тааланы унутуп жашаган турбайбызбы. Алланы ыраазы кылуу үчүн Ага ишениш, Аны эстөө, ибадат кылуу, Анын жолунда кызмат кылуу кандай гана зор бакыт экенин, мунун даамын таткан гана адам билет тура. Андан кийинки асыл дөөлөт катары намаз окууну айтууга болот. Намаз – мусулманды Алла Таала менен байланыштырган касеттүү нерсе. Намаз – бул аруулуктун, тазалыктын булагы. Намаздын арты менен канчалаган инсандар жаман жолдон арылып, жакшы жолго түшүп, чыныгы инсандык жашоодо жашап келе жатышат. Мусулман намаз аркылуу өзүнүн көйгөйлөрүн, муктаждыгын Алладан сурап, алардын чечилишин дагы да жеңилдетип алып жатат. Мына баалуулук! Адамдын ден-соолугуна намаздын көптөгөн пайдасы бар экени илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгында аныкталган. Мунун кашкайган далилине мен өзүм күбө болдум. Менде жыйырмадай ар кандай деңгээлдеги оорулар бар эле, өтө арык болчумун. Кудайга шүгүр, азыр намаздын шарапаты менен айыгып, он эки килограммдай салмак коштум, өзүмдү мурункудан жакшы сезип калдым.

Булардан башка Ислам дини адамдын коомдогу жүрүм-турумун, жашоо ыңгайын аныктап берет. Бул жагы да пенде үчүн өтө зарыл болгон баалуулук. Маселен, жалган айтпа, уурулук кылба, туура жүр, эч кимге зыян тийгизбе, баары менен ынтымактуу бол, кайрымдуу, мээримдүү, боорукер бол! Жакшылап ойлон, илим ал, элжуртуңа пайдалуу иш кыл дейт. Исламдын ушул сыяктуу асыл дөөлөттөрү башка нерселерге салыштырмалуу инсанга жугумдуу да, сиңимдүү да келет. «Энеңдин таманынын астында бейиш жатат» деген айтым кандай гана көрөңгөлүү айтылган сөз, ичинде эмне деген укмуш маани жатат. Биз муну билбей жүргөнбүз. Биз канчалык башка нерселерге талпына берсек, мындай баалуулуктарды көрө албай калабыз, же жүрөктөн чыгып кетет. Эгер эмгек кылбасак, ал өзүнөн-өзү жүрөгүбүзгө кирип калбайт экен да. Исламды акчага, же башка кымбат деп эсептелген нерселерге сатып ала албайт экенбиз. Ушу айтылгандарды түшүнгөнүмдүн өзү Исламдын мага сунган белеги болду. Мен ушу нерселердин баарын жалпы элге каалайт элем.

***– Ислам менен жуурулуша жашоого бел байлаганыңызды мурунку санаалаштарыңыз, сахналаштарыңыз, күйөрмандарыңыз кандай кабыл алышты?***

– Азирети Мухаммадга кырк жашында Пайгамбарлык келди. Ага чейин Мекке эли «ишенимдүү» Мухаммад деп, өз бүлөсүнө ишенбеген адамдар баалуу буюм-тайымдарын ага аманат катары тапшырып турушкан. Көңүлүндө кири жок, калыс, кыраакы инсанды баары жакшы көрүшкөн. Кандайдыр бир көйгөйлүү иштери болсо, Мухаммад (алейхис

akbashat@yahoo.com

салам) менен кеңешип турушкан. Мындайча айтканда, эл ишеним арткан чынчыл адам эле. Азирети Мухаммад Алланын Элчиси болгондугун, Пайгамбар болгондугун жарыялаар замат баягы ишеним арткан адамдар: «Бул жинди болуп, акылынан айнып калыптыр! Сыйкырчы болуп алыптыр! Адашыптыр! Эми буга ишенбейбиз!» деген сөздөрдү айта баштайкан. Чындыгында Курандын келе башташы акыйкат менен жаңылышты, жакшы менен жаманды так-таасын ажыратып койду. Ким каапыр, ким мусулман экендигин тутунган дининен, тутунган түшүнүгүнөн так аныктап берди. Мен муну салыштыруу үчүн гана айтып жатам. Болбосо мен Пайгамбарымдын бир тал чачына да арзыбасмын. Башында ар кандай көз караштар айтылган. Мендеги бүгүнкү абалды акыйкаттын келиши деп түшүнөм. Мындай абалды менин мурунку сахналаштарымдын кээ бири, айрым тууганадарым, айрым күйөрмандарым туура кабыл алышты. Анткени алар акыйкаттын кайда экендигин билишет. Анткени аларда ыймандын көрөңгөсү бар эле. Алла Таала да алардын жүрөгүн күндөрдүн биринде ойготот деп ишенем. Ошол эле маалда айрым жүрөгү кулпулуу пенделер акыйкатты туура кабылдай албай «бул акылдан айный баштаптыр!» деген сыяктуу мурдун чүйрүп койгондор да болушу ыктымал. Мен Исламдын акыйкатын, асыл баалуулугун мындайлардын да жүрөгүнөн түнөк табышын каалайм жана дуба кылам.

**– Учурда чыгармачылык кандай абалда? Аны менен биротоло коштоштуңузбу, же башка нукка бурайын деген ниеттер барбы?**

– Менин чыгармачылыкты токтотконума бир жылдан ашып калды. Албетте, жашоодогу максатыбызды түшүнүп, аныктап алалы деген себеп менен. Учурда шарият илимин терең билген аалымдар менен бул жаатта сүйлөшүп, алардын кеп-кеңешин алып жатабыз. Мисалы, Умар (Алла ага ыраазы болсун) Исламдан мурда кармаганын капшырган күчтүү, кайраттуу, беттегенин бербеген, айтканынан кайтпаган инсан болгон. Мусулман болуп Исламдын кичипейилдик, сылыктык, ак көңүлдүк деген баалуулуктарына сугарылгандан кийин мурдагы күч-кайратын, эргүүсүн Исламга буруп койду. Ошонун сыңары Алла Таалам берген эргүүнү, шык-жөндөмдү Исламдын кызматына арнайлы деп биз дагы бул жаатта өзүбүздөгү жана Арабстан, Пакистандагы чоң-чоң аалымдар менен сүйлөшүп жатабыз. Бирок кандай эреже, кандай усулда иш жүргүзөөрүм азырынча белгисиз. Мындан тышкары элди ыймандуулукка чакыра турган көркөм тасма тартуу боюнча дагы эки сунуш болуп жатат. Мунун канчалык деңгээлде ишке ашаарын Кудайым Өзү билет. Алла Тааламдын «Элди жакшылыкка үндөп, жамандыктан тоскула!» деген буйругуна ылайык аракет кылып көрөбүз. Бир жерде чүмкөнүп олтуруп алгандан алыспыз, эл-журтубуздун рухий өнүттөн жакшырышына салым кошолу деген ниеттер бар.

**– Маегибиздин акырында жалпы окурман журтчулугуна, асыресе, күйөрмандарыңызга айтаар кебиңиз?**

– Башта айтканымдай өзүбүздүн туруш турпатыбызга көз жүгүртөлү. Адамдын денеси кандай гана керемет түзүлүштө жаратылган. Баары өз-өз ордунда. Көз, мурун, кулак, тил, кол, бут сыяктуу мүчөлөрүбүзүн өзгөчөлүгүн, баалуулугун аңдап, акыл жүгүртүп көрөлү. Сүйүү, боорукерлик, ырайымдуулук, мээримдүүлүк сыяктуу кандай гана ажайып сезимдерди берди. Мунун бир пайызын да адам өз колу менен жасай албайт, бул Алланын бизге ыроологон баа жеткис белеги. Мунун баары Жараткан Алла Тааланын теңдешсиз кудуреттүүлүгү. Ушунун бирөөн эле алып койсо, Алладан башка эч ким дал өзүндөй кылып кайрадан ордуна койо албайт. Исламды кабыл алсаң болду, күнү-түнү ибадат кылып жүрө бересиң, тиричилигиң калат деп ойлогон адамдар болушу мүмкүн. Мен айтаар элем, Ислам - дин менен турмуш-тиричиликти айкалыштыра алып кеткен, бирине бири эриш-аркак болгон кынтыксыз мыйзам, эрежелери бар дүйнөдөгү жападан жалгыз дин. Буга бир эле мисалды айтайын, Ислам дини колунда жокторго зекет берүүнү буйруган. Мал-мүлктү көбөйтпөсөң кайдагы зекет? Ошондуктан мал-мүлктү көбөйтүү үчүн иштеш да керек, Аллага жалбарып сураш да керек.Мындай чоң мүмкүнчүлүктөрдү берген Алла Таала бизди бош таштап салган жок. Сыноо үчүн жараткандыктан жакшы, жаман ишибизди амал дептерибизге жаздырып, көзөмөл кылып турат. Пайгамбарым айткандай оң жака салам бергенден кийин сол жака салам берээрибизге кепилдик бере албайбыз. Андыктан, эртең кеч болуп кала электе ушу азыртан баштап ойлонолу, толгонолу, туура чечим чыгарып, Алланын жолун тандайлы. Мен мурунку санаалаштарыма, сахналаштарыма, күйөрмандарыма айтаарым, Алла Таладан коркуп, эки дүйнөдө тең бактылуулукка жеткире турган жолго түшөлү демекчимин.

**– Убактыңызды бөлүп, атайы ат арытып келип, маек куруп бергениңиз үчүн Алла Таалам сизге ыраазы болсун!**

www.akbashat.kg

# ЖЕТИМДИН МАЛ-МҮЛКҮН ПАЙДАЛАНУУ



«Жетимдин мал-мүлкүн адилетсиздик менен жегендер курсагын тозок отуна толтурушкан болот»

(Ниса сүрөсү, 10)

**Абдуррахман Хачкалы**
Теология илимдеринин доктору

Атасынан же ата-энесинен ажыраган балагатка жете элек бала «жетим» болуп эсептелет.

Куранда жетимдин мал-мүлкүн мыйзамсыз пайдалангандар жөнүндө:

**«Жетимдин мал-мүлкүн адилетсиздик менен жегендер курсагын тозок отуна толтурушкан болот»** (Ниса сүрөсү, 10)

**«Жетимдердин мал-мүлкүн (бойго жеткен соң) өздөрүнө кайтарып бергиле! Жакшыны жаманга алмаштырбагыла (б.а.жетимдин мүлкүн өзүңөрдүн мал-мүлкүңөргө аралаштырып, бөөдө адал мүлкүңөрдү арам кылып албагыла!) Алардын мал-мүлкүн өзүңөрдүн мүлкүңөргө кошуп жебегиле! Анткени бул чоң күнөө!»** (Ниса сүрөсү, 2-аят) деп буюрулат.

Ыйык Куранда жетимдер тууралуу 23 жерде, ал эми куттуу хадистерде болжол менен отуз жерде сөз козголот. Ислам дини бул багытта эки негизге өзгөчө басым жасайт:

1. Жетим баланын мал-мүлкүн балагатка жеткенге чейин эң жогорку деңгээлде сактап коргоого;

2. Жетим баланы кемсинтип жетимсирет - пөөгө. Жетимдин жоопкерчилиги үчүн кимдир бирөөнү өкүл дайындоо зарыл. Бул өңүттөн Ислам укукчулары төмөнкү шарттарга жооп берген адам өкүл боло алат:

а. Ишенимдүү,

б. Адамгерчиликтүү,

в. Адилеттүү,

г. Ысырапкорчулуктан алыс адам.

Жетимдин мал-мүлкүн тигил же бул тариздe өзүнө мыйзамсыз өткөрүп алган адам арам ишке кадам таштаган болот. Арийне, жетимдин акысын Алла Таала акыретте алып берээри бышык.

Азирети Пайгамбарыбыз куттуу хадистеринде жетимдин мал-мүлкүн адилетсиз жол менен пайдалануу адамды чоң жоготууга учуратчу жети чоң күнөөнүн катарына кирээрин айткан: «Жок кылуучу мынабу жети нерседен оолак болгула: Аллага шерик кошуу, сыйкырчылык, адам өлтүрүү, сүткорлук (процент акча алып-берүү), жетимдин мал-мүлкүн жеш, душманга кол салуу учурунда согуштан качуу, ар-намыстуу таза момун аялдарга зина күнөөсүн таңуулап, жалган жалаа жабуу» (Бухарий, Васайа, 23, Тыбб, 48; Муслим, Иман, 145, Васайа, 10; Насаий, Васайа, 12)

Ислам дини жетимдин мал-мүлкүн жеш мындай турсун, анын жоопкерчилигин алуу, мал-мүлкүн коргоо зарылчылыгына басым жасайт. Алла Таала аяттардын биринде төмөнкүчө буюрат: **«Жетимге каарданба! Кайырчыга орой мамиле жасаба!»** (Духа сүрөсү, 9-10)

Жетимдин мал-мүлкүн жеш канчалык оор күнөө болсо, аны коргоо да ошончолук сооптуу иш. Ошондуктан ар ким өзүнүн айлана-чөйрөсүндөгү жетимдерди өз карамагына алып, мал-мүлкүнө баш-көз болуп коргошу шариятка да, адамдык нарк-насилге да куп жарашат.

Пайгамбарыбыз жетимдерди коргоп, аларга баш-көз болгондор үчүн: «Жетимдин жоопкерчилигин өз мойнуна алып, милдетин аткарган адам бейиште мени менен мынабундай жакын болот» деп сөөмөйү менен ортон манжасын көргөзгөн.

akbashat@yahoo.com



# Куран менен жуурулуша жашоо

**Али Муслу**

www.akbashat.kg

Акыйкат дин – бул адам баласынын жашоосун белгилүү бир тартипке келтирген мыйзамдар топтому. Өмүрдү негизги максатка ылайык өткөрүүгө шарт түзгөн бул дин адам баласынын түбөлүк бактысын көздөйт.

Эң үлгүлүү инсан азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбарыбыз аркылуу бүтүндөй инсаният үчүн түшүрүлгөн ыйык Куран – бул адам баласынын бардык муктаждыктарына, жашоонун бардык талаптарына канааттандыраарлык деңгээлде жооп берген Жараткан Кудуреттин Сөзү. Бакара сүрөсүнүн 2-аятында маалымдалгандай, **«Бул Китепте ийненин көзүндөй дагы шек жок! Ал такыбааларга туура жолду көрсөтүүчү ыйык Китеп!»**. Бул Китептин негизинде жашоого умтулуу биз үчүн эң биринчи милдет. Жараткан Алла Куранда ар түрлүү маселелердин бардыгына жооп берилгендиги жөнүндө төмөнкүчө маалымдайт:

**«...Куран – бул ойдон чыгарылган сөз эмес! Ал өзүнөн мурда түшүрүлгөн китептерди тастыктайт. Ошондуктан, ал (Куран) – ыйман келтирген коом үчүн ар нерсенин анык жүзүн ачыкка чыгаруучу Жол жана Ырайым!»** (Юсуф сүрөсү, 111-аят).

**«...Биз сага ар нерсени түшүндүрүп бере турган жана мусулмандарга акыйкаттын, мээримдүүлүктүн жана бакыттын жолун көрсөткөн Куранды түшүрдүк»** (Нахл сүрөсү, 89-аят).

Ыйман келтирген пенде жашоосун ыйык Куранда жана сүннөттө белгиленген түбөлүк бакыттын мыйзам-эрежелери боюнча тартипке салышы керек. Окуган Куран аяттарын күнүмдүк турмушунда колдоно билиши керек. Эртең менен тургандан тарта кечинде уктаганга чейин жасаган ар бир ишинде Курандын алкагында ойлонууга, Курандын негизинде сүйлөөгө, Курандын негизине ылайык кадам таштоого жанүрөп аракет кылышы керек.

Кээ бир адамдар Ислам динин намаз, орозо сыяктуу белгилүү ибадаттар менен гана чектелүү деп ойлошот. Алар жашоосун «ибадат кылуу убагы» жана «башка убакыттар» деп экиге бөлүп карашат. Алла Тааланы жана акыретти намаз окуу, орозо кармоо, кайыр-садага берүү жана ажылык учурларында гана эстешет. Ал эми мындан тышкаркы учурларда күнүмдүк турмуштун көр оокаты менен гана алек болушат. Мындай адамдардын Куранга төп келбеген, өздөрүнө тиешелүү жашоого болгон түшүнүгү, дүйнө таанымы, жашоого болгон өзүнчө мамилеси бар. Булар анча-мынча жагдайларда Жараткандын «адал-арам» деген эрежесине көз жуумп коюшат.

Ал эми Куранды өзүнө мыйзам катары кабыл алган пенденин жашоосун мындай түшүнүктөгү адамдардын жашоосу менен салыштырып болбойт. Бул пенде Жараткан Алланы эсинен эч качан чыгарбай, Ага толук кандуу түрдө моюн

сунуп, ишенимдүү жашайт. Ал жашоонун өйдө-ылдыйында эч качан стресске, үмүтсүздүккө алдырбайт. Оор кырдаалдарда да өзүн жоготуп койбойт. Кез келген ар бир нерсеге Алла Таала ыраазы боло тургандай таризде мамиле жасайт. Анын ар бир сөзү, ар бир чечими, ар бир кыймыл-аракети ыйык Куран менен айкалышып турат. Ал көчөдө жүргөндө, сабакта, иш учурунда, тамактануу учурунда, баарлашуу учурунда Куран менен жуурулуша жашоого милдеттүү болгондугун билет. Мойнундагы милдетин эң жогорку деңгээлде, ошондой эле Алла Таала ыраазы боло турган шекилде аткарууга жанүрөйт. Ыйык Куран менен жуурулуша жашаган чакта адам баласы эң мыкты жашоо таризин тандаганы тууралуу Улуу Жараткан Өзү аяттарынын биринде төмөнкүчө маалымдайт: **«Эркекпи, аялбы, айтоор, ким ыйман келтирип, изги-жакшы иштерди жасаса, ага эң мыкты жашоо беребиз...»** (Нахл сүрөсү, 97-аят).

Куран менен жуурулуша жашаган ыймандуу пенделер үчүн ар бир күн Жараткан Алланын жакшылыгын айгинелеген далилдерге толо. Мисален, көзүн ачып ишине киришүүсүнүн өзү Жараткан Алла Таала тарабынан ыроологон эң чоң жакшылыктардын катарынан орун алып, адамды ойлондура турган акыйкат. Адам баласы түнү бою эч нерседен бейкапар уктайт. Уйку менен өткөн 6-7 сааттан болгону 3-5 секундалык белгилүү-белгисиз түштөр гана калат. Бул учурда ал дүйнөгө болгон байланышы үзүлгөн абалда жатат. Денеси менен руху бири-биринен ажыраган болот. Бул учур өзүнчө өлүм сыяктуу. Жараткан Алла бул багытта: **«Алла Таала өлөөр мезгилде жанды (б.а., ажалы келген жан-жаныбарлардын жанын) алат. Ал эми ажалы келе электердин жанын уйкуда (жатканда) алат. Бул учурда өлүмгө өкүм кылынгандардын (уктап жаткан кезде ажалы жеткендердин) жанын алып калат да, калгандарын (ичээр суусу түгөнө электердин жанын) белгилүү бир мөөнөткө (ажалы келгенге чейин) кайра жиберет...»** (Зумар сүрөсү, 42-аят) дейт.

Бүгүнкү күнүн жаңы баштаган чыныгы мусулман өзүнө дагы бир күн ыроологондугун билип, Алла Тааланын чексиз ыраакымына баш калкалап, Ага шүгүр келтирет. Алдындагы жаңы күндү Жараткан Алланын ыраазылыгына ээ болуу үчүн чоң мүмкүнчүлүк катары билип, ошого жараша аракет кылуу менен анын кадырына жеткен болот. Ошондуктан ал эртең менен аман-эсен ойгонуп жаңы күндүн босогосун аттагандыгы үчүн Жаратканга шүгүр келтирип, багымдат намазын окуйт. Ошентип жалгыз Аллага бет алып, чын ыкластан дуба кылып жаңы күнүн баштаган болот. Ал ар качан Жараткан Кудуреттин көзөмөлүндө тургандыгын туюп, ошонун негизинде кадам шилтейт. Анын ыраазылыгына жетүүгө, буйрук-жарлыктарын аткарууга бар күчү менен жанүрөйт.

Мусулмандын эртең мененки аткарган эң биринчи иши – бул тазалык. Өзүнүн дене-турпатынан баштап, жашаган үйүн, айлана-чөйрөсүн тазалап, ирээтке келтирет. Ал Алла Тааланын тазалыкты жана таза адамдарды жакшы көрөөрүн билгендиги үчүн тазалыкка болгон кылдат мамилесин өзүнчө ибадат катары эсептеп, Алла Тааланын ыраазылыгына үмүт байлайт. Жараткан Алла Муддассир сүрөсүнүн 4-5-аяттарында **«Кийиминди таза карма! Жаман нерселерден оолак бол!»** деп буюруу менен күнүмдүк турмушта материалдык жактан да, руханий жактан да бизди таза болууга чакырат. Кийген кийимибиздин тазалыгы да бизден сурала турган маселелердин катарына кирет. Азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбарыбыз сырткы келбетине маани бербеген сахабаларына эскертүү бере турган.

Күндөрдүн биринде эптеп-септеп эле кийинип алган, жүдөгөн бир адам Пайгамбарыбызга келет. Пайгамбарыбыз:

– Мал-мүлкүң жокпу? Ал-акыбалың кандай?- деп сурайт. Тиги киши «бардыгы жайында, жакшы» - деп, жооп берет. Анда Пайгамбарыбыз:

– Алла Таала сага мал-дүйнө бергенден кийин, анын изи сенде көрүнүп, байкалып турушу керек!» деп эскертүү берет (Абу Давуд, Либас, 14 – 4063; Насаий, Зинат, 54).

Мусулман адам дене-турпаты өзүнө Жараткан тарабынан ыроологон аманат болгондугун, мындай теңдешсиз белекке өтө астейдил мамиле жасоого милдеттүү болгондугун, ал үчүн нормалдуу түрдө тамактануу керектигин билет. Жакшылык иштерди кылуу үчүн ден-соолугу чың болушу, ал үчүн ашкереликтен оолак болуп жетиштүү тамактануу керектигин түшүнөт. Мына ошондуктан ал таза, табигый жана адал азыктар менен азыктанат. Канчалык даамдуу, канчалык өзүнө тартып турууучу болсо болсун, шариятта адам баласы үчүн зыяндуу «арам» деп белгиленген азыктардан оолак болот. Алла Таала Куранда адам баласы үчүн жараткан жакшылыктары жөнүндө: **«Өз кудуретибиз менен жаратkandарыбыздын ичинен алар үчүн канчалаган мал-жандыктарды жаратып бергенибизди көрүшпөйбү? Аларга ээлик кылып жүрүшөт го... Биз буларды** (мал-жандыктарды) **аларга баш ийгизип койдук. Алар кээ бирлерин минишсе, кээ бирлерин** (союп, этин) **жешет. Мындан сырткары булардын дагы көптөгөн пайдасын көрүп, суусундугун алышат** (сүтүн саап ичишет)**. Бул үчүн алар шүгүр келтиришпейби?»** (Ясин сүрөсү, 71-73-аяттар) деп буюрат.

akbashat@yahoo.com

Куранды өзүнө «шамчырак» катары кабыл алган пенде жеке өзүнүн гана кызыкчылыгын ойлобойт. Ал Жараткандын алдындагы жеке милдеттерин орундаткан соң үй-бүлөсүнүн муктаждыгын адал жолдон камсыз кылууга, ошондой эле алардын да эки дүйнөлүк бактысы үчүн кам көрүүгө жанүрөйт. Ата-энеси, бир туугандары жана айлана-чөйрөсүндөгү адамдарга да боорукер сезим менен мамиле жасап, алардын түбөлүк бактысын ойлойт. Жараткан Кудуреттин: **«...Ата-энеңерге, жакын туугандарыңарга, жетимдерге, кедейлерге, алыс-жакын кошунаңарга, жаныңардагы досуңарга, жолоочуга жана кол алдыңардагыларга жылуу мамиле жасап, жакшылык кылгыла!..»** (Ниса сүрөсү, 36-аят) деген буйругун эсинен чыгарбайт.

Тууган-туушкандарын, досторун Жараткан Алланын мыйзамы менен, Ыйык Куран менен жуурулуша жашоого үндөйт. Алла Таала «(Биринчи) **эң жакын туугандарыңды чакыр!»** (Шуара сүрөсү, 214-аят) деген аяты менен ыйман келтирген пенделерге Ислам динин эң жакын туугандарынан баштап жеткирүү керектигин маалымдаган. Ошентип, Исламдын максаты бактылуу адамга, бактылуу үй-бүлөгө жана бейпил коомго багытталган. Ал эми бул аруу максат Жараткан Кудуреттин мыйзамы менен жуурулуша жашоо аркылуу гана жүзөгө ашат.

Мусулман пенде бул дүйнөдө өзүнө ыроолонгон жакшылыктардын жападан жалгыз Ээси – бул Алла Таала болгондугун билип, анын кадыр-баркына жете алат. Бул жакшылыктарды жаратып, белек катары тартуулаган Алла Таалага шүгүр келтирип, ыраазылыгын билдирүү үчүн болгон күч-аракетин жумшайт. Баа жеткис бул белектери үчүн сөз түрүндө да, иш жүзүндө да туруктуу шүгүр абалында болууга, Жаратандын алдындагы кулчулук озуйпаларын, б.а., ибадаттарын өз учурунда кынтыксыз аткарууга аракет кылат. Ага мына ошол ибадаттарын аткарууга эч бир иш тоскоол боло албайт. Байкоостон жасаган күнөөлөрү үчүн бушайман болуп, тооба кылып Жараткандан кечирим сурап, Анын учу-кыйырсыз ыраакымына баш калкалап, күнүмдүк беш маал намазын калтырбай окуйт. Багымдат намазы менен башталган күнүн бешим, асыр, шам жана куптан намаздары менен Жараткан Алланы эсинен чыгарбай өткөрүүгө, өзүнүн канчалык алсыз пенде болгондугун түшүнүп, жалгыз Жараткан Аллага баш калкалап, түбөлүк бакыттын камын көрүүгө аракет кылат... Туруктуу аткарылган ибадаттар момун-мусулмандардын күнөөлөрүн жууп кетире тургандыгы, ошондой эле күнөө иштерден оолак кармай тургандыгы жөнүндө Куран аяттарынын биринде: **«Арийне, намаз бузукулуктан, күнөө иштерден оолак кармайт!»** (Анкабут сүрөсү, 45-аят) деп буюрулат.

Чыныгы мусулман бул дүйнөдөгү элдешкис душманы болгон шайтандын азгырыктарына алданбайт. Андан коргонуу үчүн болгон аракетин көрөт. Анүчүн ар дайым жалгыз Жараткан Аллага баш калкалайт. Өзүнүн ойу сыяктуу сезилген шайтандын шыбыштарын Куранга жуурулган ойлорунан ажырата алат. Ар убак зирек болуп, шайтандын сөзүнө кирбейт. Жасай турган же ойлогон эч бир ишине шайтандын аралашуусуна уруксат бербейт.

Шайтандын максаты Алланын дини менен жуурулуша жашаган момун-мусулмандар баш болгон бардык адамдарды адал жолдон азгыруу болуп эсептелет. Ал өзү менен кошо бүтүндөй адамзатты тозокко жетелеп кеткиси келет. Адамдардын чын ыкластан жалгыз Алла Таалага ибадат кылышына тоскоол болуп, аларды Алланын адал жолунан, Курандан алыстатып, жан чыдагыс азапка дуушар кылууга жанүрөйт. Ыйманга келген пенделер өздөрүн шайтандын дайыма коштоп жүргөндүгүн билишет. Алар шайтандын түркүн түстүү азгырыктарына карата ар качан зирек абалда ойгоо болушат. Бул багытта аяттардын биринде: **«Ырасында, ыйман келтирип, Жараткан Эгесине тобокел кылгандарга шайтандын буйругу** (азгырыгы) **эч кандай таасир бере албайт. Анын буйругу аны менен дос болуп, Аллага шерик кошкондорго гана таасирлүү»** (Нахл сүрөсү, 99-100-аяттар) деп буюрулат.

Узун сөздүн кыскасы, аруу динибизди жана анын китеби Ыйык Куранды туура түшүнгөн, акыркы пайгамбар азирети Мухаммаддын (саллаллаху алейхи васаллам) куттуу сүннөтү менен жуурулуша жашаган адамдардан куралган коомдо адилетсиздик, уурулук, шылуунчулук, талап-тоноочулук, сойкулук, кедейлик, ачарчылык, аракечтик, кумарпоздук сыяктуу башаламандыктар өзүнөн-өзү жоголот. Ыйман булагына сугарылган мындай коом Жаратандын уруксаты менен эң жогорку деңгээлде бейпил өмүр кечирээри бышык. Ошондуктан чыныгы бейпилдиктин, түбөлүк бакыттын ачкычы жалгыз Алла Тааланын390 дининде!...



www.akbashat.kg




Фархат Юсупов

# Адам баласынын негизги максаты ага ар тараптан жооп бере алабы?

Алла Тааланын адам баласына ыроологон сан жеткис жакшылыктарынын башында аны жаратып, ага өмүр бериши турат. Тилекке каршы, бүгүнкү күнү жашоо тек гана курсактын камын көрүүгө, дүйнөлүк азгырыктардын аркасынан сая куугa багытталып берегi жакшылыктын кадыры билинбей калды. Мына ушундай түшүнүктөгү адамдардын бул дүйнөгө келүүдөгү негизги максаты утурумдук дүйнө менен гана чектелип калгандыгы жанды кейитет. Жалпыга маалым болгондой, адам дене жана рухтан турат. Жашоо үчүн денеге азык кандай зарыл болсо, рухка да негизги максатына жетүү үчүн бир катар рухий азыктар керек. Бул жерде адам баласы үчүн негизги маселе мына ошол азыктарды туура аныктап, жандүйнөсүн көркүнө чыгарууда жатат. Адам баласынын бул дүйнөгө келгендеги эң негизги максаты - Жараткан Аллага жакын кул болуунун натыйжасында акыреттик түбөлүк бакыт болуп эсептелет. Эгер анын негизги максаты бул дүйнө менен гана чектелүү болгондо, ал өзү үчүн негизги максат катары көргөн бардык иштеринде ийгиликке толук кандуу түрдө жетмек. Кээ бир адамдар эң негизги максаты катары байлык топтоо, үйлүү болуу, машинелүү болуу, карьера күтүү, мансапка жетүү сыяктуу нерселерди ойлойт. Бирок ажал жашыруун болгондугу үчүн жана адамдар ал жөнүндө көпчүлүк учурда ойлонбогондугу үчүн максатындагы бул нерселердин бир тобуна жетпей өтүп кетет. Маселен, беш-алты-жыл мээнет кылып окуп, мугалим болуунун кубанычы койнуна батпай, мектепке бараткан жеринен кырсыкка учурагандар, көптөгөн жылдар бою чет жерлерге барып, иштеп акча топтоп үй сатып алган күнү көз жумгандар, бардык даярдыктарды көрүп үйлөнгөн күнү өтүп кеткендер, канчалаган жылдардан бери эркелетип, жыттагысы келген бала жытын балалуу болгон күнү жыттай албай, баласынын жүзүн көрбөй одүйнө салгандар... Ырас, аларды угуп да, көрүп да жүрөбүз. Ошондой эле адам баласы кайдыгерликтин курмандыгына айланып, күнөө кылуу учурунда көз жумушу анын негизги максаты бул дүйнө эмес, акырет болгондугун ачык-айкын көрсөтүп турат. Бул дүйнө болгону негизги максатка жетүү үчүн «көпүрөлүк» кызматты гана аткарат. Ал түшүмү алына турган талаа сыяктуу. Бул талаага эмне эксек, ошону гана алабыз.

Адам баласынын бул дүйнөгө келгендеги эң негизги максаты жөнүндө бизди бизден миң эсе

akbashat@yahoo.com

артык тааныган, биз үчүн эмне пайдалуу, эмне зыяндуу экендигин ачык-айкын билген Жараткан Кудурет ыйык Куран Китебинде: **«Мен жиндерди жана адам баласын жалгыз Өзүмө гана ибадат кылуулары үчүн жараттым»** (Заарият сүрөсү, 56-аят) дейт. «Ибадат» деген эмне? Ал намаз окуу, орозо кармоо, зекет берүү, ажылыкка баруу менен гана чектелүүбү? Албетте, жок. Бул аятты намаз, орозо, зекет жана ажылык ибадаттары менен гана чектөө туура эмес. Ырас, «ибадат» түшүнүгү бул ибадаттарды да өз ичине камтыйт. Ошону менен бирге ал Алла Тааладан башка затка сыйынбоо, жалгыз Жаратканга баш ийүү, Анын буйрук-жарлыктарына моюн сунуу, биздин түбөлүк бактыбыз үчүн Өзү белгилеп берген мыйзамдын (шарияттын) негизинде өмүр кечирүү, дегенди түшүндүрөт. «Ибадат» түшүнүгүн эки өңүттөн алып кароого болот:

1. Жалгыз Жараткан Аллага ибадат кылуунун маани-маңызын туура түшүнүү. Бул өңүттөн пенде жана анын Жаратуучусу Алла Таала бар. Пенде кулчулугун өтөп ибадат кылышы керек, а Алла Таалага болсо ибадат кылынат. Мындан башка баш катыра турган эч нерсе жок.

2. Ибадат – бул, жандүйнөнүн бүтүндөй ынтызарлыгы менен, бүт дене-турпат, болгон кыймыл-аракет жана ар бир кадам менен Алла Таалага бет алуу. Ар бир кыймыл-аракет менен Жараткан Аллага бет алуу – бул Жаратканга ибадат кылуу түшүнүгүнөн сырткары башка түшүнүктөрдөн оолак болуу дегенди туюнтат.

«Ибадат» мына ушул эки түшүнүк менен толук маанисин табат. Демек, адам баласы жер бетинде турган чакта Алла Таала тарабынан белгиленген милдеттерин аткаруу үчүн келгендигин түшүнүп, ошого жараша өмүр кечириши керек. Бул дүйнөгө ошол милдетин аткарууга белгилүү мөөнөт белгиленгендигин билип жашашы керек. Бул милдеттен, б.а., Жаратканды алдындагы кулчулук озуйпадан тышкары эч бир максат негизги максат катары кабыл алынбашы кажет.

Эгер адам толук кандуу түрдө Жалгыз Жаратканга бар күчү менен бет алса, утурумдук түркүн түстүү азгырыктардан арылып, Алла Тааланын адал жолунан тайбайт. Шайтандын шыбыштарынан, напсинин туткундугунан алыс болуп, Жараткан Алланын алдына жарык жүз менен барууга болгон күч-аракети менен жанүрөйт. Бул дүйнөдө өз ордун таап, Жаратканга кул болуу менен бейпил өмүр сүрөт. Ошентип ал бул дүйнөгө келгендеги негизги максатына ылайык кадам таштап, түбөлүк бакытты көздөй сапар тарткан болот.

Адам баласы ибадат кылуу менен руханий өңүттөн улам жогорулаган сайын негизги максаттын кереметтүүлүгүн жакындан таанып, жеңилжелпи максаттардан ирээнжип алыс болот. Ал эми ал чыныгы бакытты кумар, зина сыяктуу шариятта тыйуу салынган жат иштерден табууга бел байласа, үй-бүлөнүн бузулушуна, балдардын жетим калышына жана башка ушул сыяктуу терс көрүнүштөргө шарт түзгөн болот. Ыйман булагынан өзүн оолак кармап, напсинин миң бир түрлүү азгырыктарына алданып, Курандын тили менен айтканда, «айбандан да төмөн» даражаларга бет алат.



Жогоруда маалымдалгандай, адамдын негизги максаты бул дүйнө эмес, Алла Тааланын алдындагы кулчулук озуйпасынын натыйжасында акыретте түбөлүк бакытка жетүү. Демек, эгер Алла Таала адамды өзүнө ибадат кылуу үчүн жараткан болсо, анда ибадат аны ар тараптан канааттандырышы керек. Пенде жеке адам болуу менен бирге коомдук, б.а., жамааттапып жашоого муктаж жан. Андыктан «ибадат» адам баласынын муктаждыктарына ар тараптан толук кандуу түрдө жооп бериши кажет:

1. Ибадат жалгыз Жаратканга болгон ишенимдин маңызын жандүйнөгө отургузуп, аны туруктуу абалга алып келет. Маалымат тажрыйба менен айкалышканда гана өөрчүп-өсөт, баралына келет. Тажрыйбасыз супсак маалыматты сактоо оор болуу менен бирге адамга күнүмдүк турмушунда пайдасы да аз болот. Бул жагдай ыйман маселесинде да жандуулугун сактайт. Бул багыттагы маалыматтар адамга сиңип, жугумдуу, пайдалуу болушу үчүн ибадат сөзсүз түрдө талап кылынат. «Алла Тааланын буйруктарын аткарып, тыйуу салган жат иштеринен оолак болуу» дегенди түшүндүргөн ибадат ыймандын тажрыйба жүзүндөгү көрнөгү. Ибадатты таштоо ыймандын адамга болгон оң таасирлерин убакыттын өтүшү менен басаңдатып, анын жоголушуна себеп болот. Ал эми бул оң таасирлер басаңдаган сайын терс түшүнүктөр, жаман ойлор анын жандүйнөсүн чулгап, түркүн түстүү жат иштерге барууга түртөт. Бул өңүттөн ыйман менен ибадат өтө тыгыз байланышта. Ыйман

чырак болсо, ибадат аны шамалдардан коргоп, өчүрбөй турган айнек сыяктуу. Азирети Мухаммад (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбарыбыз ибадаттын ыйманды коргоп туруучу өзгөчөлүгүнө ишарат жасап: «Ыйман жылаңач. Анын кийими – бул такыбаалык!» деген. Жалпыга маалым болгондой, такыбаалык – бул Алла Тааланын «адал-арам» деген мыйзамынын негизинде жашоо дегенди түшүндүрүп, мунун өзү «ибадат» болуп эсептелет.

2. Ибадат адам баласынын жеке жашоосун белгилүү тартипке келтирүүдө да өтө зор мааниге ээ. Анткени ибадат ойду Жараткан Аллага буруп, Анын чексиз кудуреттүүлүгүн, чексиз арууулугун аңдоого шарт түзөт. Бул жагдай пендеге таштаган ар бир кадамында Жараткан Алланын ыраазылыгын ойлоп, Анын буйрук-жарлыктарына моюн сунуу менен өмүр сүрүшүнө зор салымын кошот. Ошентип анын жеке жашоосу Ислам дини менен айкалышып, көркүнө чыгат.

3. Ибадат адамдардын бири-бири менен жылуу мамиледе болушуна, коомдук бейпилдикке да өзгөчө салымы бар. Бир кыбылага бет алып ибадат кылуу мусулмандардын ыдырагыс ынтымагын, бөлүнгүс биримдигин бекемдейт. Мындай биримдик коомдо бейпилдиктин, тынчтыктын, достуктун желегин гана желбиретет.

4. Ибадат - адамдын рух дүйнөсүн толук кандуу түрдө канааттандыруучу жападан жалгыз фактор болуп эсептелет. Кулчулук озуйпасын аткарган мусулман адам руханий жактан ар дайым бейпил абалда болот. Ал руханий жактан күчтүү. Өмүр бою Жараткандын алдындагы өз милдетин аткарган пенде ар качан көңүлү ток болуп, бактылуу жашайт. Жандүйнөсү азап чегип, кыйналбайт. Ар кандай стресстерден оолак болот. Жашоонун оош-кыйышында ар түрлүү машакаткыйынчылыктардын алдында үмүтүн үзбөйт. Сабыр кылып, ишенимин жоготпойт.

Демек, ибадат - адамды баралына келтирүүчү өзгөчө маанилүү фактор. Адам баласы денетурпаты өңүтүнөн кичине, алсыз зат. Ал эми ал руханий өңүттөн өзүнчө аалам сыяктуу. Ибадат мына ушундай табигый өзгөчөлүктөрү бар адам баласынын жандүйнөсүн көркүнө чыгарып, баралына келтирет. Ал адам баласынын шык-жөндөмүн өөрчүтүп-өстүрөт. Ал адамды үмүтсүздүктөн алып чыгып, чексиз ыраакымга бөлөнүшүнө шарт түзөт. Туура ой-жүгүртүүгө, бул дүйнө жана акырет жашоолорунун салмагына жараша мамиле жасоого тарбиялайт. Аң-сезимди теске салып, ашкереликтен оолак кармайт. Кыскасы, ибадат адам баласына ар тараптан жооп берип, бул дүйнөдө «адам» катары өмүр сүрүүгө жетелейт.




- Мечитке каржаган жүз сомдун аябай көп көрүнгөнү, ал эми базарда каржаган жүз сомдун аз көрүнгөнү сизди ойлондурган жокпу...
- Куран окууга кеткен бир сааттын ушунчалык көп, ал эми телевизордун алдында өткөргөн бир сааттын ушунчалык кыска болгону сизди ойлондурдубу...
- Футболго кошумча убакыт бергенде кубанып, ал эми хутбанын бир аз созулуп кеткенине арызданганыбыз сизди ойлондурдубу...
- Курандын бир аятын окуу кыйын болуп, ал эми 1000 беттик романды окуу кыйынчылык туудурбаганы жөнүндө сиз ойлонуп көрдүңүзбү...
- Адамдардын концерттик залда алдыңкы катарларда, ал эми мечитте арткы катарда болууга умтулушкандыгы жөнүндөчү...
- Курандын бир аятын жаттап, аны окуп берүү кыйынга турганы, ал эми ушак сөздөрдү бирөөдөн угуп, башкага айтуу баарынан оңой болгону сизди ойлондурган жокпу...
- Гезитте жазылгандарга ишенип, аны далилдөөгө аракет кылып, ал эми Куранда маалымдалган Жараткандын сөзүнө шек-күмөн менен мамиле жасагандар сизди ойлондурган жокпу...
- Ар бир адамдын бейишке кирүүнү каалаганы, бирок ал жакка кирүү үчүн бул дүйнөдө эч нерсеге аракет кылбаганы сизди ойлондурдубу...

akbashat@yahoo.com



Кыргызстан Мусулмандарынын диний башкармалыгынын алдындагы фатва бөлүмүнүн башчысы **Чубак Жалилов**

# Сурооңузга жооп

**Чөнтөк телефондорго Куран аяттарын жаздырып алсак жана аны чакырыкка коюп алсак болобу?**

Бисмиллаахир-рохмаанир-рохийм. Чөнтөк телефондордун маалыматтарды сактоочу кампасына белгилүү каарылар окуган Куран аяттарын жаздырып алганга эч кандай тыюу салынбайт. Куран угууну каалаган инсандар үчүн технологиялык мындай жетишкендик чоң пайда жана чоң мүмкүнчүлүк алып келди. Айрым адамдардын Алла Тааланын ысмы даңазаланган азанды же келишкен кыраат менен окулган Куранды телефондун чакырыгына коюп алгандыгы жаңылыштык болуп эсептелет. Ушуну эске алуу зарыл. Себеп дегенде биринчиден, Куран андай максатта колдонуу үчүн келген эмес. Экинчиден чакырык (звонок) келген маалда жооп берем деген максатта ошол аят толук окулуп бүтө электе эле токтотуп коюю ыктымалы бар. Аят толук окула электе өчүрүп коюю Куранга карата адепсиздик, Алланын сөзүнө урмат-сыйдын жоктугу катары бааланат. Үчүнчүдөн, ошол адам дааратканада отурган маалда бирөө ага чалып калса, анын телефонунан Куран жаңырып турса эмне болот? Бул дагы адепсиздиктин жеткен чеги болуп калат го дейм. Эгерде ким муну боло берет деген ой менен этибарга албаса, динден чыгып кетүү коркунучу бар. Анткени динди шылдыңдаган жана тамашалаган, же диндин кайсыдыр бир өкүмүн теңсинбеген инсан динден чыгып калат. Мен башта айткандай, чөнтөк телефондун маалымат казынасына жаздырылган болсо, анда эч кандай коркунуч жок. Муну адамдын жүрөгүнө салыштырууга болот. Адам дааратканага кирип баратып жүрөгүмдө Куран бар эле деп, аны сыртка таштап кирип кете албайт да.

**Тушоо кесүү салтына Ислам дини кандай карайт?**

Мен билгенден тушоо кесүү элибиздин байыртадан колдонуп келген өтө маанилүү салттарынын бири. Риваяттарда айтылгандай, Аиша энебиз (Алла ага ыраазы болсун) ушул наристе жашоодо жалаң жакшылыктардын үстүндө жүрсө экен деген илгери үмүт менен жээнтек тойдогу «акика» курмандыгынын сорпосуна наабат сыяктуу таттуу нерсени салып койчу экен. Ислам шариятында бир нерсени илгери үмүт менен жакшы нерселерге жоруп коюю, жакшылыктын жышааны катары кабыл алуу деген түшүнүк бар. Маселен, Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) жагымсыз маанидеги адам аттарын жакшылыктан үмүт кылып жакшы маанини туюндурган ысымдарга өзгөрткөн. Бирок шариятта жамандыкка ырым кылуу же жоруу деген нерсе жок. Маселен, алдыңдан кара мышык өтүп кетсе, жолуң болбой калат деген сыяктуу.

Ушунун сыңары тушоо кесүү салтында да ушул наристе турмуштун татаал жолунда эч кандай бир жаман нерсеге чалынбаса экен, ак жолдо жашай берсе экен деген ниетте дили таза, күнөөгө бата элек жаш балдарга жипти кестиришет. Бул жерде жакшы тилектен, илгери үмүттөн башка эч нерсе деле жок. Пайгамбарыбыз жаңы төрөлгөн ымыркайлардын кулагына азан айткан. Таттуу курманы оболу өзү майда чайнап анан ымыркайдын оозуна салып койгон. Эмне үчүн? Келечекте жакшылыктан үмүт кылгандыгы үчүн.

Эскерте кетчү нерсе, тушоо кесүүгө шарият уруксат берет экен, же ата-бабадан калган салт экен деп ашкере ысырапкорчулукка жол берүү, же мунун шылтоосу менен аял-эркек аралашып алып динибиз буйруган чектен өтүп кетүү туура эмес, т. а. арам болуп эсептелет. Эң негизгиси, тушоо кеспесе, турмушта мүдүрүлүп жыгылат, ар кандай нерселерге чалынып калат деген ишеним болбошу керек. Мындай ишенимдин түбү дагы адамдын ыйманына доо кетирет. Бул тек гана ким кааласа, илгери үмүт менен жасала турган иш.






www.akbashat.kg

# Чындык издөө

**Иман Кыдыралиев**
акын

АДАМ: Уурдап-тоноп жылдарымдын
 нечесин,
мезгил чиркин көз алдымда көчөсүң.
Караңгыга жалгыз мени калтырып,
сен да өмүрүм, билем, бир күн өчөсүң.

Билбейм калды дагы канча жашашым,
оо, убакыт, неге мынча шашасың?
Сен да акыйкат кайда экенин көргөзбөй
неге менден жашынасың, качасың?

Бул жашоомдун максаты эмне, куну не
Кайсалатпай качан сырын ачасың?

НАПСИ: Билбейм неге мынча жаның
кыйнадың?
Акыйкатты сенин барбы урганың.
Жалындаган жаштык кезди кетирбей
көрсөк болмок бул жашоонун жыргалын.

Алың келбей ачууга аалам сырларын,
токтот досум! Ага аракет кылбагын,
көрчү тигил сулуу бийкеч жоодурап,
«мага кел» деп көз кыр салып турганын.

Анан дыгы эчен түрлүү тамак-аш
Бизде жайнайт эгер болсо пул калың.

АДАМ: Ээ сугалак, ачкөз напси курганым,
баарын көрдүң эч бир топук кылбадың.
Салпактатып ээрчиттиң го далай жыл,
көрөбүз деп бул жашоонун жыргалын.

Эмне жакшы, эмне жаман экенин
айтчы, досум, деги качан ылгадың?
Токтот эми, сени ээрчип жүрө албайм!
Изденишке сен тоскоолдук кылбагын!

ШАЙТАН: Напси туура айтат,
көрсөң болмок бул жашоонун жыргалын,
Колдон келсе басындырып башканы,
жүрсөң болмок, сонун нерсе бул дагын.
Шашыл досум, бул турмушта шылуун бол,
ойлоном деп оозуңду ачып турбагын!

АДАМ: Ойлоруma кол салган кай каракчы,
Сен баягы шайтансыңбы куурагыр?!

ШАЙТАН: Ооба! Дал өзүмүн, шайтанмын,
Мен ар качан туурамын!

Бир өзүңө каалаганым жакшылык
билбей туруп кызуулана куубагын.

АДАМ: Каргыш тийгир, куурагыр!
Ушундайбы? Айткан кеби тууранын,
укуруктап сүйрөп жүрүп мойнумдан
эң бир кымбат учурумду ууладың.
Амалданып айтканыңа алданып,
акылымды арам менен булгадым,
болду, жетет, азгырам деп ойлобо
сен эмессиң досум дагы, тууганым!
Айла кылып жагалдана жабышып
жандүйнөмдө эми эч качан турбагын!

АДАМ: Бул турмуштун бери жагын да,
ары жагын,
кыйналсам да кылдат издеп, талдадым
а бирок мен акыйкаттын ак жолун
акыл менен аңдап тааный албадым.

Көгөрдүм да көксөөмдөн танбадым,
көп убакыт жалгыз буга арнадым,
а бирок мен көркөм жүзүн чындыктын
көзүм менен көрүп тааный албадым.
Акыр бир күн муздап турган жүрөккө
сезип калдым жылуулуктун жанганын.

Каптап кеткен кайгы муңду качырат.
Кай жактандыр нур түшөт да чачырап,
балкып барат башта тоңгон жүрөгүм,
оо, акыйкат, бул сен болсоң бачым айт!

ИЛИМ:Сүйүн инсан, сүйүн инсан жадырап,
Жаратканың эң кайрымдуу, боорукер
сени Өзүнүн ак жолуна чакырат.
Башын ийип барган пенде бул жолдо
эмне каалап, сүйсө, баары табылат.
Түбөлүктүү өмүр, чексиз ырахат
жана улуу бейпилдикке кабылат.
Эгер пенде таанынбаса бул жолду,
эки дүйнө жыргалынан кагылат.

АДАМ: Мен жашоонун жыргалына канбадым,
анын сырын көпкө издеп талдадым,
акырында акыйкатты түшүнүп,
акыреттүү Алла жолун тандадым.

Илим издеп, көз жүгүртүп турмушка,
мен түшүндүм бул жашоонун жалганын.
Эми тынбай кулдук кылып Аллага,
өткөрөмүн өмүрүмдүн калганын.

Сен да досум, укпай, билбей калбагын,
дайым эстеп бул дүйнөнүн ары жагын.
Бул жалган жаман оокат жыйнабай
акыретке асыл амал камдагын.

akbashat@yahoo.com

# Жасалма жаназык жандүйнө жарпын жаза алабы?




Нурлан Багышов

www.akbashat.kg

Күнгө бүгүн... Дүйнө жүзү... Адам баласы... Өзүнүн ким экендигин тааный албаган адам баласы... Жер бетинде түркүн түстүү кылмыштарды жасаган адам... бирөөнүн чырактай жанган баласын тирүүлөй союп, өпкө-боорун сууруп алган убалдан коркпос мыкаачы... канчалаган адамдардын убалына калса да, акка кара көө жаап өздөрүн «апакай» көрсөткөн зөөкүр-ташбоорлор... канчалаган элдерди бирине-бирин көкүтүп ортодогу ынтымакка от койуп, бөлүп-жарып душманга айландырган кой терисин жамынган карышкырлар... колдогу баа жеткис дөөлөттүн кадырына жетмек түгүл, кайра аны жээрип, каранын добулбасын урган наадандар... дайынын таппай сойкулук, баңгилик, аракечтик, кумарпоздук деги койчу, миң бир түрлүү бузукулуктун курмандыгына чалынып, түбөлүк бактысына өз колу менен балта чапкан байкуштар... утурумдук арзыбаган байлык үчүн, жыргал жашоо үчүн өзүн бапестеп чоңойткон энесине каяша айтмак мындай турсун, жүрөгүнө бычак уруудан кайра тартпаган «адам» аттан айрылган айбандар... эч ким менен иши жок «курсагым тойсо болгону» деген чолок ойдун кучагынан чыгалбаган байкуштар...

Эмне үчүн? Мунун баары эмне себептен болушу мүмкүн? Мунун бир эле жообу бар: «ЖАСАЛМА ЖАНАЗЫК» деген. Тагыраак айтканда, өзүн-өзү толук кандуу түрдө тааный албаган алсыз адам баласы тарабынан жасалган «жаназык». Чектелүү акылы менен өзүнүн эки дүйнөлүк бактысы үчүн эмне пайдалуу, эмне зыяндуу экендигин толук кандуу түрдө ажырата албаган адам баласынын жасалма жаназыгына түбөлүк бакытка жетүү үчүн канчалык деңгээлде ишеним артууга болот? Учурунда акка кара көө жаап, акыйкатты бурмалап «жаназык» жасагандардын «жаназыгынын» уусуна ууланганадар тилекке каршы, бүгүнкү күнү абдан көп. Мына ошол калпыс жаназыктардын кесепетинен, алардын адамды канааттандыра албаган кемчилигинен улам канчалаган адамдар утурумдук дүйнөнүн кулуна айланып, түркүн түстүү башаламандыктарга баш багып, түбөлүк бактысынан ажырашты...

Ырас, мындай жаназык адам баласын толук кандуу түрдө ар тараптан канааттандыра албайт. Себеби ал алсыз пенде тарабынан жасалган. Мал-жандыкка кум, таш берүү акылга канчалык деңгээлде сыйбаса, дал ошондой эле адам баласынын табигый өзгөчөлүгүнө жооп бербеген мындай азыктарды пайдалануу ошончолук акылга сыйбайт. Анткени ага табигый өзгөчөлүгүнө жооп берген жаназык керек. Ошондо гана ал өсөт, өнөт.

Ошондо гана ал бактылуу өмүр сүрөт. Ошондо гана ал өзү үчүн да, эл үчүн да пайдалуу болуп, Жараткандын алдына жарык жүз менен барууга мүмкүнчүлүк табат. Бул жанаазыкты биз кайдан табабыз? Кантип? Анүчүн алгач өзүбүздүн ким экендигибизди, бул жашоого келгендеги максатыбызды туура аңдап алганыбыз абзел.

«Адам» деген ким өзү? Ырас, адам баласы денеден жана рухтан тураары жалпыга маалым. Ал эми ага денени да, рухту да ким берди экен? Же өзүнөн-өзү эле жаралып калдыбы? Жок, анын өзүнөн-өзү жаралып калгандыгын өздөрүн «атеистмин» деп кыйнагандар эле айтпаса, акыл-эси соо эч бир адам кабыл ала албайт. Себеби акыл-эси соо адам үстүндөгү кийиминин өзүнөн-өзү эле тигилип даяр болуп калбаганын, аны тикмечилер тиккенин жакшы билет. Андыктан бул дүйнөдө көзгө көрүнүп-көрүнбөгөн жандуу-жансыздардын өзүнөн-өзү эч бир себеп-максатсыз эле жаралып калгандыгын ойлоо – бул карама сокурлук!

Андай болсо, ким? Анын дене турпатын жараткан, ага жан салган, жан салуу аркылуу көрүү, угуу, сезүү, туйуу, ой-жүгүртүү, сүйлөө, чуркоо, чарчоо сыяктуу толуп жаткан мүмкүнчүлүктөрдү ыроологон, аны андан миң эсе артык тааныган бир Күч! Демек, ал чексиз Кудуреттүү Зат! Ал анын Жаратуучусу болгон соң аны физиологиялык жактан да, руханий жактан да жакшы тааныгандыктан, ага эмне пайдалуу, эмне зыяндуу экендигин толук кандуу түрдө билүүчү Зат! Ал анын түбөлүк бактысы үчүн да кам көргөн Улуу Зат! Ал – Алла Таала. Алла Таала адам баласына жаамы жандуу-жансыздардан айырмалап, «акыл-эс», «аң-сезим» деген баа жеткис байлыктарды ыроологон. Бул акыл-көрөңгө, аң-сезим Жараткандын бар экендигин, Анын чексиз кудуреттүүлүгүн, улуулугун, аруулугун таануу күчүнө ээ болсо да, чексиз Мээримдүү Алла Таала адам баласынын түбөлүк бактысы үчүн пайгамбарларын жиберген. Пайгамбарлар элге Жараткандын адал жолун жеткирген. Адам үчүн эмне пайдалуу, эмне зыяндуу экендигин өздөрүнөн миң эсе артык билген Жараткандын мына ушул адал жолуна түшкөн адамдар эки дүйнөлүк бакытка жетсе, андан жүз үйрүгөндөр утурумдук дүйнөнүн азгырыгына алданып, эки дүйнөлүк бактысынан ажырашкан. Бул адал жол - көпчүлүккө маалым болгондой, Ислам жолу болуп эсептелет. Ошондуктан бир берилген өмүрдү текке кетирбей жети өлчөп бир кесип, терең ойлонуп, табигый жанаазыктан даам сызып түбөлүк бакытка карай кадам таштаганыбыз оң. Жараткан Өзү негизги максатыбызга ылайык өмүр кечирип, түбөлүк бакыттын босогосун аттагашыбызды насип буюрсун...




akbashat@yahoo.com

# Кургак учук оорусу



**Дүйнө жүзүндөгү калктын үчтөн бир бөлүгү кургак учукту жуктуруп алгандар болсо, жылына он миллион адам кургак учуктун микробунун сыртка бөлүп чыгаруучу ачык түрү менен ооруса, болжол менен дагы ошончо адам сыртка бөлүп чыгарбаган жабык түрү менен ооруйт.**

**Тургунаалы Бокешов**
*Жогорку катеориядагы дарыгер*

Кургак учук – бул адамдын өмүрү менен алпурушкан өтө коркунучтуу жугуштуу оору. Бул оору адамдын ар кайсы органдарына жугушу мүмкүн. Көбүнчө дем алуу аркылуу өпкөгө жуккандыктан өпкөнүн кургак учугу көп кездешет. Мындан тышкары сөөктүн кургак учугу, муундардын, теринин, көздүн, нерв системасынын ж.б.у.с. кургак учугу болот. Өз убагында дарылоо иштери жүргүзүлбөсө, оору күчөп олтуруп акыры өлүмгө алып барышы мүмкүн. Кургак учук оорусу менен адам баласы эле оорубастан мал-жандыктар да ооруйт. Кургак учук менен ооруп калууга социалдык жактан жакыр жашагандар, спид оорусу менен оорутандар, кургак учук менен ооруган адам менен чогуу жүргөндөр, кант оорусу менен ооругандар, бөйрөктүн өнөкөт оорусу менен ооругандар катардагы адамдарга салыштырмалуу алдаканча жакын болушат. Дүйнө жүзүндөгү калктын үчтөн бир бөлүгү кургак учукту жуктуруп алгандар болсо, жылына он миллион адам кургак учуктун микробунун сыртка бөлүп чыгаруучу ачык түрү менен ооруса, болжол менен дагы ошончо адам сыртка бөлүп чыгарбаган жабык түрү менен ооруйт. Жылына үч-төрт миллион адам кургак учуктан кайтыш болот.

Ал эми Кыргызстанда бул багытта абал кандай? Кургак учук оорусу Кыргызстанда бардык формасы жагынан алганда 100 000 адамдын ичинен 122 адамга туура келет. 2004-жылы 15 өлкөнүн катарына кошулган Кыргызстанда бул оору менен ооругандардын саны ар бир 100 000 адамдын ичинен 137 адамды түзгөн. Ошондой эле ар бир 100 000 кишинин ичинен 18и өлүмгө дуушар болгон.

Кыргызстанда 1991-жылы көз карандысыздыгын алгандан тарта 2000-жылдарга чейин кийин кургак учук менен ооругандардын саны жана анын терс натыйжалары жогорулагандыгы байкалган. 2001-жылдан бүгүнкү күнгө чейин кургак учук менен ооругандардын саны бираз төмөндөдү.

Акыркы жылдарда кургак учук илдети дүйнө жүзүндөгү бүткүл адамзат үчүн эң коркунучтуу оорулардан болуп калгандыгы жашыруун деле эмес. 1993-жылдан баштап дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму кургак учукка каршы күрөшүү боюнча өзгөчө эпидемиологиялык иштерин жүргүзө баштады. Дүйнө жүзү боюнча учурда кургак учук оорусунун татаал көйгөйлөрүн чечүү боюнча бардык иш-аракеттерди көрүп келишүүдө. Кургак учук оорусун азайтуу максатында бир катар программалардын жүзөгө ашырылып жатышы бул оорууга чалдыгуу жана өлүмгө учуроо кырдаалын азайтып бара жаткандыгына күбө болууда.

Буга чейин «Кургак учук-1» жана «Кургак учук-2» деген улуттук программалары менен иштелип келинген болсо, учурда «Кургак учук-3» деген аталыштагы улуттук программа иштеп келет. «Кургак учук-3» улуттук программасынын максаты калк арасында кургак учук оорусуна чалдыгууну жана өлүмгө учуроону азайтуу, республиканын бардык аймактарында бул жугуштуу ооруну толук көзөмөлгө алуу, элдин саламаттыгын чындоо болуп эсептелет.

Кургак учук жөнүндө эң ириде эмнелерди билүү керек?

Кургак учук – бул микробактерияларды козгоочу оорулуу кишиден жугуучу коркунучтуу дарттардын бири. Кургак учук көбүнчө өпкөнүн жабыркашына шарт түзөт. Өпкө кургак учугу менен жабыркаган, анын микробдорун бөлүп чыгаруучу оорулуу эгерде дарыланбаса, бир жылдын ичинде 10-15 кишиге жуктураары аныкталган.

Кургак учуктун белгилери:

- Үч жумадан ашык созулган какырык чыккан жөтөл.
- Дененин бир жумадан ашуун эч себепсиз ысышы.
- Көкүрөктүн оорушу.
- Кан түкүрүү (кан аралаш түкүрүк)
- Алсыроо, чарчоо.
- Өзгөчө түнкү тердөө

Эгерде сиз бул белгилерди өзүңүздөн же жакындарыңыздан байкасаңыз, анда тез аранын ичинде жергиликтүү дарыгерлерге кайрылыңыз. Өз убагында туура дарыланбаса, кургак учук иш жөндөмсүздүгүнө же өлүмгө себеп болот. Кургак учук дартын өзүңөрчө аныктоого жана дарылоого болбойт. Кыргызстанда кургак учукту аныктоо жана дарылоо акысыз жүргүзүлөт. Кургак учук оорусунан сакайып кетүүнүн дарылары бар. Андыктан коркпой-үркпөй эртерээк жергиликтүү бейтапканаларга барып, ден-соолугуңуздун камын көрүңүздөр.

www.akbashat.kg

Мавляна Жалалиддин Руминин аңгемелеринен



# КОЁН МЕНЕН АРСТАН



**Шумкар Масаралиев**
*Теология илимдеринин доктору*

Айбанаттар тобу шырп эткен дабыш угулса, селт эте  улам эки жака аландай карап, айбаттуу арстандан коркуп, жашоо кечире турган. Жырткыч арстан кез-кезде аң уулап, олжосун таап жечү.

Күндөрдүн биринде айбанаттардын баары чогулуп, арстандан коргонуу үчүн, анын каалаган тамагын берип, өздөрүнө кол салбай турган кылып, ич ара келишим түзүшөт.

Бирок, коркунучтуу арстан алардын келишимине көнбөй: – Мен ырыскымды, өзүм таап жейм!, - деп, макул болбой койот. Айбанаттар эч кандай жаман ойлору жок экендигин  түшүндүргөнгө аракет жасашат. Ошентип, күчтүү арстанды бул келишимге көндүрүшөт. Келишим боюнча алар чучукулак тартышат, ар бирине өзүнчө кезек келе турган болот. Кезек менен алп арстанга курмандык катары бирден жаныбар бериле тургандыгын чечишет.

Күндөрдүн бир күнүндө кезек койонго келет. Анда ал: Мындай нерсе качанга чейин өкүм сүрөт. Мен мындай кордукка, өкүмзордукка каршымын! – деп, чатак чыгарат. Койондун сөзүн уккан жаныбарлардын баары: – Сага чейин эч бир жаныбар келишимди бузган эмес. Бизди жаманатты кылбай, тез арстанды көздөй жөнө! – деп чырылдап киришет. Көпкө ойлонгон койон өзүн жана досторун жем болуудан куткаруу үчүн бир амал табат. Болжогон амалын канчалык жанүрөп түшүндүргөнгө аракет кылбасын достору көшөрүп, жарытылуу колдоо таба албайт. Арга түгөнгөндө белгиленген убакыттан кечигип алаң көз койон каардуу арстандын алдына барат. Анын кечигип келгенине кыжыры кайнаган арстан айбаттуу күркүрөп опузалап кирет: – Эй, жүрөгү жок койон, сен менин тоодой болгон пилдерди да жеп койорумду билбейсиңби? Алаканыма тең келбеген алсыз койонду чайнабай жутуп койом! Сен мага ким болуп калыптырсың ыя?!.

Анда койон, арстандан кечирим сурап, жалынып-жалбарып, шылтоосун айтат: –Урматтуум, мага ачууланбаңыз. Мен таң атканда эле жолго чыккам. Өзүмө кошуп, жолдошумду да ала чыккам. Жолдо келатып, башка бир арстандын колуна түшүп калдык. Мен ага: – Бизге тийишпе! Биз деген падышалардын падышасынын кулубуз – дедим.

Ал сиздей болуп айбаттана: Сени да, падышаңды да жок кылам! – деди. Анан мен жалынып, эч болбосо падышама жолугайын, ага кабар берейин десем, жолдошумду алып калып, өзүмө уруксат берээрин айтты. Акыры анын сунушуна макул болуп, менден да семиз, менден де эттүү болгон жолдошумду аргасыздан таштап келдим.

Койондун айтканына ишенген жаныбарлар падышасы: – Менден да күчтүү болуп кеткен ким экен ал?! Кана, алдыма түшчү, ага мен ким экендигимди көрсөтүп койоюн! – дейт да, койонду алдына салып ээрчип жөнөйт. Ээрчишкен эки макулук тез эле кудуктун башына жетип барышат.

Жүрөгү жарылып кеткидей болуп корккон койон: – Экөө тең ушунун ичинде – дейт. Алп арстан кудуктун ичин карайт. Ошол кезде койон артка чегинет. Анын кетенчиктегенин байкап калган акылсыз арстан «коркуп жатам!» дегенине карабай: – Сен эмне үчүн менден качып баратасың?! Кана түш алдыма! Кудукта арстандын бар, же жок экендигин билип бер! –  деп буйрук берет.

– Мени кучактап турсаң гана карай алам. Болбосо, жүрөгүм жарылып кетет! – деп шашыла жооп айтат. Сунушка макул болгон арстан, койонду кучактап кудукту карайт. Чынында эле кудуктун ичинен семиз койонду  кучактап турган арстанды көрөт. Кептин төркүнүн түшүнө албаган алп арстан, койонду таштай салып, ырылдаган бойдон кудуктун ичине атырылат.

Кыска убакыттын ичинде айбаттуу арстанды тузакка түшүргөн койон  сүйүнүчүн токойдогу жалпы айбанаттарга жар салат. Кутулбөгөн кабар баарын сүйүнтөт. Ошентип, айбанаттар бейпил турмуш кечирип, ынтымакта жашап калышат.

Улуу ойчул Жалалиддин Румий бизге бул аңгемеси аркылуу заалымдыктын, өкүмзордуктун аягы кандайча бүтөөрүн салыштыруу иретинде баяндагысы келген. Алла Таала ар бир инсанга ар тараптуу шык берип, өзгөчө жөндөм менен жаратат. Ошол себептен ар бир адам коом менен болгон карым-катнашта өз жөндөмүн туура колдонушу керек.

Акылман ата-бабаларыбыз мындай окуяларга карата төмөнкүдөй макал-лакаптарды кийинки урпактарга акыл-насаат катары мураска калтырып кеткен:

Амалын тапкан ажалдан кутулат.

Зордун түбү кор болот, байдын түбү ачка өлөт.

Ачуу – душман, акыл – дос.

Акылдуу миң азаптан кутулат, акылсыз бир азапка тутулат.

Акылың көп болуп, ачууң аз болсо – зор болоорсуң, душманың көп болуп, досуң аз болсо – кор болоорсуң.

Арстан айга чабам (минем) деп, белин мерт кылыптыр.

akbashat@yahoo.com

# Адам




Даярдаган
**Али Жамалбеков**

www.akbashat.kg

Адам баласы деги кызык келет. Технологияны улам жаңыртып, улам өнүктүрүп, ай-жылдызды огородду изилдегендей эле изилдеп калды. Биринен бири өтүп космоско кемелерин учурушуп, ал гана эмес Айдан жер сатып алганга жетишип калды... А бирок, адам өзү тууралуу айрым нерселерди толук үйрөнө электигин мойунга алуу керек. Себеби, адамдын организми гана эмес, ар бир органы, клеткасы өзүнчө бир аалам сыяктуу татаал түзүлүшкө ээ. Ошону менен бирге алардын түзүлүшү, функциясы жана максаты эркек жана аял болгонуна карата да бир топ айырмага ээ. Белгилүү малекулярдык биолог Майкл Дентон клетканын түзүлүшүн аныктоодо мындай дейт: «Жашоонун реалдуулугун малекулярдык биологиянын айдыңында көрүү үчүн, клетканы диаметри 20 км болгонго чейин б.а. миң миллион эсе чоңойтуу керек. Мына ошондо дүйнөдө аналогу жок болгон технологиянын жеткен чегин жана чексиз татаал түзүлүштү жараткан Улуу Кудуреттин күчү көз алдыбызга толук тартылат!» Кандай гана кызыктуу салыштыруу! Мына ушундай адам деген ааламдын бизге белгисиз айрым кызыктуу сырлары менен бир аз да болсо сиздерди тааныштырып өтүүнү туура таптык.

- Адамдын денесиндеги капиллярлардын диаметри болгону 0,006мм., ал эми капиллярдык тордун жайылгандагы жалпы аянты болсо 6000 кв/м ге чейин болот. Ал эми каппилярлар менен кан тамырлардын жалпы узундугу 100 миң километрге чейин жетет. Бул болсо жердин экваторунан эки эсе чоңдук кылат. Күнүнө өз жолу аркылуу кан 100 триллион клетканы бардык керектүү заттар менен камсыз кылып турат. Эми ойлонуп көрүңүз, 100 триллион квартиралуу эбегейсиз чоң шаарды өз убагында, тынымсыз ысык жана муздак суу менен камсыз кылып турган туюк система болушу мүмкүнбү? ...

- Адамдын организминдеги заттардын 65-70 % чейин суу түзөт, б.а. сөөктөрдө - 22 %, булчуңдарда – 75 %, мээде – 75 %, ал эми булардын баарын суу менен камсыз кылган кандын өзүндө – 90-92 % суу болот. Дененин салмагына жараша суунун 2 % ын жоготкон адам суусай баштайт (1-1,5л), 6-8 % ын жоготкондо эстен тануу башталат, 10 % ын жоготкон адам галлюцинацияга учурайт, жутуунун бузулушу байкалат. Ал эми 10-20 %га чейинки сууну жоготуу жашоо үчүн кооптуу.

- Мурундун үстү жагында жыт алуучу рецепторлор жайгашкан ар бири 2,5 см2 болгон эки бөлүм бар. Ал рецепторлор 3000ге чейин жытты айырмалай алат жана эмнеге же кимге таандык экенин 30 секунданын ичинде так аныктай алат. Ал эми биз күнүнө орто эсеп менен 23.000 жолу дем алсак, мурунубуз аркылуу организмге 15 метр куб аба чыпкаланып өтүп турат.

- Мүнөтүнө адам 13-14 жолу дем алат жана бул убакыт ичинде өпкө 1000 мл аба иштетип чыгат. Мында сол өпкөгө караганда оң өпкөнүн аба сыйымдуулугу жогору.

- Адам чүчкүргөндө саатына 960 км ылдамдык менен чыгат.

- Күнүнө бир куту тамеки тарткан адам бир жылда жарым чыны чайыр ичкен менен барабар болот.

• Чүчкүргөндө көздү ачуу мүмкүн эмес.

• Адамдын денесиндеги эң күчтүү булчуң – тил. Тилде жалпы саны 10 000 ге чейин даам сезүүчү бүдүрчөлөр жайгашкан. Ар бир бүдүрчөдө 50дөн 100гө чейин даам сезүү клеткалары жайгашкан. Даам сезүүчү нерв клеткаларынын диоганалы 0,004 ммден да аз.

• 60 жаштагы адамдын даам татуусу 50 пайызга начарлайт.

• Ооздон баштап ичеги карындарга чейинки тамак сиңирүү органынын узундугу 10 метрге чейин жетет.

• Адамдар жашоосунун аягына чейин 20 кг чаң жутат экен.

• Адамдын денесинде 600дөн ашуун булчуң бар.

• Адам күлгөндө жүзүндөгү 17, жини келгенде 43 булчуң кыймылга келет.

• Адамдын манжалары өмүр бою болжол менен 25 млн. жолу бүгүлөт.

• Адамдын жүрөгүнүн көлөмү анын муштумундай болот жана 220-260 г. салмакта болот.

• Жаңы төрөлгөн баланын тизедеги чашкасы жок болот. Ал 2-6 жаш арасында пайда болот. Ошондой эле, алгач ымыркайда 300 сөөк болсо, чоң адамда алардын саны 206 гана болот.

• Мээдеги нейрондордун ылдамдыгы саатына 320 км.

• Чоң кишинин денесинде болжол менен 75 км нерв бар.

• Организмдеги нерв импульстары секундасына 90 метр ылдамдыкта берилет.

• Адамдын жүрөгү жылына 36 800 000 жолу согот.

• Сары адамдардын кара туруларга караганда чачы көп болот жана тез өсөт.

• Бир адамдын өмүр бою өскөн чачы болжол менен 725 км. болот.

• Көзү көк түстөгү адамдар башкаларга караганда ооруууга өтө сезимтал келишет.

• Адамдын ДНКсы 80 000 генден турат.

• Кандагы лейкоциттер 2-4 күн жашаса, эритроциттер 3-4 ай жашайт.

• Адамдын организминдеги жашаган бактериялардын жалпы салмагы 2 кг.га жетип калат.

• Мээде бир секунданын ичинде 100 000 химиялык реакция жүрүп турат.

• Жаңы төрөлгөн баланын мээсинде 14 млрд. клетка болот жана өмүрүнүн аягына чейин бул сан өзгөрбөйт. Тескерисинче, 25 жаштан кийин күнүнө 100 000клеткадан азая баштайт. 40 жаштан өткөндөн кийин мээнин клетканы жоготуусу көбөйөт.

• Ичке ичегинин узундугу 2.5 м. болот. Ал эми адам өлгөндөн кийин бошоп калган ичеги 6 м.ге жетет.

• Адамда болжол менен 2 млн. тер бездери бар. Ал эми бир «литр» тер менен адам 540 калорий жоготот. Эркектер аялдарга караганда 40 % көп тердешет.

• Эркектер аялдарга караганда дальтонизм (түстөрдү ажырата албоо) менен 10 эсе көп жабыр тартышат.

• Аялдар эркектерге караганда көзүн эки эсе көп ирмейт.

• Адамдын оозунда болжол менен 40 000 бактерия бар.

• Эркектер 130см.дан, аялдар болсо 120 см.дан кичине болсо эргежээл деп аталат.

• Колдун тырмактары буттун тырмактарына караганда төрт эсе бат өсөт.


• Өмүр бою адамдын териси болжол менен 1000 жолу жаңыланат.

• Сасык тумоону чакыруучу 100дөн ашык вирус бар.

• Адам 60 жылдын 20сын уйкуда өткөрөт.

• Боор аркылуу мүнөтүнө 1.5 литр кан өтөт, ал эми суткасына бул көрсөткүч 2000 литрге чейин жетет.

• Адамдын организми 440, сейрек учурда 45.50 градус Цельсийге чейинки ысыктыкты көтөрө алат.




akbashat@yahoo.com

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ АРАШАН ГУМАНИТАРДЫК ИНСТИТУТУНУН ТЕОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ






**Хидает Айдар**
Арашан гуманитардык институтунун
Теология факультетинин деканы,
Тафсир илимдеринин доктору, профессор

Кыргызстандагы ири университеттердин бири болгон Ош Мамлекеттик университетинин карамагындагы Арашан гуманитардык институтунун теология факультети Аламүдүн районундагы Арашан айылында жайгашкан. Аталган айыл Бишкек шаарынан 15 чакырым узакта, тоо этегиндеги өтө кооз табияттын кучагынан орун алган. Биздин факультет 2000-2001- окуу жылынан бери кыргыз жаштарына руханий жактан тарбия берип келет.

Үч кабаттуу имаратта көптөгөн окуу класстар, мугалимдер бөлмөсү, көп сандагы китептерди камтыган китепкана, бир компьютердик класс жана конференц залы бар.

Ошондой эле студенттер менен кынтыксыз баарлашып кете ала турган жана алардын дагы да мыкты деңгээлге жетиши үчүн жандилден кызмат кылып келе жаткан ынтымактуу жамаатыбыз бар. Окутуучулар жамааты тийиштүү багыттар боюнча бийик жетишкендиктерди багынткан жаш мугалимдерден турат.

Мугалимдердин арасында Кыргызстан менен Түркия мамлекеттеринин ортосундагы билим берүү жаатында түзүлгөн келишимдин негизинде Түркиядан келген диний билимдердин адистери бар. Булар Түркиядагы ЖОЖдордон теология багыты боюнча докторлук наамды алышкан билимдүү адамдар болуп саналат.

Башка университеттерде окутулган мамлекеттик стандарттагы гуманитардык сабактар жана табият таануу сабактары менен бирге кесиптик сабактар бизде да окутулат. Факультетибизде билим берүү негизинен кыргыз жана түрк тилдеринде жүргүзүлөт. Кыргыз студенттерге түрк тили сабагы «ТӨМЕР» аттуу түрк тилин үйрөтүү боюнча чоң ийгиликке жетишкен уюмунан келген түрк мугалимдер тарабынан, арап тили Египеттик арап окутуучу менен арап өлкөлөрүндө окуп келген кыргыз окутуучулары тарабынан, англис тили чет тили факультетин бүтүрүп, чет өлкөлөрдөн тажрыйба топтоп келген окутуучу тарабынан, ал эми орус тили орус улутундагы окутуучу тарабынан окутулат. Сабактан тышкаркы бош убактарда студенттер үчүн аталган тилдер боюнча атайын курстар ачылган. Тилдер жана башка сабактар темаларга жараша заманбап технологиянын жардамы менен жемиштүү өтүлүп келүүдө.

Факультетибиздин алгы максаты – кыргыз элинин каада-салт, үрп-адатына, элине, мекенине жана адам баласына кызмат кылуудан эч жазбаган, улууларга урмат, кичүүлөргө ызаат кылган аракетчил дин аалымдарын тарбиялоо. Теологиялык билим берүү дегенде Ислам дини баш болгон башка диндер жана ишенимдер, булардын тарыхтары, ишеним негиздери жана иш-аракеттери сыяктуу жагдайлар акылга келет. Биз бул окуу жайда бардык диний маселелерди, теологиялык билимдерди мыкты өздөштүргөн инсандарды өстүрүүнү максат кылып келебиз. Кыргызстанда жашаган элдердин дээрлик көпчүлүгү мусулман болгондуктан студенттерге Ислам илимде-

www.akbashat.kg

рин билимдерди жетиштүү түрдө үйрөтүүгө басым жасалган.

Дүйнөдө бүгүнкү күндө динди курал катары колдонуп нечендеген террорлорду уюштурган үлкөн топтор бар экендиги жалпыга маалым. Биз ыйманы бар адамдардын андай топторго курал болуп беришинин негизги себебин караңгылык деп билебиз. Биз студенттерибизге ушундай маселелерди түшүндүрүү, дин Исламды нукура булактарга таянуунун негизинде үйрөтүүнүн арты менен жогоруда айтылган чоң башаламандыктын алдын алууну көздөйбүз. Биздин факультетти бүтүргөндөр өлкөнүн дин иштер башкармалыгынын жолдомосу аркылуу эл менен тыгыз иштей алышат.

Ошондой эле, окууну каалаган жаштардын кыргыз элинин каада-салт жана үрп-адаттарын, улуттук баалуулуктарын, таалим-тарбиялык эрежесин билиши биз үчүн өзгөчө мааниге ээ. Студенттерибиздин бул жерден алган билиминин жетеги менен өз өлкөсүнө мекенчил, өлкө мыйзамына сыйчыл, ата-энесине жана улууларга урмат кылган, айлана-чөйрөсүнө сүйүү бапестеген дүйнө таанымы кенен инсан болушун каалайбыз. Ошондуктан, ар кандай аша чапкандыктан алыс, динди эч убакта саясий пайда үчүн колдонбогон, заманбап техниканы колдоно билген аң-сезимдүү студенттерди тарбиялоо максатында окуу иштерин жүргүзүп жатабыз.

Жыйырма биринчи кылымдын талабына ылайык диний билимдерди окутуу сыяктуу эле информатика сабагына да маани берилүүдө. Информатика сабагын бул тармакта тажрыйбалуу окутуучу өтөт. Лабороториябыздагы компьютерлердин баары белгиленген программанын негизинде иштейт. Интернеттик байланыш студенттерибиз үчүн түзүлгөн мүмкүнчүлүктөрдүн бири болуп саналат. Студенттер интернет жана атайын даярдалган программалар аркылуу билимин өркүндөтүп, дүйнөлүк кабарлардан маалымат ала алышат. Айрыкча студенттер үчүн конференц залга түрдүү каналдардан тарткан телевизор жана DVD коюлган.

Кыскасын айта турган болсок, факультетибизде окуган ар бир студент бул жердеги эрежемыйзамдарга баш ийип, талыкпай окуса, жетик инсан болуп чыгаарында шек жок. Биздин студенттер өз эне тилинен башка дүйнөдө көпчүлүк тарабынан колдонулган төрт тилди үйрөнүп, компьютерди колдо билген, ар бир укканын жана көргөнүн туура талдап, туура жоромолдой алган, диний маалыматтарды негизги түпкү булактардан таба алган жана эл менен оңой баарлаша алган акыл көрөңгөлүү адам болуп турмушка кадам таштайт.

Кыргызстандагы элге белгилүү илимпоздор жана динаятчылар маал-маалы менен чакырылып, факультетибизде конференция беришет. Мындан тышкары факультеттин өзүндөгү мугалимдер да учурдун талабына ылайык түрдүү темаларда конференция беришет.

Факультетибизде спорттун түрлөрү боюнча да машыгуу мүмкүнчүлүктөрү бар.

Студенттер факультеттин жатаканасында жатышат. Жатакана Арашан суусунун жээгинде, бакдарактын арасында жайгашкан. Бул жер ошол эле учурда Кыргызстан жазуучуларынын эс алуучу жайы катары да кызмат кылып келет. Студенттерге үч маал ысык тамак берилет. Айнектей мизилдеген таптаза жатаканада студенттер үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Бизде билим берүү да, бардык шарттарды камтыган жатакана да акысыз. Ашкана кызматынын жигердүү иштеши үчүн гана аз өлчөмдө студенттерден акча алынат.

Бүтүрүүчүлөрүбүздүн айрымдары Кыргызстандын ЖОЖдорунда түрдүү илим багытында аспирантурада окуп жатышат. Айрымдарына Түркиянын кээ бир ЖОЖдорунда аспирантурада окуу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. Азыркы учурда кээ бир бүтүрүүчүлөр Түркияда аспирантурада окуп жатышса, кээ бири Хасаки тарбия борборунда жогорку дин илимдерин алып жатышат.

Биздин бүтүрүүчүлөрүбүз мектептерде «адеп» сабагы боюнча мугалим, медреселерде окутуучу боло алышат. Ошондой эле муфтияттын карамагында казылык, имамдык кызматтарды аркалай алышат.

Бүтүрүүчүлөрдүн кээ бири факультетибизде окутуучу жана асистент болуп иштеп жатышса, айрымдары эркин котормочу болуш иштеп келишет. Калган бүтүрүүчүлөрүбүз Кыргызстанда жеңил иш табуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Анткени алар өз эне тилинен башка төрт тилди билишет, компьютерди, интернетти жана башка программаларды эркин колдоно алышат, жат көрүнүштөрдөн оолак, адеп-ахлактуу жана ыймандуу жаштар. Мына ошол себептен соода иши менен алектенген көптөгөн фирмалар татыктуу кадрлар үчүн бизге кайрылышат.

Баштан бери айтылып келе жаткан мүмкүнчүлүктөргө ээ болууну каалагандар үчүн факультетибиздин эшиги ачык. Абитуриенттин факультетке катталышы үчүн 11- классты бүтүрүшү негизги шарт. Мындан тышкары сынактан зор жетишкендик менен өтүшү керек. Окууну каалаган абитуриенттер 2009-жылдын 4-5-июлунда боло турган биринчи сынак үчүн 1-июндан баштап документтерди алдын ала тапшырышы керек. Бул сынакка жетише албай калгандар үчүн 2009-жылдын 15-16-августунда экинчи сынак өтөт. Экинчи сынакка кирүүнү каалаган абитуриенттер 15-августка чейин документтерин тапшырышы зарыл.

Документтерди тапшыруу үчүн төмөнкү дарекке кайрылсаңыздар болот: Чүй облусу, Аламүдүн району, Арашан айылы, Садатбек Сатыбек уулу көчөсү №36;

Тел: (0312) 42-00-63.

akbashat@yahoo.com

### АКЫРКЫ ПАЙГАМБАРДЫ ЭСКЕРҮҮ КЕЧЕЛЕРИ БОЛУП ӨТТҮ

Алла Тааланын акыркы Элчиси Мухаммад (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбарыбыздын урматына көп жылдардан бери туулган күнүнө карата куттуу жумалык аземи салтанаттуу түрдө өткөрүлүп келе жатат. Бул иш-чара быйыл да өлкөбүздүн ар кайсы дубанында миңдеген мусулмандардын катышуусу менен өткөрүлдү. Атап айтсак, Кыргызстан Мусулмандар Дин Башкармалыгы менен бирге «Адеп башаты» коомдук прогрессивдүү фонду, Түркиянын Диянет Иштери Башкармалыгы жана Арашан Гуманитардык Институтунун теология факультети жана башка бир топ коомдук уюмдар бул иш чараны майрамдык маанайда көпчүлүктүн катышуусунда өткөрүштү. Ошондой эле бул салтанаттуу иш-чара менен куттуктап, Орто Азияга белгилүү болгон «Ясауи» вокалдык тобу келип өз өнөрлөрүн көрсөтүп кетишти.

### БИРИНЧИ ЕВРОПАЛЫК МУСУЛМАН ИНТЕРНЕТ-ТЕЛЕБЕРҮҮСҮ МОСКВА ШААРЫНДА ТАРТУУ КЫЛЫНДЫ

Өткөн аптада Москва шаарында «EMIN.TV» - биринчи европалык мусулман интернет-телеберүүсү тартуу кылынды. Бул иш чара медиа тармагындагы адистер, мусулман уюумдарынын жана бизнес уюмдарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда өткөрүлдү. Ошондой эле бул иш-чарага европа жана бир катар мусулман өлкөлөрүнүн элчилери да чакырылган.

Жаңы түзүлгөн Европалык Ислам Медиа Тармагынын (EMIN - European Media Islamic Network ) негизинде интернет-телеберүүсүнүн орду жөнүндө тармактын демилгечилеринин бири, Испаниядагы Ислам ассоциациясынын спикери Юсуф Фернандез сөз сүйлөдү. «EMIN.TV» тарабынан проектин продюсери жана «Ислам.Ру» веб сайтынын башкы редактору Марат Сайфутдинов сунуштады.

«EMIN.TV»нин долбоору Европалык Ислам Медиа Тармагынын алкагында даярдалган. EMIN 2008-жылдын 14-15-ноябрь күндөрү Испаниянын борбору Мадрид шаарында болуп өткөн конференцияда да сунуш кылынган болучу. Аталган тармакка Россия, Британия, Франция, Германия, Испания, Италия, Босния и Герцеговина, Голландия, Финляндия, Швеция, Сербия, Чехия, Черногория, Эстония өңдөнгөн Европа өлкөлөрүнүн жыйырмадан ашуун башкы сайттары кирген.

«EMIN.TV»нин дагы бир өзгөчөлүгү жеке эле Европа өлкөлөрүна гана эмес, ошондой эле Евразия өлкөлөрүнө да эшиги ачык. Бул долбоорго Түштүк Кавказ жана Орто Азия өлкөлөрү да катышууда.

EMIN тармагынын максаты медиа чөйрөдө Европа мусулмандарынын образын, коомдун өнүгүп-өсүшүнө кошкон салымдарын көрсөтүүгө, ошондой эле заманбап дүйнөгө Ислам дининин дөөлөттөрүн жеткирүүгө багытталган. Ошону менен бирге КМШ жана Европа өлкөлөрүндөгү мусулмандарынын кызыкчылыгын, адамдык укуктарын коргоону көздөйт.

### ТҮШТҮК АФРИКА РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАҢЫ ИСЛАМДЫК ПАРТИЯСЫ УЛУТТУК АССАМБЛЕЯНЫН ШАЙЛООСУНА КАТЫШАТ

Түштүк африкалыктар ушул аптада боло турган шайлоого даярданып жаткан учурда өлкөнүн мусулман коомчулугу ойлонууга жаңы жаңылык менен таанышты. Тагыраак айтканда, улуттук ассамблеянын шайлоосуна ТАРда жаңы түзүлгөн исламдык партия да катыша тургандыгы маалым болду.

«Ал-Жамаат» деп аталган бул партиянын төрагасы Ханиф Хендрикс «IslamOnline»га берген интервьюсунда: «Чындыгында бул күчтүү партиянын түзүлүшү менен Түштүк Африкалык бардык мусулмандардын көптөн күткөн үмүттөрү жүзөгө ашты» деп билдирди.

«Ал-Жамаат» партиясы улуттук ассамблеянын жана жергиликтүү бийликтин шайлоолоруна катышууга мүмкүнчүлүк алуу үчүн өткөн жылы эле каттоодон өткөн. Партиянын төрагасы Хендрикс эгер шайлоодон ийгиликке жетишсе, эң биринчи иши катары өкмөттүн алдында мусулмандардын укугун коргой турган атайын комитет түзүүгө киришээрин маалымдады. Ошондой эле «ал-Жамаат» партиясы шарияттын негизинде кыйылган никени легализациялоого, башкача айтканда, жаш жубайлардын экинчи жолу муниципалдык орган ЗАГСка кайрылууга мажбур болбошуна шарт түзүүгө кызыкдар.

ЦРУнун берген маалыматы боюнча, мусулмандар Түштүк Африка Республикасынын 49 миллион калкынын 1,5% гана түзөт. Бул өлкөдө «ал-Жамаат» исламдык биринчи партия эмес. Мындан сырткары1994-жылы Африка Ислам партиясы улуттук ассамблеядан орун алууга күрөшсө да, натыйжасыз калган.

www.akbashat.kg